Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Р. ФАРМАНОВ, У. ЖОРАЕВ,
Ш. ЭРГАШЕВ**

# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ
## (XVI–XIX кылымдын 60-жылдары)

***Жалпы орто билим берүүчү мектептердин VIII класс окуучулары үчүн окуу китеби***

**Кайра иштелген жана толукталган төртүнчү басылышы**

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги сунушкылган*




***Cho'lpon атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү***
***Ташкент — 2019***

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 372.893=512.154(100)(075)
КБК 63.3(0)я721
Ф 88

**Жооптуу редакторлор:**

***Т. Бабаматов*** *– тарых илимдеринин кандидаты;*
***А.Т. Заманов*** *– тарых илимдери боюнча философия доктору.*

**Пикир билдиргендер:**

***Ё. Балтабаев*** *– Наманган мамлекеттик университети «Тарых» кафедрасынын ага окутуучусу;*
***Н. Хакимов*** *– Республикалык билим берүү борборунун методисти;*
***Г. Пасилова*** *– Ташкент шаарынын Мырза Улукбек районундагы 248-мектептин мугалими;*
***О. Эргашев*** *– Ташкент облусу Ахангаран районундагы 22-мектептин мугалими;*
***З. Мирзаев*** *– Ташкент облусу Пскент районундагы 15-мектептин мугалими.*

*Бул окуу китеби төмөнкү авторлор тарабынан жазылды: тарых илимдеринин кандидаты* ***Ш. Эргашев*** *(Киришүү бөлүмү, I бөлүм, II бөлүм, III бөлүмдүн 13-, 14-, 19-темалары, V бөлүмдүн 29-темасын, корутундуну, карта жана сүрөттөр), тарых илимдеринин доктору* ***Р. Фарманов***, ***У. Жораев*** *жана* ***Ш. Эргашевдер*** *(III бөлүмдүн 15-, 16-, 17-, 18-темалары, IV бөлүмдүн 20-, 21-, 22-, 23-, 24-, 25-, 26-, 27-, 28-темалары жана V бөлүмдүн 30-, 31-, 32-темалары).*
*Окуу китебинин методикалык структурасы* ***Ж. Абдуллаев*** *тарабынан даярдалды.*

***Шарттуу белгилер***

*Чыгармачыл тапшырма*

*Эске тут*

*Карта менен иштөө боюнча тапшырма*

*Интернет менен иштөөгө тиешелүү тапшырма*

*Өзүңдү сынап көр*

*Терминдердин түшүндүрмөсү*

*Көркөм-тарыхый чыгарма менен иштөө боюнча тапшырма*

*Эсиңде тут*

*Кино-фото-фоно материалдар менен иштөө*

*Суроо жана тапшырмалар*

**Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-05-656-5

**© Р.Фарманов жана башк., 2019**
**© Cho'lpon атындагы БПЧУ, 2019**
**© Cho'lpon атындагы БПЧУ, 2014**

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КИРИШҮҮ

## ЖАҢЫ ДООРДУН БАШТАЛЫШЫ

Ардактуу окуучу! Сен VII класста орто кылымдар тарыхын үйрөндүң. Орто кылымдарда да адамдар айыл чарбасына таянган экономика жана коомдо калыптанган салттардын негизинде жашоону улантышкан. Ошол себептүү адамзат тарыхынын бул доору **агрардык цивилизация** же **салттык коом** деп аталат. Бул коомдо адамдар катмарларга бөлүнүп жашаган жана байыртадан сакталып келаткан салттык үрп-адаттар, диний элестетүүлөр ушул цивилизациянын мүнөздүү жактары болуп эсептелет. Агрардык цивилизация адамзат тарыхында неолит доорунан башталып, XVIII кылымдын 60-жылдарындагы өнөр жай ыңкылабы жана анын негизинде жаңы коом калыптанганга чейин уланды.

Жаңы доордун башына келип, ири мамлекеттердин ортосунда Европада бийлик үчүн күрөш кызып кетти. Ошол учурда Батыш Европа мамлекеттеринде агрардык коомдун жемирилиши, жаңы цивилизациянын калыптануу жараяны күзөтүлдү. Бул жараян дээрлик төрт кылымга созулду жана Жаңы доордун аягына келип, адам өз көз карашы, элестетүүлөр ааламынын негизги жактары менен биз азыр көнүгүп калган абалга келди. Болуп өткөн өзгөрүү өтө чоң болуп, аны адамзат тарыхындагы ыңкылаптык төңкөрүш – эски коомдон цивилизацияга өтүү менен тендештирүү мүмкүн.

Сен VIII класста адамзаттын өнүгүүсүнүн кийинки баскычы – **Жаңы тары**х окуялары менен таанышууну баштайсың. Жаңы тарых адамдардын табигый тендиги, жеке адамдын эркиндиги жана аброю сыяктуу демократиялык түшүнүктөргө негизделген жаңыча көз караштын калыптанышы менен Орто кылымдардан айырмаланат. Жаңы доордун эң мүнөздүү жактарынан бири дүйнөнү жаңыча түшүнүүнүн негизинде адамдын демилгелүүлүгү, ишкерлиги үчүн кең мүмкүнчүлүктөр ачылышында көрүндү.

XVI кылымдан башталган бул өзгөрүүлөрдүн натыйжасында алгач Батыш Европада, кийин болсо Түндүк Америкада калыптанган жаңы коом капиталисттик коом деп атала башталды. Бул коомдун аты *«капитал»* сөзүнөн алынган. **Капитал** – өз ээсине пайда келтирүүчү өзүмдүк мүлк (фабрика, завод, кен, банк ж.б.) жана каражат, өзүн өзү көбөйтүүчү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

киреше болуп саналат. Бул кирешенин негизинде эркин ишкердик аракети жатат. Ошол себептүү капиталисттик коомдо өздүк мүлк жана жалданма эмгектен пайдалануучуларга кең мүмкүнчүлүктөр жаратылды.

Натыйжада, экономикалык турмуш дүркүрөп өстү, өнөр жай өндүрүшү жана соода өнүктү, капиталисттик мамилелер пайда болду. Өндүрүштүн жаңы формалары пайда болду, эмгек куралдары өркүндөдү, цехтердин ордун мануфактуралар ээлей баштады. Европалыктардын жашоосунда көптөгөн жаңылыктар, ишмердик, умтулуучулук сыяктуу жаңы белгилер пайда болду, алардын бир бөлүгү Чыгыштан кирип келди.

Мындан тышкары, Жаңы доор өнүккөн шаардын маданияты, Байыркы доор тарыхына болгон чоң кызыгуу, аны идеалдаштыруу, көркөм өнөрдүн тез турмушка ашуусу сыяктуулар менен да мүнөздөлөт. Чындыгында, көп учурларда кайгылуу кесепеттерди келтирип чыгаруучу согуштар, козголондор жана төңкөрүштөр эмес, адамдардын жаратмандык иш-аракети, туруктуу изденүү жана умтулуу руханият жана маданиятта, социалдык жашоодо жана экономикалык өсүүдө чоң оң өзгөрүүлөргө алып келди. Ушул өзгөрүүлөрдүн натыйжасында Батыш Европанын алдыңкы мамлекеттеринде капиталисттик коомдун негизинде өнөр жай өнүгүүсүнө негизделген жаңы цивилизация калыптанды жана ал **индустриалдык цивилизация** деп аталды.

Европада индустриалдык цивилизациянын тез өнүгүшү Жаңы тарыхтын негизги мазмунун түзөт. Дал ошол тез өнүгүү аркылуу Европа дүйнөдө жетекчи орунду ээледи, андан соң Жер жүзүнүн чоң бөлүгүн өзүнө баш ийдирди.

Дүйнө тарыхында **«Жаңы тарых»** доору XV кылымдын аягы – XVI кылымдын башындагы Улуу географиялык ачылыштардан башталат жана Биринчи дүйнөлүк согуштун аягы – 1918-жылга чейин болгон доорду өз ичине алат. Жаңы тарых, адатта, эки баскычка бөлүнөт. Анын **биринчи баскычы** – Улуу географиялык ачылыштардан XVIII кылымдын аягындагы Улуу француз буржуа төңкөрүшүнө чейинки доорду өзүнө камтыйт. **Экинчи баскыч** XIX кылымдын башынан Биринчи дүйнөлүк согуштун аягы – 1918-жылга чейин уланат.


Жаңы доордо болгон буржуа төңкөрүштөрү Орто кылым феодалдык тартиптерин бузуп таштады жана өндүрүштүн тез өнүгүшү үчүн кең жол ачты. Экономиканын тез өнүгүшү ушул доордо ишке ашырылган илим жана техниканын ийгиликтерине негизделди. Илим жана техниканын ортосунда үзгүлтүксүз байланыш калыптанды. Натыйжа XVIII кылымдын аягынан баштап, техника жана технологияларда улуу ойлоп табуу-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лар аткарылды. Бул ойлоп табуулар өндүрүштү өнүктүрүү үчүн өтө чоң мааниге ээ болду. Англис адиси Жорж Стефенсон тарабынан 1814-жылы ойлоп табылган паровоз темир жол транспортунун жайылуусун баштап берди. Атактуу физик жана химик окумуштуулар – италиялык Алессандро Вольта, англиялык Гемфри Деви жана Майкл Фарадей жана француз Андре-Мари Ампер электрден пайдалануунун негиздерин жаратышты. Энергиянын бул жаңы түрүнөн пайдалануу техниканын жаңы тармактарын өнүктүрдү, өндүрүштө, күндөлүк турмушта чоң өзгөрүүлөргө алып келди.



**Европа өнөр жай ыңкылабы доорунда**

Илимий жана техникалык ачылыштар өндүрүштүн химия, электротехника сыяктуу жаңы тармактарынын пайда болушу үчүн негиз жаратты. Эсептөө техникасы, өндүрүштү автоматташтыруу, жасалма материалдарды өндүрүү калыптана баштады. Бул ийгиликтердин көпчүлүгү XX кылымда да өндүрүштүн негизин түздү.

Жаңы доордо өзгөрүүлөр темпи өнүгүүнүн өткөн баскычтарына салыштырмалуу өтө тез болуп, илим жана техника тармагындагы ачылыштар өндүрүшкө тездик менен кирип барды.

Ошентип, XVIII кылымдын аягы – XIX кылымда илим жана техника тармактарындагы өтө чоң ийгиликтер өнөр жай төңкөрүшүнө алып келди. Өз кезегинде, өнөр жай төңкөрүшү агрардык цивилизациядан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өнөр жай өндүрүшү жана индустриалдык цивилизацияга өтүү үчүн негиз жаратты. Бул доордо өнөр жайда болгон жараяндардын натыйжасында машиналар өндүрүүдөн кол эмгегин сүрүп чыгарды, мануфактуралар фабрикаларга өз ордун бошотуп берди.

Жаңы доор Европа элдеринин тарыхында алардын жашоо мүнөзүн, коомдун руханий негиздерин бир нече жолу өзгөртүп жиберген төңкөрүштөр доору болчу. О.э, эзүүчүлүктүн таасирине түшкөн Азия, Африка жана Америка элдеринин тарыхында Жаңы доор эгемендүүлүк жана азаттык үчүн токтоосуз күрөштөр доору да болду. Бул доор Европада улуттардын жана толук монархия көрүнүшүндөгү улуттук мамлекеттердин калыптануу доору эле. Болуп жаткан ар бир өзгөрүүдө калыптанып жаткан жаңыча көз караштын таасири сезилип турчу. Эң оболу, бүткүл Орто кылымдарда өкүм сүрүп келген адамды акыл-эс, руханий кемсинтүүгө жана физиологиялык чектөөгө негизделген көз караштын ордуна жаңы, гуманисттик көз караш калыптана баштады. Бул көз караш калыптанып жаткан жаңы, индустриалдык цивилизациянын руханий негизи болду.

Бирок Жаңы доордо индустриалдык цивилизациянын калыптануусу үчүн зарыл болгон шарт Европа мамлекеттеринде гана пайда болду. Азия, Африка жана Түштүк Америкадагы көпчүлүк мамлекеттер XIX кылымдын башында да жарды, агрардык коом даражасында калып жаткан эле.

***Жаңы доордо болгон өтө чоң өзгөрүүлөр бүткүл дүйнө деңгээлинде алдыңкы өндүрүш усулдарынын таралышына, адамдардын жашоо мүнөзүнүн кескин жакшыруусуна, индустриалдык цивилизация баалуулуктарынын орношуна алып келди. Жаңы доордун аягына келип, дүйнөлүк карта өзүнүн негизги жактары менен заманбап көрүнүшкө ээ болду.***

**Капиталисттик коом** – өздүк мүлктүн негизин өнөр жай ишканалары түзө турган, о.э, өнүккөн базар экономикасы жана жогорку өнөр жай өндүрүшүнө негизделген коом.

**Индустриалдык цивилизация** – бул экономикада базар мамилелери калыптанган, коомдо саясий жана социалдык теңдик, укуктук мамлекет, адамдардын табигый укуктары, диний кең пейилдүүлүк сыяктуу баалуулуктар орногон тарыхый доор.

?!

1. *Адамзат тарыхынын кайсы доору агрардык цивилизация деп аталат?*
2. *Жаңы тарых кандай мүнөздүү жактары менен Орто кылымдардан айырмаланат?*
3. *Кандай коом капиталисттик коом деп аталат?*
4. *Кандай тарыхый доор индустриалдык цивилизация деп аталат?*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# I БӨЛҮМ. ЕВРОПАДА ЖАҢЫ ДООРДУН КАЛЫПТАНЫШЫ

## 1-тема: УЛУУ ГЕОГРАФИЯЛЫК АЧЫЛЫШТАР ЖАНА АЛАРДЫН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

**Географиялык ачылыштардын себептери.** XV–XVII кылымдарда Европалык саякатчылар тарабынан Африка, Америка, Азия жана Океанияга деңиз жолдорунун ачылышы жана бул аймактарда жаңы жерлердин ачылышы тарыхта **Улуу географиялык ачылыштар** деп аталган.



Орто кылымдарда адамзат тарабынан ойлоп табылган кандай маанилүү ачылыштарды билесиң?

Бул доордо илим жана техниканын өнүгүүсүндө европалыктар жетишкен ийгиликтер аларга жаңы жерлерди ачуу жана өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн берди.

XV кылымдын аягына келип, океандын толкундарына туруштук берүүчү, шамалга каршы сүзө алуучу парустуу кеме – **каравелла** жаратылды, кемелерди башкаруу аспаптары жана өнөрү кыйла өнүктү. Каравеллалар Атлантика океанынан коопсуз сүзүп өтө ала турган алгач-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кы кемелер эле. Эми өнүккөн компас, астролябия жана деңиз карталарына ээ болгон тажрыйбалуу деңиз саякатчылары бул кемелерде алыс аралыктарга сүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.



**Каравелла**

Улуу географиялык ачылыштар үчүн ошол доордо калыптанган Жердин тоголоктугу жөнүндөгү элестетүүлөр жана Атлантика океанынан сүзүп өтүп, жомоктогудай бай эсептелген Индияга деңиз жолун ачуу идеясы чоң түрткү болду. Азияга европалыктар тарабынан Жер ортолук деңизи аркылуу өздөштүрүлгөн соода жолдору XV кылымда Византия империясы кулагандан соң Түркия мамлекети тарабынан жаап коюлду. Натыйжада, Европа Чыгыштан келе турган кездемелер, боёктор, зер буюмдары, таттуулар жана татымалдардан айрылып калды. Бул жагдай европалыктарды жаңы соода жолдорун издөөгө мажбур кылды. Соодагерлер бул азыктарды Европага алып келип сатуудан чоң байлык арттырууга үмүт кылышчу.

**Португалиялыктардын географиялык ачылыштары.** Атлантика океанын бойлой сүзүүнү португалиялыктар баштап берди. Португалия Европанын эң Батыш бөлүгүндө жайгашкан, Атлантика океаны менен чектеш мамлекет. Бул жагдай жана узак деңизчилик тажрыйбасы португалиялыктарга Улуу географиялык ачылыштарда жетекчилик кылуу мүмкүнчүлүгүн берди.

Португалиялыктардын географиялык ачылыштардагы ийгиликтери ханзада **Генрих Деңизчинин** аты менен байланыштуу. Бул эр жүрөк деңизчи баштап берген жаңы жерлерди ачуу жана өздөштүрүү жараяны Португалияга чоң даңк жана байлык алып келди. Португалиялыктар Африка жээктерин бойлоп сүзүп, XV кылымда Мадейра аралын, Канар жана Азор аралдарын ачышкан. XV кылымдын аягында **Бартоломеу Диаш** башчылыгындагы экспедиция Африканын түштүгүндөгү тумшукту айланып өттү жана Инд океанына чыкты. Индияга деңиз жолунун ачылышына үмүт байлаган деңизчилер бул тумшукка **Жакшы Үмүт тумшугу** деп ат беришти. Чындыгында алар ушул жерден артка кайткан болушса да, Б. Диаштын ачылышы Африканы айланып өтүп, Индияга деңиз аркылуу жол ачуунун келечегин жаратты.

Ошол учурда Африкада жаңы жерлердин ачылышы бул материктин узак жылдар европалыктар тарабынан талануусун, Африка элинин кул кылынып, Европа жана Америкага сатылуу жараянын баштап берди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Американын ачылышы.** Португалиялык деңиз саякатчыларынын ийгиликтери коңшу испандарда да бул ишке чоң кызыгуу ойготту. Жердин тоголоктугу жөнүндөгү элестетүүдөн келип чыккан **Христофор Колумб** аттуу деңиз саякатчысы Испания королуна Атлантика океанын бойлой батышка карай сүзүп, деңиз аркылуу Индияга жол ачууну сунуш кылган. Бирок мындай тобокелчиликке ыраазы боло турган деңизчилерди табуу жана саякатты каржылоо өтө оор болду. Акыры, Х. Колумб башчылыгында уюштурулган испан экспедициясы үч тез сүзүүчү парустуу кемеде жолго чыгып, **1492-жылы 12-октябрда** Багама аралдарынын курамына кирүүчү бир аралга жетип келди жана аны «Сан-Сальвадор» («Ыйык куткаруучу») деп атады. Ошентип Америка материги ачылды. Ушундан соң Х. Колумб дагы үч экспедиция уюштуруп, алардын жүрүшүндө Антил аралдары, Түштүк жана Борбордук Америка жээктерин ачты. Ал өзү ачкан жерлердин Индия экендигине ишенген. Ошол себептен бул жерлердин калкын **индеецтер** деп атады.

Х. Колумбдун ачылышынын маңызын түшүнүүдө **Америго Веспуччи** жасаган саякат чоң мааниге ээ болду. Ал жаңы ачылган жерлерге XV кылымдын аягы – XVI кылымдын башында бир нече жолу саякат уюштуруп, аларда бул жерлер Индия эмес, таптакыр жаңы материк экен-




**Индияга деңиз жолунун ачылышы. 1497–1499-жылдар**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дигин далилдеди. Эми бул жаңы материк анын урматына **Америка** деп атала баштады.

**Индияга деңиз жолунун ачылышы.** Жаңы жерлердин ачылышы португалиялыктарда чоң кызыгуу ойготту. Дагы бир деңизчи **Васко да Гама** башчылыгындагы экспедиция 1497-жылы Африканы түштүктөн айланып өтүп, Инд океанына чыкты. Алар Африка жээктерин бойлой сүзүп, араб деңизчиси – **Ахмад ибн Мажиддин** жардамында 1498-жылы Индияга жетип келди. Бул жерден көптөгөн азыктарды жүктөгөн деңизчилер 1499-жылы Португалияга кайтып келди. Дээрлик эки жылга созулган саякатта экспедиция мүчөлөрүнүн көбү каза болду. Бирок ошого карабастан, Васко да Гама экспедициясынын ийгилиги Европага чоң таасир көрсөттү. Европалык соодагерлер Чыгышка аттанышты. Индиядан Европага татымалдар жана таттуулар алып келген соодагерлер өтө чоң пайда ала башташты. Ошентип, Индияга туруктуу деңиз жолу ачылды.

1519-жылы португалиялык дагы бир деңизчи – **Фернандо Магелландын** экспедициясы Американын түштүгүндөгү бир кысыкты айланып өтүп (кийинчерээк Магеллан кысыгы деп аталды), бейтааныш жана тынч болгон чоң океанга чыкты. Океандын башка маалдарда бороондуу болоорун билбеген Ф. Магеллан аны Тынч океаны деп атады. Океанда узак сүзүүдөн, ачкачылык жана оорудан, ошондой эле жаңы ачылган аралдардагы жергиликтүү калк менен болгон кагылышууларда экспедиция мүчөлөрүнүн көбү, о.э., Ф. Магеллан да каза болду. Экспедициянын тирүү калган мүчөлөрү Жер шарын айланып сүзүп, 1522-жылы өздөрү жөнөп кеткен Испания жээктерине жетип келди. Деңизчилерден өтө аз адам тирүү калды. Ф. Магеллан ачкан деңиз жолу практикалык мааниге ээ болбоду, андан узак убакыт эч ким пайдаланбады. Бирок бул ачылыш Жердин тоголоктугун иш жүзүндө далилдеди.

- Улуу географиялык ачылыштар – бул ...
- Васко да Гама ишке ашырган ачылыш ...
- 1492-жылы ...
- 1519–1522-жылдарда ...

**Тынч океаны бассейниндеги географиялык ачылыштар.** XVI кылымдын экинчи жарымы – XVII кылымдын башында испан деңизчилери Тынч океаны бассейнине бир нече экспедиция уюштурду. Бул экспедицияларда Сулайман (Соломон) аралдары, Түштүк Полинезия жана Меланезия ачылды.

Деңизчилер **«Түштүк Жер»** – Австралияны издөөнү улантышты. **1606-жылы** испан деңизчиси **Луис Торрес** Азия менен Австралиянын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Австралиянын ачылышы**

аралыгындагы кысыктан сүзүп өтүп, жаңы материктин жээгине жетти. Ушул жылы голландиялык **Виллем Янцзон** жаңы материк жээктерине келип түштү жана аны Голландиянын мүлкү деп жарыялады. Ушундай түрдө Австралия ачылды. XVII кылымдын ортолорунда голландиялыктар Австралиянын жээктерин изилдей баштаашты. **Абель Тасман** Индонезия жээктеринен чыгышка карай сүзүп, Австралияны түштүктөн айланып өттү жана кийинчерээк **Тасмания** деп аталган аралды ачты.

**Улуу географиялык ачылыштардын натыйжалары.** Улуу географиялык ачылыштар дүйнөлүк өнүгүүгө өтө чоң таасир тийгизди. Алар европалыктардын дүйнө жөнүндөгү көз караштарын байытты, башка материктер жана ал жердеги элдер жөнүндөгү жаңы билимдерди калыптандырды. Жаңы билимдер баштап Европада, кийин башка материктерде да өнөр жай жана сооданын өнүгүшү үчүн чоң түрткү болду. Негизги соода жолдору Жер ортолук деңизинен Атлантика океанына көчтү жана сооданын характерин түптөн өзгөрттү.

**Х. Колумбдун** экспедициясы **1492-жылы 12-октябрда** Багама аралдарына жетип келди.

**XVI кылымдын экинчи жарымы – XVII кылымдын башында** испан деңизчилери Сулайман аралдары, Түштүк Полинезия жана Меланезияны ачышты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок жаңы жерлерди өздөштүрүү баш ийдирилген элдерди аяныч-туу эксплуатациялоо менен кошо алып барылды, **дүйнөлүк колониалист-тик режим калыптанды**. Басып алуу жараянында жергиликтүү калктын бир бөлүгү кырылып кетти, байыркы цивилизациялардын көптөгөн очок-тору жок кылынды, баш ийдирилген мамлекеттердин элдери калыпта-нып жаткан капиталисттик мамилелерге зордук менен тартылды жана өз эмгеги менен европада капитализмдин өнүгүү жараянын тездетти. Ушундай түрдө алар жаңы индустриалдык цивилизациянын калыптануу-суна өз салымдарын кошушту. Улуу географиялык ачылыштардын эң терс кесепеттеринен бири кул соодасынын эл аралык деңгээлде өнүгүшү болду.

***Улуу географиялык ачылыштар себеп европалыктардын Жер жүзү жана анын калкы жөнүндөгү көз караштары толук өзгөрдү. Америка, Азия жана Африкада Европа мамлекеттеринин колониялары пайда бо-луп, акырындап дүйнөлүк колониалисттик режим калыптанды.***

**Каравелла** – XV–XVII кылымдарда Европада кеңири тараган парустуу кеме.

**Экспедиция** – атайын белгиленген максат менен уюштурулуучу саякат.

**Буржуазия** – капиталисттик коомдо эмгек куралдары жана өндүрүш кара-жаттарына ээлик кылуучу жана алардан киреше табуучу башкаруучу катмар.

?!

1. *Эмне үчүн Индияга батыштан жол ачуу зарылдыкка айланып калды?*
2. *Американын ачылышы европалыктардын турмушунда кандай өзгөрүүлөргө алып келди?*
3. *Американын түпкүлүктүү элинин маданияты жөнүндө эмне билесиң?*
4. *Улуу географиялык ачылыштар Американын жергилктүү элинин тагдырында кандай роль ойноду?*

**Карта менен иштөө боюнча тапшырма**

Текстте келтирилген карта менен тааныш жана Улуу географиялык ачы-лыштарды жасаган мамлекеттерди өздөштүрүлгөн же «жаңы ачылган» аймак-тар менен салыштыр.

«Улуу географиялык ачылыштардын натыйжалары төмөнкүлөр...» темасында эссе жаз.

n.ziyouz.com сайтынан Жюль Верндин «Он беш жаштуу капитан», «Жердин борборуна саякат» чыгармаларын көчүрүп ал жана оку. Өз алдынча «Деңиз саякатынын артыкчылыктары төмөнкүлөр...» темасында эссе жаз.

Темага тиешелүү «Колумб» же Жюль Верндин «Он беш жаштуу капитан» чыгар-масынын негизинде тартылган көркөм фильмдерди көр жана жыйынтык чыгар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-тема: ЖАҢЫ ДООРДУН БАШЫНДА БАТЫШ ЕВРОПА МАМЛЕКЕТТЕРИНДЕ ИНДУСТРИАЛДЫК КООМДУН КАЛЫПТАНЫШЫ

**Жаңыча экономиканын калыптанышы.** Улуу географиялык ачылыштардан соң Америкадан алтын, күмүш жана башка баалуу металлдар Европа базарларына көп келтирилди. Королдор мамлекетте өндүрүлгөн азыкка салыштырмалуу кыйла көп алтын жана күмүш теңгелерди басып чыгарышты. Акча көбөйгөн шартта кол өнөрчүлөр жана соодагерлер банкрот болбостук үчүн өз товарларынын баасын көтөрүүгө мажбур болушту. Ошентип жүз жылдар бою өзгөрүүсүз келген нарк кескин өсө баштады. Бул жараян **«нарк ыңкылабы»** деп аталды. Европа мамлекеттеринде адамдар тиричилик үчүн акча табуунун жаңы жолдорун издөөгө түшүштү. Көп үй-бүлөлөр эми мурдагыдай натуралдык чарба жүргүзө албастан, азыктын бир бөлүгүн базарда сатууга мажбур болду. Натыйжада, Европада **товар өндүрүүчү чарбалар**, б.а. базарда сатууга арналган азык өндүрүүчү чарбалардын саны артып барды.

Европада алгачкы уюшулган кайсы биржаларды билесиң?

**Капиталисттик мамилелердин пайда болушу.** Базар мамилелери тез өнүгүп жаткан Англия, Нидерланд королдугу жана Франция сыяктуу мамлекеттерде соодагерлер дүң соодага күчтүү талап сезе башташты. Алар эми маал-маалы менен өткөрүлүүчү ярмаркаларга азык алып баруунун ордуна, ири шаарларда түзүлгөн жана **биржа** деп аталган атайын жайларда өз азыктарын жарыялай башташты. Ушул жерде кардарлар менен алды-сатты келишими түзүлүп, азык келишилген жерге жөнөтүлчү.

Биржалар менен бирге, заманбап банктардын пайда болушу да Жаңы доор цивилизациясынын чоң жетишкендиги болду. Орто кылымдарда банктардын ролун акча майдалай турган акча алмаштыруучу дүкөндөр аткарчу. **XV кылымда** заманбап көрүнүштөгү алгачкы банк – Генуядагы Олуя Георгий банкы пайда болду.

Кийин Батыш Европанын башка мамлекеттеринде да соодагерлерди тейлөөчү ушундай банктар пайда болду. Биржа жана банктар Европада соода жана өнөр жайдын өнүгүүсүндө өтө чоң роль ойноду.

Кооп чоң болгон алыскы аралыктар менен соода кылуу үчүн соодагерлер **акционердик компанияларына** бириге баштады.



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алар компаниянын жалпы чыгымдары үчүн каражат кошуп, пайдадан өз үлүшүн алуу укугун берүүчү кымбат баалуу кагаз — **акцияга** ээ болушчу.

Базарларда азыктын көбөйүшү натыйжасында аны өндүрүүчү жана сатуучулардын ортосунда **атаандаштык** пайда болду. Атаандаштыкта жеңилип, банкрот болбостук үчүн азыкты тез, сапаттуу жана арзан өндүрүү талап кылынат эле. Ошол себептен Европада азык өндүрүүнүн техника жана технологиясы тез өнүктү, жаңы ачылыштар көбөйдү, азыктын баасы арзандап, адамдардын жашоо деңгээли жакшырып барды.



**Жаңы доордун башында Европа базарларынан бири**

- Акционердик компаниялары — бул ...
- Акция ...
- Биржа — бул ...

Дыйкандар Орто кылымдардагы **үч талаалуу** эгүүдөн **көп талаалуу** эгүүгө өттү. Натыйжада, айыл чарба азыктарынын түшүмдүүлүгү артып, сатуу үчүн азык көбөйдү. Буудайды жанчуу, шахтадан **суу чыгаруу** үчүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

суу чаркпалеги жана **шамал тегирмени**нен кеңири пайдаланыла башталды. Токардык, токуучулук ж.б. эң жөнөкөй станоктор жаратылды.

Батыш Европада соода жана техниканын өнүгүшү натыйжасында баары өз капиталын көбөйтүүгө киришти. Мисалы, шаардагы эң бай токуучу же соодагер түрдүү жолдор менен кол өнөрчү токуучуларды банкрот кылган. Ошондон соң алардын жиптерин, боёкторун, токуу станокторун арзанга сатып алып, өзүн ишке чакырган. Бир чоң имараттын астында көптөгөн кол өнөрчүлөр топтолуп, алардын ар бири бир иш, мисалы, кимдир кездемени токуу, башкасы аны боёо сыяктуу иштер менен алектенген. Бул эмгек өнүмдүүлүгүн кескин арттырып, азыктын сапатын жакшырткан. Өндүрүштө машиналар али колдонулбаган чоң ишканалар **мануфактура** деп аталат. **Мануфактура** – кол эмгегинин негизинде даярдалган азык деген маанини билдирет.

Мануфактурада өндүрүлгөн даяр азыктын бардыгы анын ээсине таандык болчу. Ал азыкты базарда сатып, пайданын бир бөлүгүн жалданма ишчилерге иш акы катары берчү. Ошентип Батыш Европада **капиталисттик мамилелер** калыптана баштады. Капиталисттик мамилелердин калыптанышы базар шартында майда товар өндүрүшү өнүгүүсүнүн мыйзамдуу натыйжасы болду. Ал акырындык менен Орто кылымдык феодал мамилелерин сүрүп чыгарды.

**Жаңы коомдун адамдары.** Капиталисттик мамилелер тез өнүккөн Батыш Европа мамлекеттеринде адамдардын жаңы тиби – **ишкер**лер пайда болду. Ишкер ким эле? Ишкер өзүнүн жеке ийгилигине жетүү үчүн ар кандай ишке, иш-чарага даяр болгон тажрыйбалуу адам эле. Эски гилдиядан чыгып акционердик компаниясына мүчө болгон соодагер өз цехин таштап мануфактурага кирген кол өнөрчү, айылдык жамаат курамынан чыккан жана жерди феодалдан ижарага алып фермерге айланган кечээки дыйкан ишкер болушу мүмкүн эле. Бул ишкерлердин бардыгы жалданма эмгектен пайдаланышчу, базарда атаандаштык кылчу жана капитал чогултчу. Ошентип коомдун жаңы катмары – **буржуазия** пайда болду.

Байып кеткен буржуазия өкүлдөрү эски ак сөөктөрдөй кийинип, өздөрүнө салабаттуу үйлөр кура баштады. Алар өздөрү жашай турган аймактарды таза жана абат кылды, натыйжада Орто кылымдардагы холера, өлөт сыяктуу жугуштуу оорулар чегинип, эл тез көбөйдү. Бай буржуазия өкүлдөрү эски ак сөөктөр менен кудачылык кылып, өздөрүнө жогору аброй жана сыйлыктар сатып алды. Буржуазиянын бул катмары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**жаңы ак сөөктөр** деп аталды. Алар дээринде ишкердикке жакындыгы менен эски ак сөөктөрдөн айырмаланчу.

> **XV кылымда** заманбап көрүнүштөгү алгачкы банк – Генуядагы Олуя Георгий банкы пайда болду.
>
> **Базарларда** азыктын көбөйүшүнүн натыйжасында аны өндүрүүчү жана сатуучулар ортосунда атаандаштык пайда болду.

Бирок баары эле жаңыча турмушта өз ордун таба албады. Майыптар жана жетимдердин абалы мурдагыдан да оордоду. Тез арада миндеген ишсиздер да алардын катарына келип кошулду. Алардын бир бөлүгү мануфактуралар жана фермерлердин жерлерине ишке жалданды. Ошентип жаңы коомдо жалданып иштөөчү дагы бир катмар – **ишчилер** пайда болду.

Айыл чарбасын жүргүзүүнүн жаңы формасы жана жаңыча жашоо мүнөзү түрдүү катмар өкүлдөрүн бири-бирине жакындатты. Эми алар бири-биринен мурдагыдай укук жана милдеттери менен эмес, капиталынын бар же жоктугу, киреше деңгээли менен айырмаланат эле. Адамдар бири-биринен капиталынын бар экени жана киреше деңгээлине карай айырмалануучу коом **класстык коом** деп аталат.

Жер-мүлкүнөн, үйү жана эмгек куралдарынан айрылган, өз каалоосу менен капиталистке ишке жалдануучу жана эмгеги үчүн иш акы алуучу адамдар **жалданма ишчилер – пролетариаттар классына** бирикти.

Ошентип Батыш Европада коомдун катмардык бөлүнүшү аяктап, жаңы, класстык бөлүнүү калыптанды жана заманбап цивилизациянын негизги белгилери орной баштады.

**Жаңы доордогу Европа шаарлары.** Шаарлардын өнүгүшү ар дайым алардын географиялык жайгашуусуна байланыштуу болгон. Европалыктар тарабынан Индия жана Америкага деңиз жолдорунун ачылышы маанилүү соода жолдорунун багытын өзгөртүп, бир топ шаарлардын тез өнүгүшүнө алып келди. Алгач Португалиянын Лиссабон жана Испаниянын Севилья шаарлары тез өнүктү. Бул шаарларга Индиядан товарлар, Америкадан баалуу металлдар көп келтирилет эле. Жаңы соода жолдорунан четте калган Италиянын шаарлары, тескерисинче, өздөрүнүн мурдагы маанисин жоготту.

- Мануфактура – …
- Жаңы ак сөөктөр – бул …
- XVI кылымдын экинчи жарымынан …



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XVI кылымдын экинчи жарымынан Европанын соода түйүндөрү Түндүк деңиз жээктерине көчтү. Бул жерде негизги соода борбору Нидерланд королдугунун **Антверпен** шаары болуп калды. Бирок Антверпен да тез эле өз беделин жоготту. Англиянын ылдам экономикалык өнүгүүсү анын борбору **Лондон** шаарын Европанын негизги соода борборуна айландырды. Темза дарыясынын боюнда жайгашкан Лондон өтө тез өнүктү, шаарда жаңы порттор, ишчилер үчүн көп кабаттуу үйлөр, соода катарлары жана сейил бактары пайда болду.

Орто кылымдарда эле Европанын эң ири шаарына айланган **Париж** да өнүгүүнү улантты. Ал Батыш Европадагы эң чоң борборлошкон мамлекет – Франциянын борборуна айланды. Бирок XVI кылымдагы диний согуштар жана холера эпидемиясында он миндеп париждиктер каза болду, шаардын өнүгүшү жайлады.

***Жаңы доордо илим, техника жана өнөр жайдын өнүгүшү Батыш Европа мамлекеттеринин социалдык-экономикалык түспөлүн өзгөртүп жиберди. Жаңыча экономика жана капиталисттик мамилелер калыптанды. Жаңы коомдун негизги класстары – капиталист жана пролетариат пайда болду. Негизги баалуулугу адам эркиндиги жана теңдиги болгон жаңы, индустриалдык цивилизация орной баштады.***

**Капитал** – бул мүлк, жалданма эмгектен пайдаланып, кошумча пайда алуу каражаты.

**Гилдия** – бул өз мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын коргоо үчүн түзүлгөн соодагерлер жана кол өнөрчүлөрдүн уюму.

**Пролетариат** – бул өндүрүштүк куралы жана жабдуусунан айрылган жалданма ишчи.

?!

1. *Биржа жана банктар Европада соода-өнөр жайдын өнүгүшүндө кандай маанилүү орунду ээлейт?*
2. *XVI кылымдын экинчи жарымынан баштап соода түйүндөрү Европанын кайсы аймагына көчтү жана эмне үчүн?*
3. *Батыш Европада капиталисттик мамилелер кантип калыптана баштады?*
4. *Заманбап көрүнүштөгү алгачкы банк качан жана кайсы аймакта пайда болду?*

**Интернет менен иштөөгө тиешелүү тапшырма**

Интернеттен «Жаңы доордун башында Батыш Европа мамлекеттеринде коомдун социалдык-экономикалык турмушу» темасына тиешелүү сүрөттөрдү издеп тап жана сүрөттүү кластер түз.

Теманын текстинде кара түстө берилген терминдерди кошумча адабияттардан өз алдынча издеп, маанисин дагы да тереңирээк өздөштүрүп, дептериңе жаз.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3-тема: ЕВРОПАДА РЕФОРМАЦИЯ

**Реформация босогосундагы Европа коому.** Орто кылымдарда дин Батыш Европа коомунун турмушунда күчтүү таасирге ээ эле. Бирок доордун аягына келип, адамдардын арасында учурдагы диний тартиптерге наааразылык күчөдү. Эми чиркөө тартиптери көптөгөн европалыктарды канааттандырбай койду. Чиркөө иш-чаралары латын тилинде жүргүзүлүп, бул тил жөнөкөй адамдар үчүн түшүнүксүз болчу. Ошондой эле, алар христиандардын ыйык китеби – Инжилди да түшүнүшпөйт эле. Жашоо кыйындап калган Жаңы доордун башында дыйкандар жана шаардык кедейлер кыйынчылык менен иштеп тапкан жана үй-бүлөсүн багууга араң жетүүчү акчасынын бир бөлүгүн чиркөө жана анын кызматкерлерине берүүнү каалабайт эле. Дин кызматкерлеринин баалуу кийимдери жана жасалгалары, чиркөөнү кооздоого колдонулуучу айкел жана сүрөттөр акчанын баркын билген үнөмчүл ишкерлердин кыжырын келтирчү. Дин кызматкерлери чогулткан өтө чоң байлыктардын бир бөлүгүн **индульгенциялар** – күнөөлөрдү кечиргендиги жөнүндө Рим папасынын атайын жарлыгын сатуудан түшүүчү акчалар түзгөн. Акчалуу адамдар, атүгүл али жасап үлгүрбөгөн күнөөлөрү үчүн да индульгенцияларды сатып алышчу. Папа жана кардиналдар ар түрдүү куулуктар менен Европа өлкөлөрүнүн ички иштерине кийлигишчү, мындан болсо өкүмдарлар наараазы эле.

**Реформациянын башталышы.** Коомдогу жалпы наараазылык шартында Батыш Европада христиандык чиркөөсүн реформалоо үчүн аракет башталып, бул жараян ***Реформация*** (*реформа* – islohot) деп аталды. Жаңы доордун башында бытыранды княздыктардан турган Германиянын ички иштеринде чечүүчү ролго католик чиркөөсү талапкерлик кылчу. Германияда өтө чоң жерлер, атүгүл бүтүндөй бир шаарлар да католик чиркөөсүнө таандык эле. Индульгенция сатуучу дин кызматкерлери жана чиркөө салыктарын жыйноочулар бүткүл Германияны бойлой кезип жүрүшчү.


Орто кылымдарда католик чиркөөсү кайсы факторлор себеп өзүнүн кудуретине жетишкен эле?

Реформация **1517-жылы** Германиянын Виттенберг университетинин теология предмети профессору Мартин Лютердин **«95 тезис»** деп аталуучу индульгенцияларга каршы чакырыгы менен башталды. Чындыгында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**XVI кылымда Европадагы Реформация**

илимий талкуу үчүн ылайыкташкан ушул тезистер латынчадан немис тилине которулуп, бүткүл Германияны толкундантты. М. Лютердин бул кылыгы Рим папасынын кыжырын келтирди. Ал М. Лютерди Вормс шаардык сотуна чакырды. Папа М. Лютерден өз идеяларынан баш тартышын талап кылды, бирок ал папага баш ийүүдөн жана индульгенциялардын сатылуусун жактоодон баш тартып, сотто жалындуу доклад жасады. М. Лютердин соттогу сөзү элди толкундантып жиберди. Анын жактоочулары өз мазхабын жана чиркөөсүн түзүштү. Алар **лютерандар** деп аталды.



**Мартин Лютер**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Европада **Реформация** – католиктик чиркөөнү реформалоо жараяны ушундайча башталды.

**Дыйкандар согушу.** Европада салттык коомдун кризиси жана капиталисттик мамилелердин өнүгүшү ак сөөктөр менен княздарда өз кирешесин ашыруу каалоосун күчөттү. Алар жамаатык жерлерди ээлеп алып, дыйкандардын үлүшүн кыскартты, натуралдык жана акча түрүндөгү чогултмаларды, дыйкандардын иштеп берүү милдеттемелерин арттырышты. Америкадан дан жана күмүштүн агып келүүсү натыйжасында болгон нарк төңкөрүшүнөн да, оболу, Европа жабыр тартты. Дыйкандардын оор абалы аларды козголоң көтөрүүгө мажбур кылды.

Дыйкандар козголону **1524-жылдын** жазында Германияда башталды. **Элдик Реформация** деп аталган бул козголоңго дин кызматкери **Томас Мюнсер** башчылык кылды. Козголоң тез арада бүткүл Германияны курчап алды жана **Улуу дыйкандар согушу** деген наам алды. Анда он миңдеген дыйкандар катышты. Бир жылдан ашыкка созулган козголоң 1526-жылдын башында жеңилүүгө учурады. Анын көптөгөн катышуучулары катуу жазаланды, Т. Мюнсер өлтүрүлдү.



- Лютерандар – бул ...
- Реформация – бул ...
- «95 тезистин» маани-мазмуну – бул ...

Ошондон соң рейхстаг (парламент)да көпчүлүк болгон католиктер Реформациянын ийгиликтерин бекер кылуу сунушу менен чыкты. М. Лютердин жактоочулары болсо буга нааразылык билдирди. Ошол маалдан баштап алар **протестанттар** (*протест* – нааразылык) деп атала башталды.

**Кальвинизм жана Реформациянын Европага жайылышы.** Реформация бүткүл Европаны бойлой тарады. Протестанттыктын жаңы агымдары пайда болду. Алардан бирине Женева шаарында француз **Жан Кальвин** негиз салды. «Дуба оку жана иште!» деген ураан Ж. Кальвин окуусунун негизи болду. Бул ураан байлык арттырууну негизги максат кылган жаңы ак сөөктөр жана буржуазияга жакты. Алар Ж. Кальвинди колдоп-кубатташты. Реформация Европада католик чиркөөсүнүн жеке бийлигине чек койду. Реформацияга каршы күрөштүн күчөшүнө карабастан, бир топ Европа мамлекеттери Рим папасына баш ийбей койду. Протестанттык мамлекеттеринде королдук бийлик күчөп, чексиз укуктарга ээ болду. Көп мамлекеттерде улуттук чиркөөлөр түзүлдү. Протестанттыктын Инжилди өз алдынча окуу, Кудай алдында жеке жоопкер-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чилик сезими сыяктуу өзүнө мүнөздүү жактары элдин арасында **индивидуализмдин** өнүгүшүнө жардамдашты. Инжилди өз алдынча окуу зарылдыгы адамдарды сабаттуу болууга үндөдү, протестанттык мамлекеттеринде сабаттуулуктун артышы үчүн маанилүү фактор болду.

Реформация натыйжасында пайда болгон протестанттык бүткүл Европага жайылды жана христиандыктын жаңы окуулары жана жаңы чиркөөлөрдүн калыптанышына алып келди.



**Игнатий Лоёла Рим папасынын алдында**

**Реформацияга каршы күрөш (контрреформация)**. Католик чиркөөсү Кайра жаралуу жана Реформацияда өз көрүнүшүн тапкан диний наразылык менен келише албайт эле, о.э., жарашууну каалабайт да эле. Ошол себептүү Реформацияга каршы күрөшүү үчүн Рим папасы 1540-жылы **«Иса коому»** же иезуиттер («*Иезус*» – Иисус, Иса) орденин жарыялады. Иезуиттердин алдына «адашкан аламанды чиркөөгө кайтаруу» милдети коюлду. «Иса коомунун» негиздөөчүсү испан ак сөөгү **Игнатий Лоёла** болду. Реформация себеп бир топ Европа мамлекеттеринде бийликти колдон чыгарган Рим папасы бар күчү менен өз беделин кайра калыбына келтирүүгө умтулду. Саясий жактан бытыранды болгон Италия Папа башкарган католиктик реакциянын бардык коркунучун өзүндө туйду. Папа динден кайткандарды жазалоону инквизиция сотуна тапшырды. Динден кайткандар соттун өкүмүнө көрө отто күйдүрүлдү.

**1524-жылы** Германияда дыйкандар козголоңу башталды. Элдик Реформация деп аталган бул козголоңго дин кызматкери Томас Мюнсер башчылык кылды.

**Рим папасы 1540-жылы** Реформацияга каршы күрөшүү үчүн «Иса коому» же иезуиттер («Иезиус» – Иисус, Иса) орденин жарыялады.

Католик чиркөөсү алдыңкы илимий жана философиялык пикирге каршы күрөштү. Күйдүрүлүшү керек болгон, тыюу салынган китептердин тизмеси жарыяланды. Католик чиркөөсү тарабынан протестанттарга каршы колдонулган бардык иш-чаралар тарыхта **контрреформация** аталышын алды.

XVI кылымдагы контрреформация жараянында Батыш Европа католик жана протестант бөлүктөргө ажырап кетти. Германия, Франция сыяктуу мамлекеттердин эли бири-бирине душман эки диний мазхабга бөлүнүп, бири-бирине каршы согушушту. Бул согуштарда он миңдеген



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

адамдар өлдү. Бирок Реформацияга каршы күрөш толук жеңиши мүмкүн эмес эле. Чынында бул доордо Европада илим жана маданияттын өсүүсү, капиталисттик мамилелердин орной башташы, адамдардын эркиндик жана эгемендүүлүккө карай умтулуусу католиктик чиркөөнүн негиздерин кыйратты. **Реформация** – бул католик чиркөөсүнүн кризис доору болду.

- Протестанттар – бул ...
- Индивидуализм – бул ...
- Кальвинизм – бул ...
- Контрреформация – бул ...

***Реформация тарыхта терең из калтырды, Европа коомунун руханий, саясий жана экономикалык характерин өзгөртүп жиберди. Реформация натыйжасында улуттук чиркөөлөр пайда болду, светтик бийлик чыңдалды, улуттардын калыптанышы жана улуттук мамлекеттердин өнүгүшү үчүн шарт түзүлдү. Реформация индустриалдык цивилизациянын орношун тездетти, адамдын эркиндиги жана демилгелүүлүгүнө кең жол ачылып, демократиялык баалуулуктар калыптанды.***

?!

1. *Европада Реформациянын башталышына кандай факторлор себеп болгон?*
2. *Германияны курчап алган **Улуу дыйкандар согушу**нун негизги себептери эмнелерден турат?*
3. *Кальвинизм протестанттык диний окуусу катары кайсы жактары менен элди өзүнө карата алды?*
4. *«Иса коому» же Иезуиттер орденинин максаты эмнелерден турат?*
5. *«Дуба оку жана иште!» ураaны Орто кылымдарда Орто Азиядагы кайсы диний окуу принциптерине шайкеш келээрин тап. Мисалдар келтир.*

**Карта менен иштөө боюнча тапшырма**

Картадан пайдаланып, Батыш Европада Реформация болуп өткөн аймактарды аныкта.

Темада кара түстө берилген терминдерди кошумча адабияттардан тап жана мазмунун чечмелеп, дептериңе жаз.

## 4-тема: БАТЫШ ЕВРОПАДА ЖАҢЫ ДООР МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

**Кайра жаралуу доору маданияты.** Жаңы доордун башында Европанын көптөгөн мамлекеттери болуп көрбөгөндөй маданий өсүүгө жетишти. Илимдин өркүндөөсүндөгү ийгиликтер адамдардын аалам жөнүндөгү көз караштарын өзгөртүп жиберди, маданий байланыштарды кеңейтүүгө



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мүмкүнчүлүк бере турган жаңы горизонттор ачылды. Илим жана көркөм өнөрдө чоң өзгөрүүлөр болду. Аалымдар, чыгармачылдар идеал жана үлгү издеп Антикалык доордун маданиятына кайрылышты.

Мурда илим жана адабияттын тили болгон латын тилинин ордуна итальян, испан, француз сыяктуу элдик тилдер өнүктү. XVI кылымда жашаган француз акыны бул жараянды өз ырында мындай баяндаган:

*Мен өтмүштү үйрөнүп, өздүгүмө жол таптым,*
*Шыр болду сүйлөгөнүм, сөздөрүм мааниге жык.*
*Ырлардын даамын татып, күүдөн ырахат таптым,*
*Римдик жана грек өңдүү, француз болду ыйык.*

Ошентип, XIV кылымга келип, мурда унутуп жиберилген антикалык маданият кайра калыбына келе баштады жана бул жараян **Ренессанс – Кайра жаралуу** аталышын алды. Кайра жаралуу Жаңы доордун босогосунда турган коомдун руханий жаңылануусунда чоң роль ойноду. Адамдын бул дүйнөдөгү өз ордун кайра таануу, тагдырдан тартуу күтүп эмес, активдүү жаратман болуп жашоо сезими жаңы индустриалдык цивилизациянын калыптанышында негизги факторлордон бири болду.

**Гуманизм.** Кайра жаралуу доорунда адамга карата мамилелерде чоң бурулуш болду. Адамдар жашоонун шаттыгын баалоого үйрөндү, табиятка, коомго, адамга жаңыча көз караштa карай турган болушту. Өзүн курчаган ааламга сыйкырдуу эмес, светтик, адамдык көз караштын жактоочулары **гуманист** (*humanus* – адамдык) деп аталды. Гуманисттер адам жөнүндөгү Орто кылымдык көз караштарын четке какты, алар ар бир адамдын уникалдуулугун жана баркын көрсөтүүгө умтулушкан. Билим жана эркин пикир өзүнө жол ачып барган. Орто кылымдардагы куугунтуктоо жана чектөөлөрдөн соң илим жана көркөм өнөр диний тыюудан чыккан. Гуманисттер алгач чиркөө тарабынан куугунтукталды, алардын чыгармалары өрттөлдү. Бирок XVI кылымга келип көптөгөн дин кызматкерлери жана атүгүл Рим папалары да гуманизм идеялары менен кызыгып, гуманисттерге өз ойлорун эркин билдирүү мүмкүнчүлүгүн берген. Гуманизм XIV кылымдын ортолорунда алгач Италияда пайда болду. Кийинчерээк башка мамлекеттерде да итальян гуманисттеринин издештери жана жактоочулары көбөйдү.



**Томас Мор**

Англияда алардын идеялары акылдуу саясатчы жана королдун биринчи министри **Томас Мор** (1478–1535)го күчтүү таасир көрсөттү. Ал өз чыгар-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Уильям Шекспир

масында идеалдуу мамлекеттин үлгүсүн жаратып, аны «Утопия» деп атады. Утопия «бар болбогон жер» маанисин билдирет. Ошондон бери кыялдагы, чындыгында болбогон адилеттүү коом жөнүндөгү чыгармалар жана аларда алга сүрүлгөн идеяларды «утопия» деп аташат.


**Адабият жана көркөм өнөр.** Кайра жаралуу доорунун адабияты жана көркөм өнөрүндө өз доорунун улуу адамдары чыгармачылык кылышкан. Берешен табият алардын ар бирине көп кырдуу сейрек талант тартуулаган эле. Мындай сейрек жөндөм ээлеринен бири **Уилям Шекспир** (1564–1616) болгон.

Ал: «Адам – табияттын ажайып укмушу», деп эсептечү. Шекспир театрга көңүл койду. Актёр, драматург болуп да чыгармачылык кылды. Ал адамдарды курчаган дүйнөнү сахна, ал эми адамдарды болсо актёрлор деп элестетчү. Шекспир келечек муундарга «Отелло», «Гамлет», «Король Лир» жана «Ромео жана Жульетта» сыяктуу белгилүү чыгармаларын мураска калтырган.



Мигель де Сервантес

Бул доор адабиятынын дагы бир ири ишмери, испан жазуучусу **Мигель де Сервантес** (1547–1616). Анын белгилүү «Дон Кихот» чыгармасынын каарманы – дүйнө кезүүчү Дон Кихот адилетсиздик аламындагы соңку айкөл рыцар. Айланасындагы адилетсиздиктер анын айкөл дилин кыжырга толтурат. Ал чыныгы рыцар сыяктуу кордолгондорду коргоого аттанат.



«Мона Лиза»

**Сүрөт өнөрү.** Кайра жаралуу доору маданиятынын дагы бир улуу өкүлү италиялык **Леонардо да Винчи** (1452–1519) эле. Ал бир маалдын өзүндө сүрөтчү, акын, архитектор, айкелчи, музыкант жана ойлоп тапкыч аалым эле. Леонардо сүрөт тартуу өнөрүн «көркөм өнөрлөрдүн ханышасы» деп атаган.

Леонардонун чыгармаларынын каармандары кудайлар жана олуялар эмес, жөнөкөй адамдар эле. Анын эң белгилүү чыгармаларынан бири – «Мона Лиза» («Жоконда»).

Чыгармада Мона Лиза көрүүчүгө тике карап турат, эриндеринде сезилээр-сезилбес жылмаюу, «ал ушунчалык жагымдуу дейсин, сүрөттү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көрүп адамдыктан да көбүрөөк ыйык азык аласың...», деп жазган эле ошол доор тарыхчыларынан бири. Бул доордун улуу сүрөтчүлөрүнөн дагы бири италиялык **Рафаель Санти** (1483–1520) эле. Ал болгону 37 жыл жашаган. Бирок ушул кыска доор ичинде өз атын түбөлүктүүлүккө калтырган чыгармаларды жарата алган. «Сикстин мадоннасы» ал жараткан чыгармалардын ичинде эң белгилүүсү. Анда жыланаяк Бүбү Мариям кудум булуттарды баспай жаткандай, акырын, алардын үстүндө учуп жүргөндөй өз тагдырын утурлап чыгууда. Али бөбөк Исанын карашы чоңдордукундай олуттуу. Ал кудум келечектеги азап жана өлүмдү алдын ала сезип жаткандай. Эненин карашында да кайгы жана кабатырлык бар. Ал алдын ала эмне болоорун билет. Ошого карабастан, уулунун өмүрүнүн акысына Кудайды көздөй жолдору ачыла турган адамдарга карай алга умтулат.



**«Сикстин мадоннасы»**

Дагы бир белгилүү сүрөтчү **Рембрандт** (1606–1669) жараткан чыгармалардын ичинде эң белгилүүсү «Адашкан уулдун кайтышы» сүрөтү эле. Инжилде үй-бүлөсүн таштап кетип, узак убакыт тентип жүргөн, бардык байлыктары түгөнгөн соң, артка кайткан уулун ата кечирет жана үйүнө кабыл алат.



**«Адашкан уулдун кайтышы»**

Рембрандт өз чыгармасында ата жана уулдун учурашкан маалын чагылдырган. Адашкан уул үйдүн босогосунда тизе бүгүп турат. Жыртык кийим жана чачсыз баш өткөн өмүр түйшүктөрүнөн кабар берет. Картайып сокур болуп калган атанын бармактары уулунун ийинине тийип турат. Кол аракети бул дүйнөдөн дээрлик үмүтүн үзгөн адамдын жаркын шаттыгын жана чексиз сүйүүсүн сүрөттөйт.


- Уильям Шекспирдин ишмердүүлүгү – ...
- Леонардо да Винчинин ишмердүүлүгү – ...
- Ренессанс – бул ...
- Утопия – бул ...





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


«Давид»


Николай Коперник


Жордано Бруно


Галилео Галилей

**Айкелчилик.** Бул доордун айкелчилери айкелчиликти көркөм өнөрлөрдүн ичинде биринчиси, ал адамды, анын сулуулугун башка өнөр түрлөрүнөн жакшыраак даңктайт, деп эсептешкен.

Алардын эң таанымалы италиялык **Микеланжело Буонарроти** (1475–1564) эле. Ал өзүнүн өлбөс чыгармалары менен тарыхта түбөлүк из калтырды.

Өнөрпоз жараткан «Давид» айкели анын атын түбөлүктүүлүккө жазды. Инжил уламыштарына көрө, жаш койчу жигит Давид коркунучтуу дөө сымал Голиаф менен алышууну чечет жана аны таш менен уруп өлтүрөт.

Айкелчи Микеланжело болсо алышуу алдында турган Давидди сүрөттөгөн. Анын жүзү кыжырлуу. Бул айкел өзүнүн бийиктиги жана кооздугу менен ушу кезге чейин жаратылган бардык чыгармаларды артта калтырды.

**Илим.** Адамдын өзүн курчаган дүйнөгө кызыгуусу артып барды жана бул Жаңы доордун негизги өзгөчөлүктөрүнөн бири болуп калды. Бул доордо аалымдар илимде болуп көрбөгөндөй ачылыштарды жасашты.

Улуу поляк астроному **Николай Коперник** (1473–1543) 30 жыл бою асман телолорун күзөтүп, Жер Күндүн айланасында жана өз огу айланасында айланат, деген жыйынтыкка келди. Бул жыйынтык илимде чоң жаңылык эле.

Италиялык **Жордано Бруно** (1548–1600) аалам түбөлүк жашайт, ал эч качан жок болбойт, деген жыйынтыкты ишенимдүү илгери сүрдү, ааламдын чексиздиги жана түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү теорияны түздү. Чиркөө бул ойду кудайсыздык деп баалады жана аалымды отто күйдүрүүгө өкүм кылды.

Башка италиялык улуу аалым **Галилео Галилей** (1564–1642) Коперниктин окуусун улантып, гелиоцентрдик теорияга негиз салды. Галилейдин ааламды таанууга кошкон салымы чоң. Ал евро-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

палык аалымдардын арасынан биринчи болуп асман телолорун телескопто байкады.

Европа илиминин өнүгүүсүндө улуу англис аалымы **Исаак Ньютон** (1643–1727)дун кызматы чоң болду. Ньютон механика жана астрономиянын теориялык негиздерин жаратты, бүткүл дүйнөлүк тартылуу мыйзамын иштеп чыкты, күзгүлүү телескопту ойлоп тапты.



**Исаак Ньютон**

Дагы бир англис аалымы **Жон Локк** (1632–1704) болсо философиянын өнүгүүсүнө чоң салым кошту. Ж. Локктун негизги кызматы адамдын табигый укуктары: жашоо, эркиндик жана мүлк укуктары жөнүндөгү окууну жараткандыгында.



**Жон Локк**

Ал, о.э., «бийликти бөлүү» – аткаруу бийлигин мыйзам чыгаруучу бийликтен ажыратуу жөнүндөгү окууну да иштеп чыкты.

***XVI–XVIII кылымдарда Европада Жаңы доор маданияты калыптанды. Көркөм өнөр жана илим тез өнүктү. Англия буржуа ыңкылабы, Түндүк Америкада эгемендик үчүн күрөш, француз ыңкылабы жараяндарында пайда болгон адамдардын эркиндиги жана теңдиги жөнүндөгү идеялар дагы узак убакыт көптөгөн элдердин күрөшүнүн мазмунуна айланды.***

?!

1. *Уилям Шекспирдин чыгармачылыгынын өзүнө мүнөздүүлүгү эмнеде?*
2. *Леонардо да Винчи жана Рафаель Сантинин чыгармачылыгынын негизин кандай идеялар түзөт?*
3. *XVI–XVIII кылымдарда Европада астрономия илими кандай ийгиликтерге жетишти?*
4. *Жон Локктун идеялары бүгүнкү күн мамлекеттик башкаруусунда кандай орун тутат?*

Жаңы доор Европа маданияты өкүлдөрүнүн ишмердигин окуу китебиндеги тексттин жардамында талда жана ушул негизде түстүү кластер даярда.

Интернетте *Европа Ренессанс маданияты доору*на виртуалдуу экскурсия жаса. Алган таасирлеринди дептеринe жадыбал түрүндө жаз.

Италия Кайра жаралуу доорунун өкүлдөрүнө арналган «Мурас» (Meros) көркөм фильмин көр жана жыйынтык чыгар.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# II БӨЛҮМ. XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА ЕВРОПА ЖАНА АМЕРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

## 5-тема: АНГЛИЯДА КОРОЛДУК БИЙЛИКТИН КҮЧӨШҮ. XVII КЫЛЫМДАГЫ АНГЛИЯ БУРЖУА ЫҢКЫЛАБЫ

**Королдук бийликтин күчөшү.** Абсолютизм. Соода жана өнөр жайдын өнүгүшү Англияда салыктар түшүмүн кескин ашырды. Эми мамлекеттен айлык ала турган аткаминерлер (чиновниктер) жана үзгүлтүксүз армия королдун ар кандай буйругун аткарууга даяр эле. Бул королду бай ак сөөктөрдүн таасиринен куткарды. Натыйжада, королдун чектелбеген бийлиги жөнүндөгү идея калыптанды. Ошол идеянын негизинде Батыш Европа мамлекеттеринде калыптанган бийлик **абсолюттук монархия** же **абсолютизм** деп аталды.

> Англияда «Эркиндиктин улуу хартиясы» деп аталган документ качан кабыл алынган?

Абсолютизм Англияда XVI кылымда калыптанды. Ошол доордо королдук бийлиги күчөп, **Генрих VIII Тюдор** чиркөөнү гана эмес, катмар-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лардын өкүлдөрүнөн турган парламентти да өзүнө баш ийдирди, айрым өз алдынча Түндүк графтыктар жана Уэлс да королдук бийликти тааныды.

**1558-жылы** бийликке келген **Елизавета I** өзүнүн 45 жылдык бийлиги доорунда Англиянын тез өнүгүшү, дүйнөнүн алдыңкы мамлекетине айланышына чоң салым кошту. Мамлекетте Реформация өз аягына жетти. Мамлекет кудуреттүү болду, айыл чарбасын өнүктүрүүдө жана деңиз соодасында ийгиликтерге жетишилди. Англия акырындык менен күчтүү деңиз мамлекети – «деңиздер ханышасы»на айланды.



**Елизавета I – Англиянын ханышасы**

1603-жылы Елизавета I дин өлүмү менен тюдорлор династиясы бүттү. Ошондон кийин Англиянын тактына стюарттар династиясынан болгон **Яков I** отурду. Стюарттар шотландиялык эле. Анын доорунда абсолютизмдин кризиси күчөдү, буржуа төңкөрүшү үчүн экономикалык, саясий жана идеялык негиздер калыптанды. Булардын бардыгы **1640-жылы** башталган Англия буржуа ыңкылабына даярдык болду.

**Англия буржуа ыңкылабы босогосунда.** Жаңы, капиталисттик мамилелерге негизделген тартиптердин орнотулушунда англис буржуа төңкөрүшү чоң мааниге ээ болду. Бул төңкөрүш Англияда гана эмес, бүткүл Европада капиталисттик мамилелердин үстөмдүү тартипке айланышын баштап берди. Бул доордо активдүү тышкы саясат натыйжасында келечектеги Британия колониячылык империясынын негиздери жаратылды. Америкадагы биринчи колония – Виржинияга негиз салынды. Илимде Френсис Бекон, адабиятта Уильям Шекспир сыяктуу ишмерлердин аттары бүткүл дүйнөгө белгилүү болду.

**Ыңкылаптын себептери.** Капиталисттик мамилелердин өнүгүшү жана Реформациянын натыйжасында англис коомунда бөлүнүү болду. Жаңы ак сөөктөр капитализмдин өнүгүшүнөн таламдуу болсо, король жана чиновниктер эски тартиптердин сакталып калышын каалашчу. Ошондой шартта стюарттардын жаңы королдук династиясы англис парламенти жана **пуританттык** (кальвинисттер Англияда ушундай аталган) чиркөөсүнө каршы күрөшкө киришип кетти. Пайда болгон карама-каршылыктар ыңкылаптын башкы себебине айланды.



- 1603-жылда ...
- 1640-жылда ...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Англия буржуа ыңкылабы**

Король менен парламенттин ортосундагы талаш Карл I доорунда дагы да курчуду. Король парламентти таратып жиберди. Англияда Карл I дин жеке бийлиги орнотулуп, бул мезгилде соодагерлер, жаңы дворяндар, эркин пикирлүү динчилдер мамлекеттик иштерден таптакыр четтетилди.

**Ыңкылаптын башталышы.** 1640-жылдын башына келип, казына бошоп калды. Мамлекетте көптөгөн ачтардын козголоңу, Лондондо болсо көчө тартипсиздиктери болуп өттү. Шотландия Англияга каршы аскердик аракеттерди баштап жиберди.

Ошондой шартта 1640-жылы жаңы парламент куралды. Бул парламент узак убакыт таратылбаганы үчүн **«Узак мөөнөттүү парламент»** аты



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

менен тарыхка кирди. Бул ыңкылаптын башталышы эле. Узак мөөнөттүү парламент бир нече маанилүү реформаларды ишке ашырды. Парламенттин абсолютизмге каршы каратылган алгачкы токтомдорунан бири король министрлеринин сотко тартылышы болду. Көптөгөн жогорку кызматтагы аткаминерлер, епископтор, судьялар камакка алынды. Чындыгында ишке ашырылган бул өзгөрүүлөр, өз маанисине көрө, Англия мамлекети режиминде болгон ыңкылаптык төңкөрүш эле.

**Король менен парламент ортосунда жарандык согуш.** Англия парламент менен королдун жактоочулары болгон бири-бирине душман эки лагерге бөлүндү. Парламентти соодагерлер, ишкерлер жана жаңы дворяндар колдоп-кубаттады. Эски тартиптерден кызыкдар болгондордун баары – ири жер ээлери болгон ак сөөктөр жана аларга көз каранды дыйкандар, сарай аткаминерлери, англис чиркөөсү королдун желеги астында биригишти.

**1643-жылдын** аягына келип, мамлекет аймагынын төрттөн үч бөлүгү королдун бийлиги астында эле. Парламент болсо элди согушка үндөөгө коркчу. Бирок тез арада парламенттин жаңы союздашы болгон Шотландия армиясы Англия жерине кирип келди. Шотланддар менен парламент жактоочуларынын бириккен кошууну король кошуунунун үстүнөн женди.


**Оливер Кромвель**

Бул жеңиште **Оливер Кромвель** кол башчылыгы астында атчан аскерлер негизги ролду ойноду. Король жана анын артынан бүткүл армиясы качып кетти. Согуш парламенттин толук жеңиши менен аяктады.

**Парламенттик реформа.** Король армиясынын жеңилиши парламентке маанилүү өзгөртүүлөр жасоо мүмкүнчүлүгүн берди. Ак сөөк жер ээлери тактын пайдасына төлөнүүчү феодалдык салыктардан бошотулду. Жер алардын жеке мүлкүнө айланды. Соодагерлер эми соода кылууга уруксат кагаз сатып албай турган болду. Чиркөө парламентке баш ийдирилди, король, анын жактоочулары жана епископтордун жерлери болсо конфискацияланды.




**1640-жылда** чакырылган парламент узак убакыт таратылбаганы үчүн «Узак мөөнөттүү парламент» аты менен тарыхка кирди.

**1643-жылдын** аягына келип, Англия аймагынын төрттөн үч бөлүгү королдун бийлиги астында эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ыңкылаптын аякташы.** Англиянын конституциялык монархияга айланышы. Парламенттин токтому менен Англияда королдук бийлик жана лорддор палатасы жоюлду. **1649-жылы 19-майда** Англия республика деп жарыяланды. Бул учурга келип, О. Кромвель башчылыгындагы ыңкылапчыл армия  Ирландияны баш ийдирүү үчүн ал жерге бастырып кирди. Баскынчылык жараянында Ирландия элинин көп бөлүгү курман болду. О. Кромвелдин ыңкылапчыл армиясы ушундай түрдө баскынчы армияга айланды. Бул армия Ирландиядан соң Шотландияга да бастырып кирди. Аёосуз салгылашуулардан кийин жеңилген Шотландиянын эгемендүүлүгү  түгөтүлдү.

Ошондон кийин эски парламент таратып жиберилди. Мамлекетте О. Кромвель протектораты (*протектор* – демөөрчү, коргоочу) орнотулду. Аткаруу бийлиги толук протектордун колуна өттү.

**1688-жылдагы «Даңктуу төңкөрүш».** Кромвелдин өлүмүнөн соң 1660-жылы тактыга келген Карл II абсолюттук бийликке болгон талабынан баш тартты. Анын мураскору Яков II болсо католик динин кайра калыбына келтирүү үчүн аракет баштады. Ошондон соң 1688-жылы парламент Яков II ни тактыдан түшүрдү жана Англия тактына Голландиянын өкүмдары ханзада Виллем ван Ораньени сунуш кылды. Ал парламент койгон талаптардын негизинде тактыга отурду. Ошол доордон баштап, эң маанилүү маселелерди король эмес, парламент чече турган болду. Королдук бийлик парламент тарабынан чектелди. Ошентип Англияда **чектелген же конституциялык монархия** орнотулду. Бул Англиянын тарыхында **«Даңктуу төңкөрүш»** наамын алды.

- 1643-жылдын аягы ...
- 1649-жылы 19-май ...
- Жон Лилберндин ишмердиги ...
- 1688-жылы ...

**Англия буржуа ыңкылабынын натыйжалары жана тарыхый мааниси.** Англия буржуа ыңкылабы абсолютизмди жок кылды. Ынкылап феодал мүлкчүлүккө сокку берди, бирок бүтпөй калды, себеби дыйкандарды жердин толук ээлерине айландырбады жана аларды феодалдык көз карандылыктан бошотподу. Ошондой болсо да, ынкылап Англияда капиталисттик мамилелердин кийинки өнүгүүсүндө чечүүчү мааниге ээ болду. Бул ынкылап натыйжасында айыл чарбасында да капиталисттик мамилелер тез өнүгө баштады, өнөр жай төңкөрүшү башталды.

Коомдо да өзгөрүү болду – өнөр жай буржуазиясы жана ишчилер классы өнүгө баштады.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**XVIII кылымда Англия.** XVIII кылымда бийлик толугу менен эки палата – лорддор палатасы жана жамааттык палатадан турган парламенттин колунда эле.

**1707-жылы** парламент Англия менен Шотландия ортосундагы уния (союз)ны мыйзамдаштырды. Эми мамлекет **Улуу Британия** деп атала баштады.

**1714-жылы** Англия тактында турган ораньелер династиясынын акыркы өкүлү каза болду. 1701-жылы кабыл алыган «Так мураскорлугу жөнүндөгү биллге» негизделип, парламент ганноверлик немис князьдары династиясынан Яков I дин мууну Георг I ди Англия тактысына сунуштады. Ганноверликтер протестанттар эле жана англис тактысын XVIII кылымдан баштап XIX кылымдын башына чейин ээлеп турган. Бүткүл XVIII кылым бою Улуу Британия Франция менен болгон кескин күрөштөр жараянында Түндүк Американы, Индияны, Африкадагы көптөгөн аймактарды ээлеп алды жана ушундай түрдө Улуу Британия колониячылык империясына негиз салды. Англия «деңиздер өкүмдарына» айланды.

***Мамлекетте укуктук мамлекет, жарандык коому курала баштады. Англия буржуа ыңкылабы жана анын идеялары башка Европа мамлекеттеринин өнүгүүсүнө чоң таасир көрсөттү. Ынкылап жарыялаган саясий принциптер жана орноткон экономикалык тартип жаңы индустриалдык цивилизацияга негиз салды.***

**Абсолютизм** – мамлекетти башкаруунун формасы. Анда монархтын бийлиги таптакыр чектелбеген.

**Пуритандар** – XVI кылымдын экинчи жарымында кальвинизмдин негизинде Англияда калыптанган христиан дини мазхабдарынан бири.

**Лорддор палатасы** – Англия парламентинин жогорку палатасы.

**Кромвел протектораты** – (протектор – демөөрчү, коргоочу) Англия буржуа ыңкылабынын аяктоочу баскычы. Бул доордо Англия, Шотландия жана Ирландия өкүмдары – протектору Оливер Кромвель болгон.

*1. Абсолютизм Англиянын тарыхында кайсы кылымда калыптанды?*
*2. Англиянын тарыхында тюдорлор династиясынын өкүлдөрү кандай иштерди аткарышкан?*
*3. Англия буржуа ыңкылабынын башталышынын негизги себептери?*
*4. Англиянын тарыхында О. Кромвель кандай орун ээлейт?*

**Чыгармачыл тапшырма**

Теманын текстин «Инсерт» жадыбалынын негизинде талда жана ошол аймакка тиешелүү тексттеги маалыматтарды айтып бер.



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Картадан пайдаланып, Англия буржуа ыңкылабы болгон аймактарды аныкта.

Интернет жардамында Англия тарыхында тюдорлор династиясы доорунда жасалган социалдык-экономикалык жана саясий жараяндарды талда. Тарыхый окуяларды хронологиялык удаалаштыкта дептериңе жаз.

Темага тиешелүү «Тюдорлор» сериалын көр жана жыйынтык чыгар.

## 6-тема: XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Жаңы доорго келип, Европанын саясий картасы заманбап көрүнүшкө ээ болуп барды. XVII–XVIII кылымдарда Европа мамлекеттеринин дүйнөдө таасир чөйрөсүнө ээ болуу жана аймактар үчүн күрөштөрү кийинки доорлор үчүн өзгөчө мааниге ээ болду. Европа цивилизациясы дүйнөлүк коомчулуктун экономикалык, технологиялык жана аскердик-саясий жетекчисине айланды. Европа цивилизациясынын баалуулуктарын бүт дүйнөгө жаюу үчүн узакка созулган күрөш башталды. Бул күрөштө дүйнөлүк базарды пайда кылган жана өз колониялары жана жарым колония мамлекеттеринин элдерин бул жараяндарга тарткан Европа цивилизациясы алгачкы жалпы дүйнөлүк цивилизацияга айланып барды. Дал ушул жараяндар XVI–XVIII кылымдардагы эл аралык мамилелердин да мазмунун түздү.

Европанын эл аралык мамилелери үчүн Орто кылымдарда болуп өткөн «Жүз жылдык согуш» кандай мааниге ээ?

XVI–XVIII кылымдардагы эл аралык жаңжал жана согуштардын бир нече себептери бар эле. Биринчиден, Европанын келечеги жөнүндө эки түрдүү позиция бар эле: Австриядагы бийликчил габсбургдар династиясы католик император башчылыгында бирдиктүү империя болушу керек десе, Англия жана Франция Европада көз карандысыз улуттук мамлекеттер болушу керек, деп эсептечү.

Экинчиден, XVI кылымда Европа католик жана протестант диний мазхабдарына бөлүнүп кеткен эле. Алардын ортосундагы карама-каршылыктар Европа бойлой диний согуштарга алып келди.

Үчүнчүдөн, экономикалык карама-каршылыктар – колониялар, базарлар жана деңиз соода жолдорундагы бийлик үчүн күрөш да согуштарга себеп болду.

http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

- XVII–XVIII кылымдарда Европа мамлекеттеринин ...
- XVI–XVIII кылымдардагы эл аралык мамилелердин мазмуну – ...
- XVI кылымда ...

Бул доордо кызыкчылыктары дайыма өз ара туш келген мамлекеттер Франция, Испания жана Англия эле. Айрыкча, бири-бири менен чектеш Франция жана Испаниянын ортосунда чегара аймактар жана коңшу мамлекеттер, оболу, Италияга таасир көрсөтүү үчүн тез-тез карама-каршылыктар болуп турчу. Бул жаңжалдар акыры Италия согуштарына алып келди. Согуштун натыйжасында Италия испан королуна баш ийдирилди. Эл аралык мамилелердин дагы бир маанилүү фактору Европага туруктуу кооп салып турган Осмонийлер империясы болду. Осмонийлер империясы Азия жана Африкада өтө чоң аймактарды ээлеп алган эле. Түрктөр түз эле Габсбургдар империясы чектерине кооп сала баштады. Франция жана Англия болсо Габсбургдардын күчүн басаңдатуу максатында Осмонийлер империясы менен жакшы мамилелер орнотту.

**Отуз жылдык согуш.** XVII кылымдын башына келип, диний негизде башталган эл аралык жаңжалга католиктер менен протестанттардын ортосунда тең салмактуулукту сактоого аракет кылган көптөгөн Европа мамлекеттери тартылды. Согуш 1618–1648-жылдары болуп өттү жана тарыхка **Отуз жылдык согуш** аты менен кирди. Согуш немис католиктери жана протестанттары ортосундагы диний жаңжал түрүндө башталды. Согуш аракеттери негизинен Германия аймагында жүрдү жана бүткүл Европа элдерине өтө чоң кырсыктар алып келди. Отуз жылдык согуш 1648-жылы Вестфал тынчтык келишими менен аяктады. Вестфал тынчтык келишими Европа мамлекеттери ортосундагы жаңы мамилелерге негиз салды. Ага ылайык, Голландиянын Испаниядан көз карандысыздыгы таанылды. Вестфал тынчтык келишими католиктер менен протестанттар ортосундагы душмандыкка чек койду. Католик жана протестант чиркөөлөрүнүн тендиги таанылды. Германия бытыранды княздыктар мамлекети болуп кала берди. Европада Франциянын ролу ашты. Отуз жылдык согуш диний жаңжалдарды аскердик жол менен чечүүгө умтулуунун натыйжасыздыгын көрсөттү. Ошол учурда, согуш эл аралык мамилелерде маанилүү чегара болду жана баштапкы Жаңы доордо Европанын өнүгүүсүнө өзүнө мүнөздүү жыйынтык да жасады.

**Испания тактысы үчүн күрөш.** 1700-жылы Испания королу Карл II каза болду. Анын осуяты боюнча, Испания тактына Франция королунун небереси **Филипп Анжуй** отурду. Мындан наараазы болгон мамле-



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кеттер согуш баштады. Бул согуш Францияны алдан тайдырды. 1714-жылдагы тынчтык келишимине ылайык, Филипп Анжуй Франция тактысына болгон укугунан баш тартты. Согуштун натыйжасында француздар да, габсбургдар да күчсүздөнүп калды. Бул болсо Англиянын күчөшүнө алып келди. XVIII кылымда Европада болуп өткөн маанилүү жаңжалдардан бири Россиянын Швецияга каршы жүргүзгөн согушу болду. **Түндүк согуш** (1700–1721) деп аталган бул согушта Россия женди.

Европа мамлекеттеринин дээрлик бардыгы катышкан **Жети жылдык согуш** (1756–1763) натыйжасында Европадагы чегаралар өзгөрбөдү. Согуштан эң чоң пайданы Англия алды. Индия жана Түндүк Америкадагы француз колониялары Англияга өттү. Англия дүйнөнүн алдыңкы колониалисттик империясына айланды.

Осмонийлер султаны Мустафа III 1768-жылы Россияга каршы согуш баштады. Согуш 1774-жылы Кучуккайнаржы келишими менен аяктады. Согушта Россия империясы женди. Келишим боюнча, Крым хандыгы Россияга көз каранды мамлекетке айланды жана кийинчерээк Россиянын курамына кошуп алынды. Россия Кара деңизде аскердик флотко ээ болуу укугун да колго киргизди.

***Бул доордо Орто кылымдардын Кытай жана Түркия империясы сыяктуу кудуреттүү мамлекеттери дагы эле аскердик жактан күчтүү болсо да, эл аралык мамилелерде алардын ролу төмөндөп барды. Европада капитализмдин өнүгүшү улуттардын калыптануусуна алып келди. Бирок улуттук мамлекеттердин пайда болуу жараяны кескин күрөштөр астында ишке ашырылды.***

***Бул доордо Европа мамлекеттери ортосундагы деңиз жолдорун ээлөө, Америка, Азия жана Африкада колонияларга ээ болуу үчүн жүргүзүлгөн күрөштөр эл аралык мамилелердин негизин түздү. Бул күрөштөр натыйжасында дүйнөлүк колониалисттик режим калыптанды. Жаңы доордун эң шерменделүү окуясы – кул соодасы да ушул доорго мүнөздүү эле.***

?!

1. *XVI–XVIII кылымдардагы эл аралык жаңжал жана согуштардын себептери эмнелерден турган?*
2. *Вестфал тынчтык келишиминин мазмуну эмнеден турган?*
3. *Европа мамлекеттеринин дээрлик бардыгы катышкан Жети жылдык согуштун маңызы эмнеден турган?*
4. *Кучуккайнаржы келишиминин мазмуну эмнеден турган?*

**Чыгармачыл тапшырма**

Вестфал тынчтык келишими жана Кучуккайнаржы келишими жөнүндөгү маалыматтарды тексттен тап жана жадыбалдын эки мамычасын талда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Интернетте Карл II жана Филипп Анжуйдун ишмердиги менен таанышып чыгып, аны талда.

Картадан пайдаланып, XVII–XVIII кылымдардагы эл аралык мамилелерди талда.

## 7-тема: ФРАНЦИЯДА АБСОЛЮТТУК МОНАРХИЯ. УЛУУ ФРАНЦУЗ БУРЖУА ЫҢКЫЛАБЫ

XVII кылымда Франциянын экономикалык, социалдык-саясий өнүгүүсү карама-каршы характерге ээ эле. Капиталисттик мамилелердин кирип келиши натыйжасындагы экономикалык өсүү, абсолютизмдин бекемделиши, салыктардын өсүүсү, жалпы элдин абалынын начарлоосу жана тынымсыз элдик козголондор менен кошулуп кетти. Жаңы экономикалык мамилелер, айныкса, айылга өтө кыйынчылык менен өзүнө жол ачып барды.

XVI кылымдын аягы XVII кылымдын башында Франция тез экономикалык өсүү доорун башынан өткөрдү. Буга королдун салыктарды азайтуу, мануфактуралар үчүн ыңгайлуу материалдык шарт түзүү, өндүрүштү колдоочу бажы салыктарын киргизүү, техникалык жаңылыктарды колдоп-кубаттоо аркылуу жетишти. Король менен буржуазия ортосундагы союз бекемделип, элдин наразылыгы да басаңдады.

Ички базардын кеңейиши элдин өсүшүнө алып келди. Ынкылап учурунда Франция элинин саны боюнча Европанын эң чоң мамлекети эле. Ушул доордо башталган реформалардын ишке ашпай калышы саясий жана экономикалык реформалардын абсолютизм менен элдешпестигин көрсөттү. Коомдо социалдык карама-каршылыктар күчөп, мамлекет ынкылап босогосуна келип калды.

**Улуу француз буржуа ыңкылабынын башталышы.** 1789-жыл 5-майда король Людовик XVI Генерал штаттар чогулушун ачты. Ал өз сөзүндө элге жаңы салыктар киргизүүнү маалымдады. Королдун сөзү үчүнчү катмар өкүлдөрүнүн наразылыгына себеп болду. Париж эли да депутаттардан конкреттүү мыйзамдар талап кылып, Версалды карай жүрө баштады. Ошондон соң үчүнчү катмар депутаттары өз чогулушун **Улуттук кеңеш** деп жарыялады. Биринчи жана экинчи катмар депутаттардан реформаны жактоочулар аларга кошулду. Улуттук кеңеш абсолютизмди түгөтүүнү чечишти.

Францияда Генерал штаттар качан жана кандай максатта чакырылган эле?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Үчүнчү катмар көз караштарынын билдирүүчүсү **Габриел де Мирабо** болду. Ал бай жана белгилүү үй-бүлөдөн чыккан, тажрыйбалуу жана акылман саясий ишмер болчу. Мирабо үчүнчү катмарды биримдикке чакырды. Ушул арада Улуттук кеңеш өзүн **Уюштуруу кеңеши** деп жарыялады. Париж газеталары ыңкылап бир тамчы да кан төгүлбөстөн аяктады, деп жазышты. Бирок Париж тынч эмес эле.




- Биринчи катмар – дин кызматкерлери.
- Экинчи катмар – дворяндар.
- Үчүнчү катмар – соодагерлер, кол өнөрчүлөр, дыйкандар, буржуазия.

**Бастилиянын алынышы.** Өзгөрүүлөрдөн наразы болгон эл **1789-жылы 14-июлда** Бастилия калаасына бастырып кирди. Калаадагы кошуундар жеңилди, калаа коменданты (башчысы) өлтүрүлдү. Ушундай түрдө ыңкылап элдин ырайымсыз террору менен башталды. Людовик XVI козголоңчуларга болушууну чечти. Король Уюштуруу кеңешин тааныды. Борбордо бийлик шаардык кеңеш – Париж Коммунасынын колуна өттү. Бийлик чөйрөлөрүндөгү карама-каршылыктарды өз убагында чече албагандыгы ушундайча ыңкылапка алып келди. Абсолюттук монархия кулады.

**Буржуазия бийликтин үстүндө.** Абсолютизмдин кулашы менен бийлик ири буржуазиянын колуна өттү, бирок мамлекетте тынчтык орнободу. Бүтүндөй мамлекетти ыңкылап жана дыйкандар козголондору курчап алды. Уюштуруу кеңеши **«Адам жана жарандык укуктар декларациясын»** кабыл алды. Ал сөз жана басма сөз эркиндиктери жана жеке мүлктүн кол тийгистиги сыяктуу буржуа укуктарын жарыялады. Декларациянын мааниси **«Азаттык, Теңдик, Боорукердик!»** деген үч сөздө өз маанисин тапты.

**1791-жылы сентябрда** Уюштуруу кеңеши Франция тарыхында алгачкы конституцияны кабыл алды. Анда королдун бийлиги чектелди. Ушундай түрдө Францияда ири буржуазиянын бийлиги орнотулду жана ыңкылаптын биринчи баскычы аяктады.

Ыңкылап жараянында француз коому түрдүү саясий агымдарга бөлүнүп кетти. Уюштуруу кеңеши депутаттарынан король жактоочулары болгондор оңчулдар же **роялисттер** (*роял* – король) деп аталды. Солчул депутаттардын көпчүлүгү Жиронда облусунан шайлангандыктан алар жирондачылар деген ат алышты.

Ошол учурда ыңкылап али аягына жеткен жок, орто жана кичи буржуазия бийликке келбеди, дыйкандарга жер берилбеди, деп эсептөөчүлөр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Француз буржуа ыңкылабы**

да бир кыйла эле. Бул өтө солчул агым **якобинчилердин** (алар Олуя Якоб монастырынын китепканасында чогулгандыктан ушундай аталган) ишинде көрүндү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

- 1789-жыл 5-май ...
- XVI кылымдын аягы – XVII кылымдын башында ...
- Людовик XVI ишмердиги ...
- Габриель де Мирабонун ишмердиги ...

**Королдун тактыдан оодарылышы жана республиканын жарыяланышы.** 1791-жылы жаңы Мыйзам чыгаруучу кеңеш өз ишин баштады. Ал жеңиштүү согуш мамлекетте мекенди жактоочулук сезимин күчөтөт жана ыңкылаптык жагдайды жоёт, деген ой менен Австрияга каршы согуш жарыялады. Француздар Бельгияга кошуун киргизди, буга жооп катары австриялыктар жана пруссстар Францияга бастырып кирди жана бир нече калааны ээлеп алды. Францияга каршы согушка Англия да кошулду.

Ошондо Мыйзам чыгаруучу кеңеш «Мекен кооп астында!» деген ураан менен элге кайрылды. Вальми айылы жакынындагы салгылашууда француз кошуундары прусс армиясынын чабуулдарын кайтарды. Бул мамлекетти баскынчылардан бошотуунун башталышы эле. Ошол күнү, б.а. **1792-жылы 22-сентябрда** Конвент монархияны жоюу жана Францияда республика режимин орнотуу жөнүндө декрет кабыл алды.

Борбор калаада Улуттук гвардия жана ыктыярдуулар кошууну королдун сарайын курчап алды. Король Людовик XVI үй-бүлөсү менен бирге камакка алынды. Ошентип ыңкылаптын экинчи баскычында монархия кулатылды. Көптөгөн монархисттик газеталар жабылды, мурдагы министрлер камакка алынды. 25 жашка толгон бардык эркектерге шайлоо укугу берилди.

**1789-жылы 14-июлда** Бастилия калаасы ээленди.

**1791-жылы сентябрда** Уюштуруу кеңеши Франциянын тарыхында алгачкы конституцияны кабыл алды.

**1792-жылы 22-сентябрд**а Францияда Республика режимин орнотуу жөнүндө декрет кабыл алынды.

**Якобинчилер диктатурасынын орнотулушу жана кырсыгы.** Конвенттин токтомуна ылайык, 1793-жыл январда король Людовик XVI өлтүрүлдү. Королдун өлтүрүлүшү Англия жана Испанияны Францияга каршы согушка үндөдү. Австрия армиясы чабуулга өттү. Француз кошуундары жеңиле баштады. Якобинчилер жана жөнөкөй эл мында жирондачыларды айыптады. Ошол учурда Якобинчилердин аброю ашып, Францияда бийлик Якобинчилерге жана алардын жол башчылары – Робеспьер, Марат жана Дантонго өттү. Алар ырайымсыз террордук башка-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

рууну жолго коюшту. Жирондачы депутаттар өлтүрүлдү. Ыңкылапка каршылар болсо камактардан шаар четине алып чыгып, атып ташталды. Якобинчилердин ырайымсыздыгы чегарасыз, аёосуз жана маанисиз эле.

Конвентте Робеспьер жана анын жактоочуларына каршы кутум бышып жетилип барды. 1794-жылы 27-июлда Робеспьер Конвентте кол чабуулар астында камакка алынды. Робеспьер жана анын жактоочулары мыйзамдан тышкары деп жарыяланды, бул болсо сотсуз өлтүрүү дегени эле. Бардыгы болуп жүзгө жакын адам өлтүрүлдү, алар, негизинен, Париж Коммунасынын мүчөлөрү эле. Коммуна жоюлду.

- 1793-жылы январда ...
- 1794-жылы 27-июлда ...
- Робеспьер, Марат, Дантондун иш-аракети – бул ...

***Улуу француз буржуа ыңкылабынын дагы бир баскычы ушундайча аяктады. Эл муктаждык, согуш жана террордон чарчады. Якобинчилер диктатурасы кулады.***

***Ынкылап эски тартиптерди жок кылды: феодалдык эрежелер жана абсолютизм бүттү; дыйкандар жер алды; Франция республика деп жарыяланды. Укуктук мамлекет жана жарандык коому калыптанышы үчүн негиз салынды. Буржуа мүлкчүлүгү орнотулду жана өнөр жай төңкөрүшү үчүн шарт жаратылды.***

**Үчүнчү катмар** – Францияда орнотулган тартипке көрө артыкчылыктарга ээ болгон дин кызматкерлери жана дворяндардан башка бардык адамдар.

**Уюштуруу кеңеши** – конституция кабыл алуу үчүн топтоло турган парламент.

**Коммуна** – жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органы.

**Абсолютизм** – мамлекетти башкаруу усулу. Анда чектелбеген бийлик мамлекет башчысы – монархка тиешелүү.

?!

1. *Улуу француз буржуа ыңкылабынын башталуу себептери эмнелерден турат?*
2. *Францияда «Адам жана жарандык укуктар декларациясында» кайсы укуктар кепилденген эле?*
3. *Францияда «Мекен коош астында!» урааны кандай максатта жана кайсы уюм тарабынан даярдалган?*
4. *Францияда Якобинчилер диктатурасы эмне себептен кырсыкка учурады?*

**Карта менен иштөө боюнча тапшырма**

Картадан пайдаланып, Франция буржуа ыңкылабы болуп өткөн аймактарды талда жана эки мамычалуу жадыбалдын биринчисинде аймак, экинчисинде окуяларды келтир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Концептуалдык жадыбалдын негизинде XVIII кылым Франция өнүгүшүндөгү өзүнө мүнөздүүлүктү чечмеле.

## 8-тема: УЛУУ ФРАНЦУЗ БУРЖУА ЫҢКЫЛАБЫНЫН АЯКТАШЫ ЖАНА ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

**1795-жылдагы элдик козголоң.** Термидорчулар (француз календарындагы термидор айынын 9-күнү бийликке келгендер ушундай аталды) мүлк жана эркин ишкердикти коргой турган республиканын жактоочулары эле. Алар соодадагы чектөөлөрдү жойду. Соода эркиндиги башталды, нарктар бир нече эсе көтөрүлүп кетти, акча кескин барксыздалды.

> Франция кайсы кылымдан баштап жеке борбордук бийликке баш ийдирилди?

Эмгекчил эл ач калып жаткан болсо, «жаңы байлар» өтүп жаткан убакытты колдон чыгарбастыкка жана жашоонун жыргалын татууга ашыгышчу. Буржуа коомунун жогорку катмарында ак сөөктөр ахлагы кайра жарала баштады. Ыңкылаптык өзгөрүүлөр доору бүттү. Конвент депутаттарын эми элдин абалы кызыктырбайт эле. Париждиктер Конвенттин ишине таасир көрсөтүүгө урунуп көрдү. Париждин айланасында нааразылык күчөп барды. Эл арасында «Калк, ойгон! Убакыт келди!», деген ураандар тарады.

Ушундай түрдө **1795-жылы апрелде** козголоң башталды. Миндеген куралсыз адамдар Конвентти көздөй келишти. Кечке барып, Улуттук гвардия Конвентти ороп алып, элди кууп жиберди. Париж курчоо абалында деп жарыяланды. Май айында бул окуялар кайталанып, козголоңчулар Конвентти ээлеп алды. Адамдар агымы бардык имараттарды толтуруп жиберди. Эки күн бою кыжыр оту күчөдү. Экинчи күндүн аягына келип, козголоңчулар кыйратылды жана куралсыздандырылды, алардын жол башчылары – соңку Якобинчилер гильотинада өлтүрүлдү. Көпчүлүгү камалды, сүргүн кылынды. Бул козголоң Улуу француз ыңкылабы доорунда элдин соңку жалпы чыгышы эле.

**1795-жылдагы Конституция жана Директория.** 1795-жылдын августунда Конвент жаңы Конституция кабыл алды, ал Францияда Республика режимин чыңдады, бирок жалпы шайлоо укугун жойду. Эми мыйзам чыгаруу бийлиги эки палатадан – Беш жүздөр кеңеши жана Аксакалдар кеңешинен турган мыйзам чыгаруу палатасына берилди. Аткаруу



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бийлиги Аксакалдар кеңеши дайындай турган беш адамдан турган Директорияга тапшырылды. Ушуну менен бирге, 1795-жылдагы Конституция ынкылаптын бардык антифеодалдык ийгиликтеринин мыйзамдуулугун тастыктады.



- 1795-жыл апрелде ...
- «Эл, ойгон! Убакыт келди!» – ...
- 1795-жылдын августунда ...

Жаңы Конституция монархияны жактоочуларды күчтөнтүп жиберди. Алар Конвентке каршы козголоң көтөрдү. Артиллерия жардамында козголоңчуларды кыйраткан генерал Наполеон Бонапарт Конвенттин куткаруучусуна айланды.

**Директориянын согуштары. Генерал Бонапарт.** Бийликке келген ири буржуазия башка журттарды басып алуудан кызыкдар эле жана Директория доорундагы Франциянын согуштары баскынчылык характерине ээ болду. Рейндин сол жээги жана Бельгия Францияга кошуп алынды, Голландия болсо көз каранды республикага айландырылды. Басып алынган жерлерде француздар феодалдык тартиптерди жойду. Бирок басып алынган жерлер таланды, аскердик олжо катарында тамак-аш жана көркөм өнөр чыгармалары жүктөлгөн кербендер Парижге келип турчу.



**Наполеон Бонапарт**

Бул согуштарга башчылык кылган Наполеон Бонапарттын мамлекетте аброю өтө бийик эле. Айныкса, Италияга каршы жасалган жүрүш жана анын баш ийдирилиши Наполеонду өтө белгилүү кылып жиберди. Басып алынган жерлерде Наполеон феодалдык көз карандылыкты жойду, чиркөө жана ибадатканаларды кээ бир жыйымдардан бошотту, белгилүү даражада адам укуктарын бекемдей турган жаңы мыйзамдарды киргизди.

Наполеондун жеңиштери коомдо армиянын аброюн ашырды. Наполеон Италияда гана өзүн жөн эле генерал эмес, элдин тагдырына таасир өткөрүүгө жөндөмдүү болгон улуу адам катары сезди. Кийин, 1798-жылы Египетке кылынган жүрүш Наполеонду саясий бийликти ээлөөгө үндөдү.




**1795-жылдын августунда** Конвент Франциянын жаңы Конституциясын кабыл алды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1798-жылда** Египетке кылынган жүрүш Наполеонду саясий бийликти ээлөөгө үндөдү.

**1799-жыл 9-ноябрдагы мамлекеттик төңкөрүш.** Директория бийлиги эл арасында абройго ээ эмес эле, «жаңы байлар» да Директорияны жактырышпайт болчу. Газеталар «Күчтүү бийлик орнотуу!» талабын башкы беттерде жарыта баштады. Ошондой шартта бийликке каршы кутум уюштурулду. Кутумчулар Египеттен кайткан Наполеондон негизги күч катары пайдаланууну чечишти, Бонапарт да буга ыраазылык билдирди. Чогулуш өткөрүп жаткан Аксакалдар кеңеши жана Беш жүздөр кеңеши ири кошуун тарабынан курчап алынды. Коркуп кеткен Аксакалдар кеңеши сунушталган офистик усул – Консулдукту бат эле тастыкташты. Беш жүздөр кеңеши да бул чечимди тастыктады. Консулдук үч адамдан турган аткаруу бийлиги болуп, алардан ар бири «Француз Республикасынын консулу» сыйлыгына ээ болушту. Шайланган үч консулдан бири Наполеон Бонапарт эле.

Консулдар республикага берилгендик жөнүндө ант беришти.

***Франциядагы буржуа ыңкылабы аягына жетти. Бул ынкылап бүткүл дүйнө тарыхы үчүн да белгилүү бир мааниде бурулуу чекити болду. Ал алга сүргөн «Азаттык, Теңдик, Боордоштук!» идеялары бүткүл дүйнө элдеринин кийинки өнүгүшүнө арзырлуу таасир көрсөттү.***

***О.э., ыңкылап тарыхы көптөгөн элдер үчүн чоң сабак да болду. Анын аёосуз кыргындары, бардык көйгөйлөрдү чечүүнүн жолу катары террордун колдонулушу, саясий атаандаштардын өлтүрүп жок кылынуусу сыяктуулар да ыңкылап келтирген эң үрөй учурган реалдуулук болду.***



**Термидор** – Францияда ыңкылап жылдары кабыл алынган жаңы календардагы айдын аты.

**Конвент** – кээ бир мамлекеттерде өзгөчө артыкчылыктарга ээ болгон өкүлдүктүн органы.

**Директория** – буржуа ыңкылабы доорунда Францияда бийликти коллективдүү башкаруунун формасы, аткаруу бийлиги.

**Консул** – Францияда буржуа ыңкылабы жылдары жарыяланган аткаруу бийлигинин үч жетекчисинен бири.

**Террор (коркуу, коркунуч)** – душманды жоготуу же коркутуу, калк арасында дүрбөлөң келтирип чыгаруу.



*1. 1795-жылдагы элдик козголоң кандайча башталды?*

*2. 1795-жылдагы Франциянын конституциясы кандай негизги эрежелерди киргизди?*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*3. Кайсы факторлор Наполеон Бонаparттын аброюнун ашуусун камсыздады?*
*4. Улуу француз буржуа ыңкылабынын тарыхый мааниси эмнелерден турат?*

**Чыгармачыл тапшырма**

«Француз буржуа ыңкылабынын мааниси...» темасында эссе жаз.

Интернетте *француз буржуа ыңкылабы* дооруна виртуалдуу саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый чындыкты талда.

## 9-тема: XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА ГЕРМАНИЯ ИМПЕРИЯСЫ

**Экономикалык абал**. Германия экономикалык өнүгүүдө Англия, Голландия жана Франция сыяктуу мамлекеттерден артта эле. А түгүл, XVI кылымдын экинчи жарымынан экономикалык сенектик да башталды. Бул, оболу, Германиянын 300 дөн ашуун майда княздык (мамлекет)тарга бөлүнүп кеткендиктин кесепети эле. Саясий бытырандылык бирдиктүү ички базардын түзүлүшүнө жол бербеди.

> Орто кылымдарда кайсы согуштан кийин Германияга венгерлердин басындары токтогон?

Мындан сырткары, бул доордо деңиз соода жолдорунун Атлантика океанына көчүшү натыйжасында Германия аркылуу өтө турган соода жолдору өз маанисин да жоготту. Чындыгында XVI кылымдын ортолоруна чейин Түндүк Италия жана анын ортомчулугунда бүткүл Чыгыштын Батыш Европа базарлары менен байланышы Германия жерлеринен өтчү.

Германиянын эл аралык деңгээлдеги экономикалык ролу – анын жез өндүрүү боюнча дүйнөдө биринчи орунду ээлеп келгени менен белгиленген. Жез соодада негизги каражат эсептелчү. Бирок Америкадан Европага алтын жана күмүштүн чоң өлчөмдө келтирилиши Германия жезинин беделине олуттуу зыянын тийгизди. О.э., немис өнөр жай азыктары чет мамлекеттер өнөр жай азыктары менен атаандаша албады. Анткени Германияда мануфактуралык өндүрүш шаарлар менен гана чектелип калган эле. Ал айылга жайылбады, б.а. натуралдык чарба мамилелери өкүм сүргөн айыл чарбасы өндүрүштүк өнөр жай азыктарына караганда талапты кандыра албады.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1524–1526-жылдарда болуп өткөн дыйкандар согушунун жеңилүүгө учурашы Орто кылым феодалдык мамилелеринин дагы узакка сакталып калуусу жана мамлекетте саясий бытырадылыктын улана берүүсүнө себеп болду.

Ошондой эле, Европа мамлекеттери ортосунда келип чыккан Отуз жылдык согушта (1618–1648), негизинен, немис княздыктарынын жабыркашы да анын түркөйлүк баткагына батып кала берүүсүнө чоң таа-




**Ыйык Рим империясынын округдары**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сир көрсөттү. Отуз жылдык согуштун натыйжасына көрө, Европада саясий гегемондук Францияга өттү.

Германия болсо экономикалык жана саясий кризиске туш болду. Саясий бытырандылык ого бетер күчөдү.



- XVI кылымдын экинчи жарымынан – ...
- Отуз жылдык согуш – ...
- 1524–1526-жылдарда – ...
- XVI кылым ортолоруна чейин – ...

**Саясий режим.** Германия расмий түрдө бирдиктүү империя эсептелчү, аны, үстүртөн болсо да, император башкарчу. Ал эми чындыгында анын биримдиги кагазда гана болчу.

1806-жылга чейин «Ыйык Рим империясы» деп аталган бул империяда, а түгүл бирдиктүү жарандык да жок эле. Калк империянын эмес, тескерисинче княздыктардын жарандары болчу.

Габсбургдар династиясынан болгон Германия императору өзүнүн Австриядагы жерлеринен сырткары эч кандай реалдуу бийликке ээ эмес эле. Империянын Рейхстагы болсо иш жүзүндө бардык княздыктарга милдеттүү болгон акыркы чечимдерди кабыл ала албайт болчу.

Кабыл кылганда да, ал иш жүзүндө аткарылбайт эле. Мындай шартта ар бир княздык ички иштерде гана эмес, о.э. тышкы саясатта да көз карандысыздыкка умтулчу.

**Германиянын эл аралык абалы.** Ички саясий бытырандылык XVII кылымдын экинчи жарымында Германияны Европанын күчтүү мамлекеттери колунда куурчакка айландырып койду. Франция натыйжада Страсбург шаары жана Рейн дарыясынын сол жээк жерлерин ээлеп алды.

1683-жылы Германия княздыктары Түркия баскынына каршы күрөшүү үчүн тарыхта биринчи жолу ынтымактуу чечим чыгарды жана улуттук-боштондук кошуунун түздү. Ушул жылы Вена босогосунда Түркиянын кошууну майтарылды. Германиянын бул жеңиши Борбордук Европаны Түркия баскынынан сактап калды.

**Пруссия королдугунун түзүлүшү.** Германия княздыктары ичинде Австрия жана Бранденбург эң күчтүүлөрү эле. XVII кылым ушул эки княздыктын Германияда гегемондук үчүн күрөшү астында өттү. Австрияны габсбургдар династиясы, Бранденбургду болсо гогенсоллерндер династиясы башкарчу.



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Биринин борбору Вена шаары, экинчисиники болсо Берлин шаары эле. XVII кылымдын аягына келип, Бранденбург княздыгында Пруссия герцогдугу жетекчи мансапка ээ болуп алды.

**1683-жылы** Германия княздыктары Түркия баскынына каршы күрөшүү үчүн тарыхта биринчи жолу ынтымактуу чечим чыгарды.

**XVII кылым** Австрия жана Бранденбург княздыктарынын Германияда гегемондук үчүн күрөшү астында өттү.

1701-жылы Бранденбург княздыгы ордунда Пруссия королдугу түзүлдү. Бранденбург князы Фридрих I аты менен Пруссия королу деп жарыяланды. Ушул доордон баштап, ыңгайлуу эл аралык шарттан ж.б. немис княздыктарынын күчсүздүгүнөн пайдаланган Пруссия кудуреттүү мамлекетке айлана баштады. Пруссия кудуреттүү кошуун да түзө алды.

XVIII кылымдын аягында Пруссия аянты жагынан Европада үчүнчү, кошуунун саны жагынан болсо төртүнчү орунду ээледи.

Фридрих II бийлиги доорунда (1740–1786) Пруссия толук монархияга айланды.

**Реалдуу** – чындыгында да бар болгон; ишке аша турган; аткарылышы мүмкүн болгон.

**Гегемондук** – саясий, экономикалык, аскердик үстөмдүүлүк, бир мамлекеттин башкасынын үстүнөн үстөмдүгү.

1. *Германия империясынын экономикалык өнүгүүсүндө артта калышынын себептери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Германияда өкүм сүргөн саясий бытырандылык кандай акыбеттерге алып келди?*
3. *Германия княздыктарынын 1683-жылы Түркия кошууну үстүнөн жеткен жеңиши Европа үчүн кандай мааниге ээ болду?*
4. *Пруссия королдугу кандай шартта түзүлдү?*

**Чыгармачыл тапшырма**

«Германия империясынын түзүлүшү» темасында өз алдынча иш жаз.

Интернетте *Германия империясы*на виртуалдуу саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяны талда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 10-тема: XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫ

**Орус жерлеринин биригүүсү.** Алтын Ордого көз карандылыктан кутулган Орусия жерлеринин Москва айланасында биригүү жараяны XVI кылымдын башында аяктады. Борборлошкон мамлекет түзүлдү жана ал **«Орусия» (Русь)**, **«Россия»** деп аталды.



Киев Орусиясы мамлекетине качан жана ким тарабынан негиз салынган?

1547-жылы тактыга отурган Иван IV Россия тарыхында биринчи жолу падышалык таажын кийди жана «царь» деп аталды. Орусияда өкүмдарлар илгери «Улуу князь» деп аталчу. Иван IV гө падышалык даражасынын берилиши аны Батыш Европа королдору менен теңдештирди. Иван IV ички саясатынын негизги максаты дворяндар катмарын күчөтүү аркылуу боярлардын беделин алсыздандырууга каратылды. Ушул максатта 1549-жылы ал биринчи жолу эркин элдин түрдүү катмарлары өкүлдөрүнүн чогулушун – **Земство Собо**ру чакырылды.

Иван IV Земство соборунда боярлар бийлигин кескин каралады. Собор жаңы мыйзамдардын жыйнагы – **Судебникти** түзүү жөнүндө токтом кабыл алды. Ага ылайык, мындан ары дворяндарды кылмышы жана жосунсуз иштери үчүн боярлар сотуна берүүгө тыюу салынды. Дворяндардан миң адамга Москва уездинен жер-мүлк ажыратып берилди. Мамлекеттик кызматтарды ак сөөктөр тукумунан болгондор ээлөөсү боюнча тартипке да чек коюлду.

Боярлар үчүн элден жыйналуучу салыктар жоюлду. Жайларда жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары – **Земство**лор түзүлдү. Судебник крепостной дыйкандардын бир жер ээсинен башкасына өтүшүн жылына бир күн – 26-ноябрь менен чектеп койду.

**Опричнина.** Боярлар бийлигине сокку берүү максатында 1565-жылда Иван IV мамлекеттик жерлердин чоң бөлүгүн бөлүп алды. Бул жерлер ***опричнина*** (бөлүп алынган) деп аталды. Опричнина өз кошуунуна ээ болду. Ал падышанын өз атаандаштарын жазалоо куралына айландырылды. Мамлекетте ырайымсыз террор, өлүм жана сүргүн доору башталды. Ошондуктан Иван IV **«Грозный»** (ырайымсыз, коркунучтуу) псевдоними менен аталды.

Опричнина Россияда феодалдык бытырандылыктын калдыктарына каршы күчтүү сокку берди. Бирок ал мамлекеттин айыл чарбасына чоң



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

зыян тийгизди. Боярлар гана эмес, о.э. он миндеген жөнөкөй адамдар да каза болду. Бул болсо коомдун түрдүү катмарларында опричнинадан наразылыкты күчөттү. Натыйжада, Иван IV 1572-жылы опричнинаны жоюуга мажбур болду.

Бул доордо Россиянын аймагы баскынчылык согуштарын алып баруунун эсебинен Чыгышты жана Түштүктү көздөй кеңейип барды. Мисалы, XVI кылымдын экинчи жарымында Казань, Аштархан (Астрахан) жана Сибирь хандыктары басып алынды. XVI кылымдын аягына келип, Россия аймагы дээрлик эки эсе кеңейди.



- 1547-жылы – ...
- 1549-жылы – ...
- 1565–1572-жылдарда – ...
- XVI кылымдын экинчи жарымында – ...

**«Козголоңдор доору».** Иван IV Грозный өлгөндөн соң тактыга анын уулу Фёдор Иванович келди. 1598-жылы Фёдор да өлдү. Ал перзентсиз эле жана тактыга мураскор калтырбады. Ошентип Орусияны 700 жыл башкарган рюриктер династиясынын бийлиги аяктады. Ушундай шартта Земство собору Борис Годуновду падыша кылып шайлады.

Борис Годунов өлгөндөн кийин, Россия тарыхында бейтынч, козголоңдор доору башталды. Кыска убакыт ичинде бир нече падыша алмашты, боярлар таасири дагы күчөдү. О.э., чет мамлекеттер – Польша жана Швеция Орусиянын ички иштерине баш оту менен аралаша баштады. Польша, атүгүл Москваны ээлеп алды. Ушундай оор шартта Орусиянын мекенди жактоочу күчтөрү айыл аксакалы Кузьма Минин жана кол башчы Дмитрий Пожарскийдин башчылыгында элдик кошуун топтолду. Алар 1612-жылы Москва үчүн болгон салгылашууларда Польшанын кошуунун жеңди жана Москваны чет эл баскынчыларынан бошотту. Орусия ички жана тышкы абалынын оордугуна карабастан, өз эгемендүүлүгүн сактап кала алды. Эми Орусиянын жаңы падышасын шайлоо маселесин чечүү керек эле.

1613-жылы Москвада чакырылган Земство собору Иван IV Грозныйдын аялынын тууганы Михаил Фёдорович Романовду Орусиянын падышасы кылып шайлады. Ошентип Орусияда жаңы династия – романовдордун династиясы бийликке келип, алар мамлекетти 1917-жылдын февралына чейин башкарды.

**Экономикалык өнүгүү.** XVII кылымдан Россия экономикасында жаңы белгилер пайда болду. Бул, оболу, товар, б.а. базарда сатуу үчүн арналган азык өндүрүүнүн өнүгүшүндө жана мануфактуралар пайда болушунда



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көрүндү. Бул жараяндан айыл чарбасы да четте калбады. Негизги тамак-аш азыгы – дан бардык жерде товарга айланды.

Россияда XVII кылымдан баштап шаарлар да өнүктү. Алар мамлекеттин соода-өнөр жай борборлоруна айлана баштады.

Кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү мамлекеттин өнүгүшүнө, облустар ортосунда айыл чарба мамилелеринин кеңейишине, бүткүл россия бирдиктүү ички базардын түзүлүшүнө алып келди. Ушундайча Россия экономикасында да өтө акырындык менен болсо да, жаңы – капиталисттик мамилелер калыптана баштады.

**Абсолюттук монархиянын орношу.** Россияда абсолюттук монархиянын толук орношу Пётр I аты менен байланыштуу. Ал 1689-жылда тактыга отурду. Пётр I тышкы саясатынын негизги максаттарынан бири Россияны күчтүү аскердик-деңиз флотуна ээ мамлекетке айландыруу эле. Ал бул милдетти ийгилик менен ишке ашырды. 1700-жылы Россия Балтика деңизине чыгуу үчүн Швецияга каршы согуш баштады. Бул согуш тарыхка «Түндүк согуш» аты менен кирди. Согуш 1721-жылы Россиянын жеңиши менен аяктады. Ушул жылы Финляндиянын Ништадт шаарында Россия – Швеция тынчтык келишимине кол коюлду. Ага ылайык, Россия Балтика деңизине чыгуу укугуна ээ болду. Ошол учурда Россия Европанын кудуреттүү мамлекеттеринен бирине айланды. 1721-жылы Пётр I император деп жарыяланды. Россия империяга айланды жана мамлекетте абсолюттук монархия толук орноду.

**Орус улутунун калыптанышы. Маданият.** Орус жерлеринин бириктирилиши натыйжасында маданий мамилелер бекемделди жана орус маданиятынын өсүшү башталды. Маданияттын өнүгүшү, экономикалык жогорулоо менен бирге, орус улутунун калыптанышына алып келди. Акырындык менен жергиликтүү диалекттер жоюлуп, орус улутунун тил бирдиги пайда болду, бирдиктүү маданият калыптанды. Орустун маданий биримдиги элдик оозеки чыгармачылыгы, архитектура, көркөм өнөр жана адабиятта өз чечимин тапты. Бирок, маданияттын жогорулашына карабастан, элдин негизги бөлүгү сабатсыздык жана түркөйлүк баткагында калып жаткан эле. Ошондуктан XVIII кылымдан баштап, мамлекетте бир топ мектептердин ачылышы чоң мааниге ээ болду. Москвадагы математика жана навигация илими боюнча мектеп, артиллерия, медицина мектептери буга мисал эле. Москвадан башка аймактарда да бир топ мектептер жана окуу жайлары ачылды.

Ушул доордо Петербургда Россия Илимдер академиясы, кийинчерээк академиянын алдында гимназия жана университет түзүлдү. 1755-жылы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**XVIII кылымдын экинчи жарымында Россия империясы**

улуу орус аалымы М.В. Ломоносовдун демилгеси менен Москва университети түзүлдү. Бул доордогу Россия илиминин ийгиликтери Москва университети жана М.В. Ломоносовдун иш-аракети менен байланыштуу. Ушул жылдары орус география илими чоң ийгиликтерге жетишти. Азия менен Американын ортосундагы Беринг булуңу ачылды. Лаптевдер экспедициясы Түндүк Муз океанын Мурманsктан Чукоткага чейин үйрөнүп чыкты. С.И. Челюскин Азиянын эң Түндүк четин ачты. Азыр бул жер Челюскин тумшугу деп аталат.

Ушул мезгилде техниканын өнүгүүсүндө да чоң ийгиликтерге жетишилди. И.И. Ползунов, И.П. Кулибин сыяктуу аалымдар көптөгөн техникалык ойлоп табууларды жасашты. Россиялык аалымдар жана ойлоп табуучулар тарабынан жаратылган машиналар дүйнө илими жана техникасы ийгиликтеринин алдыңкы катарында турчу. Бирок жарды, крепостной Россияда бул машиналарга талап жок, алар дээрлик колдонулбайт эле.

**Опричнина** – падыша бийлиги душмандарын зордук жана террор жолу менен бастырууга аракеттенүү саясаты эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1612-жылы** Москва үчүн болгон салгылашууларда Польша кошууну жеңилди.

**1755-жылы** улуу орус аалымы М.В. Ломоносовдун демилгеси менен Москва университети түзүлдү.

XVI–XVIII кылымдарда орус адабияты да чоң жогорулоо жолун басып өттү. Бул доордо чыгармачылык кылган **Г.Д. Державин**, **Д.И. Фонвизин** сыяктуу акын жана жазуучулар заманбап орус адабиятынын калыптанышына чоң салым кошушту. Белгилүү тамсилчи **И.А. Крыловдун** чыгармачылыгынын башталышы да ушул мезгилге туура келди.

Пётр I доорунан баштап, Петербург жана Москвада өтө чоң курулуш иштери алып барылды. Ушул жылдары орус архитекторлугунда Европа жана орус улуттук салттарын айкалыштырган багыт калыптанды.

Ушул доордо орус улуттук театры да калыптанды. Анын негиздөөчүсү соодагер **Ф.Г. Волков** орус актёрлорунун бүткүл бир муунун тарбиялоодо чоң кызмат көрсөттү.

***XVI–XVIII кылымдар Россия тарыхында маанилүү доор болду. Бул доордо Россия империя катары калыптанды, анын аймагы эки эседен көп кеңейип, Европанын эң чоң жана аскердик жактан кудуреттүү мамлекетине айланды. Бирок жарды социалдык мамилелер себеп Россия экономикалык жана маданий өнүгүүдө Европадан артта калып кетти.***

**Боярлар думасы** – Орусия мамлекетинде алгач княздар, кийин падышанын алдындагы Жогорку мамлекеттик кеңеш.

**Судебник** – мыйзамдар жыйнагы.

?!

1. *Орусияны борборлошкон мамлекетке айландыруу качан аяктады жана анын тарыхый мааниси эмнелерден турду?*
2. *Россияда кандай башкаруу режими орноду?*
3. *Иван IV Грозный киргизген опричнина деген эмне жана андан кандай максат көздөлгөн эле?*
4. *Россияда романовдор династиясынын бийлиги кандайча орнотулду?*

Англия, Франция королдору жана Россия падышалары өз саясаттарында ишке ашырган эң маанилүү иштердин тизмесин дептериңе түз.

Интернетте *XVI–XVIII кылымдагы Россия империясы*на виртуалдуу саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяны хронология түрүнө келтир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 11-тема: XVIII КЫЛЫМДА ТҮНДҮК АМЕРИКА. АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

**Түндүк Америкадагы англис колониялары.** Улуу географиялык ачылыштардан соң Борбордук жана Түштүк Америкада Испания жана Португалия колониялары түзүлгөн болсо, Түндүк Америка, негизинен, Англия жана Франция тарабынан ээлеп алынды.

**1607-жылы** Англиянын Виржиниядагы алгачкы конушу – Жеймстаун түзүлдү. Англис колонистеринин агымы жыл сайын артып барды. Бул жерге пуритандар жамаалары, жерлеринен айрылган дыйкандар, миндеген жаштар көчүп келди. О.э., эмгекке жарамдуу кылмышкерлер да бийлик тарабынан колонияларга сүргүн кылынды.

Орто кылымдарда Американын кайсы элдери өз мамлекеттерин кура алышкан эле?

Колонисттер менен индеецтердин ортосундагы өз ара мамилелер өтө татаал эле. Индеецтер жаңы технология жана соода-сатыктан пайда көргөнүнө карабай, англичандар алып келген оорулар жана ач көздүк алардын эзелтеден калыптанган жашоо мүнөзүнө олуттуу зыян тийгизди.

Колонияларда кичи фермер чарбалары кеңири жайылды. Акырындык менен айыл чарбасы менен байланыштуу болгон өнөр жай өсүп барды, XVII кылымдын экинчи жарымында биринчи мануфактуралар пайда болду. Мамлекетте капиталисттик режим өнүгүп жаткан бир шартта америкача плантация кулчулугу да сакталып калды. XVII кылымдан баштап, Африкадан көптөгөн териси кара кулдар алып келинди.

**Заманбап улуттун калыптанышы.** Англия буржуа ыңкылабынан кийин Америкадагы колонияларда да буржуача башкаруу усулдары жана жашоо мүнөзү калыптанып барды. XVIII кылымдын ортолоруна келип, колонияларда бирдиктүү ички базар пайда боло баштады, соода мамилелери өнүктү.

- XVII кылымдын экинчи жарымынан ...
- XVII кылымдан баштап, ...



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Америкада чогуу жашоонун тарыхый тажрыйбасынын негизинде көчүп келгендердин бирдиктүү тарыхый тагдыры пайда болду. Англис тили алар үчүн жалпы тил болуп калды. Үрп-адаттар жана жашоо мүнөзү бирдейлешип барды. XVIII кылымдын ортолоруна келип, Американын көпчүлүк эли өздөрүн америкалык деп атай баштады. Ошол учурда өзүнө мүнөздүү улуттук маданияттын да түзүлүү жараяны болду. Ушундай түрдө заманбап америка улуту калыптанды.

**Эгемендик үчүн болгон согуштун себептери.** Улуу Британия королу, ак сөөктөр жана ишкерлер колониялардан алына турган пайданы барган сайын көбөйтүүгө аракеттенишчү. Алар колониялардан баалуу чийки зат, тери жана пахтаны алып кетишчү, колонияларга болсо даяр азыктарды алып келишчү, салык жана төлөмдөрдү жыйнап алышчу. Улуу Британия парламенти Америкалык ишкерлер үчүн түрдүү тыюу жана чектөөлөр орноткон эле. Американлыктардын алгачкы наразылык чыгуулары ушул чектөөлөр жана салыктардын ашырылышына каршы болуп өттү.

**Согуштун башталышы.** 1774-жылы сентябрда Филадельфияда Биринчи Материк Конгресси чогулду. Анда Жоржиядан тышкары бардык колониялардан өкүлдөр катышты. Конгресс али Улуу Британиядан бөлүнүү маселесин көтөрүүгө батына албады, бирок Британиянын саясатын каралады. Конгресс экономиканы башкаруу үчүн «Континеталдык уюм» түздү. Эгемендикти жактоочулар тарабынан башкарылган бул уюм жамааттын арасында ыңкылаптык маанайды күчөтүп жиберди. Англис кошуундары менен алгачкы куралдуу кагылышуулар болуп өттү.

Эгемендик үчүн күрөшүүчүлөр Америкада республика түзүү идеясы менен чыгышты. 1775-жылы майда башталган Экинчи Материк Конгресси эгемендик үчүн согуш баштоону чечти.

Виржиниялык польковник **Жорж Вашингтон** Америка куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы кылып дайындалды. Республикалык маанай элдин түрдүү катмарларын курчап алды.


**Эгемендик Декларациясы.** 1776-жылы майда Улуу Британиядан бөлүнүүгө үгүттөөчү токтом кабыл алынды. Расмий билдирүү даярдоо үчүн виржиниялык Томас Жефферсон башчылыгында комиссия түзүлдү.

1776-жылы 4-июлда кабыл алынган жана негизинен Т. Жефферсондун тапкычтыгынын натыйжасы болгон Эгемендик Декларациясы жаңы мамлекеттин түзүлгөндүгүн жана бүткүл дүйнөдө кыймылдуу күчкө айланган адам эркиндиги жөнүндөгү көз карашты жарыялады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**АКШнын эгемендүүлүгүнүн жарыяланышы**




Англиянын Түндүк Америкадагы алгачкы колониясы 1607-жылы Жеймстаунда түзүлдү.

**1774-жылы сентябрда** Филадельфияда Биринчи Материк Конгресси чакырылды.

**1776-жылы 4-июлда** АКШда Эгемендүүлүк Декларациясы кабыл алынды.

***«Биз, Америка Кошмо Штаттарынын өкүлдөрү, элдин атынан жана анын укугу менен муну жарыялайбыз: бул бириккен колониялар чындыгында да, укуктук жактан да эркин жана эгемендүү штаттар болушу керек. Ушул мүнөттөн баштап, алар Британия тактысына ар кандай көз карандылыктан бошотулушат», — дейилет Эгемендүүлүк Декларациясында.***

Эгемендүүлүк Декларациясында мамлекет курулушунун негизи катары элдик суверенитет принциби жарыяланды, элдин заалымдарга каршы козголоң кылууга, жашоого, эркин болууга, теңдикке болгон укугу таанылды. Ар жылы **4-июль** АКШда **Эгемендүүлүк күнү** катары белгиленет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Америка ыңкылабынын характери жана өзгөчөлүктөрү.** Түндүк Америкада эгемендик үчүн алып барылган согуш ошол учурда буржуа ыңкылабы болуп, ал эки: улуттук эгемендикке жетишүү жана Америкада капиталисттик мамилелерди орнотуу көйгөйлөрүн чечүүсү керек эле.

Ыңкылаптын негизги өзгөчөлүгү ал улуттук-боштондук согушу түрүндө өткөндүгүндө эле. Согуш учурунда бир топ демократиялык өзгөрүүлөр жасалды.

**Согуш аракеттеринин жүрүшү.** Улуу Британия Американын эгемендүүлүгүн дароо таанбады, эгемендикти жактоочуларга каршы катуу күрөш алып барды. Аскердик аракеттер, негизинен, мамлекеттин түндүгүндө болуп өттү. Ыңкылап учурунда республикачылардын армиясы чоң кыйынчылыктарды баштан өткөрдү. Аскерлер аскердик ишке дээрлик үйрөтүлбөгөн, курал-жарак, ок-дары, тамак-аш жетишсиз эле.

Ошондой шартта Франция Америкага курал-жарак менен жардам бере баштады. Америка жана Франция ортосунда «Достук жана Бизнес Келишимине» кол коюлду. Франция – Америка союзу жакшы натыйжаларга алып келди. **1782-жылы** англис кошуундарынын негизги бөлүгү жеңилди. Ошондон соң Улуу Британия өкмөтү Парижде тынчтык сүйлөшүүлөрүн өткөрүүнү чечти. Сүйлөшүүлөрдө Америка тарабынан Бенжамин Франклин, Жон Адамс жана Жон Жей катышты.

**1783-жылы** Британия жана анын Америкадагы мурдагы колониялары ортосунда **Париж келишми**не кол коюлду. Келишимге көрө, Улуу Британия Америка Кошмо Штаттарынын түзүлгөндүгүн, анын эгемендүүлүгүн, эркиндигин жана суверенитетин тааныды.


Согуш бүттү. Ал эми алдыда мамлекетти бириктирүү, анын экономикалык абалын жакшылоо милдети турган.

**1787-жылдагы Конституция.** Ыңкылаптын ийгиликтүү аякташы америкалыктарга Эгемендүүлүк Декларациясында туюнтулган үмүт-тилектери жана идеяларын конституцияда чагылдыруу мүмкүнчүлүгүн берди. Дээрлик бардык штаттар өз конституцияларына ээ болду. Бирок мамлекетте штаттарды бирдиктүү мыйзамдын негизинде бириктирүү, аларды башкаруу, бирдиктүү экономикалык режимди калыптандыруу сыяктуу көйгөйлөр бар эле. Аларды чечүү үчүн 1787-жылдын майында Филадельфияда иш баштаган Федералдык Конвенттин жыйынына штаттардан шайланган өкүлдөр катары көзгө көрүнгөн ишмерлер топтолду. Алардын арасында Жорж Вашингтон, Жеймс Уильсон, Бенжамин Франклин, Жеймс Медисон, Александр Гамильтон сыяктуу белгилүү адамдар – «Американын аталары» бар эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**XIX кылымдын 70-жылдарында АКШ**

- 1783-жылы ...
- 1787-жыл май ...
- Б. Франклин, Ж. Адамс жана Ж. Жейлердин иш-аракети – ...

Ой-пикир жана талаштар көпкө созулду. Тартышуулар, негизинен, Конгресс, федералдык өкмөт жана Жогорку соттун статусу жана штаттар менен борбордук бийликтин ортосундагы мамилелер жөнүндө болду. Натыйжада, **1787-жылы 17-сентябрда АКШ Конституциясы** кабыл алынды.

Конституция АКШда республика режимин орнотту. Аткаруу бийлигин башкаруу үчүн 4 жыл мөөнөткө шайланган жана кеңири укуктарга ээ болгон АКШ президенти кызматы киргизилди. **1789-жылы** болуп өткөн шайлоолордо **Жорж Вашингтон** АКШнын биринчи президенти болуп шайланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Ыңкылаптын натыйжасында АКШ эгемендүү мамлекетке айланды, республика режими орнотулду, соода жана өнөр жайды өнүктүрүү жолундагы бардык тоскоолдуктар алып ташталды, эркин атаандаштыкка, өздүк демилге жана активдүүлүккө, ишкердикке кең жол ачылды. Бирок түштүк штаттарда плантациялык кулчулук сакталып калды.***

***Эгемендүүлүк Декларациясы жана АКШ Конституциясы Европанын алдыңкы аң-сезимине чоң таасир көрсөттү, аларда илгери сүрүлгөн идеялар жалпы инсандык мүнөзгө ээ болуп, көптөгөн элдердин күрөшүнүн мазмунуна айланып калды.***

**Декларация** – маанилүү эрежелер жарыяланган документ.

**Федералдык өкмөт** – федералдык мамлекетте борбордук башкаруу органы.

**Федералдык Конвент** – Континенталдык уюм, материктик уюшма, материктик деңгээлдеги уюм.

**Федерал** – федерациянын (союз) курамына кирген бардык субьекттер (республика, штат) үчүн жалпы түшүнүк. Мисалы, федералдык өкмөт же Федералдык Конвент.

?!

1. *Англиянын Түндүк Америкадагы колониалисттик саясаты кандай ишке ашырылды?*
2. *Америка улутунун калыптанышына алып келген факторлор эмнелерден турат?*
3. *Париж келишимине качан кол коюлду жана анын мааниси эмнеден турат?*
4. *АКШ конституциясынын өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турат?*

**Чыгармачыл тапшырма**

Томас Жефферсон, Жорж Вашингтон жөнүндөгү маалыматтарды тап жана тарыхый адамдардын иш-аракетине баа бер.

Картадан пайдаланып, АКШнын административдик-аймактык түзүлүшүн дептериңе түшүр.

## 12-тема: ИЛИМ КЫЛЫМЫ

**Социалдык-саясий идеялар.** XVIII кылым Европа тарыхына «Илим кылымы» аты менен кирди. Мурда тар чөйрөдөгү гана аалымдардын мүлкү болгон илим-билим университеттин чегарасынан чыгып, кең жамаатчылыкка тарала баштады.

Эң алдыңкы маанайдагы, билимдүү жазуучулар, сүрөтчүлөр, философтор адамды эзип жаткан, анын жөндөмүн чектеп жаткан жана ка-




http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Вольтер**



**Шарл Монтескё**

дыр-баркын тепселенди кылып жаткан бардык абалдарды кескин сындап чыгышты. Алар чиркөө окуусун жана жалпысынан, диндин өзүн сындашты, абсолютизмге жана бардык феодалдык тартиптерге каршы чыгышты, феодалдык жашоо мүнөзүнүн өмүрүн өтөп болгон бардык илдеттерге каршы күрөш башташты.

XVIII кылым агартууну жактоочуларын адамдын түгөнгүс күч жана мүмкүнчүлүктөрүнө жогорку ишеним, жалпы элди кең көлөмдө билимдүү кылуу зарылдыгын түшүнүү сезими ажыратып турган. Ошондуктан агартууну жактоочулук өз доорунун улуу идеялык кыймылы болчу.

Бул кыймылдын катышуучулары тарыхта **«агартууну жактоочулар»** атын алышты. Алардан эң белгилүүлөрү француз ойчулдары **Вольтер, Шарль Монтескё, Жан Жак Руссо, Дени Дидро** жана англис агартууну жактоочусу **Адам Смит** эле.

Адамдын аң-сезиминин жаратмандык кудуретине чексиз ишенген агартууну жактоочулар, феодалдык тартиптер менен күрөштүн ыңкылаптык усулдарына терс мамиледе болушту. Алар агартуунун өнүгүүсү өз-өзүнөн иш жүзүндөгү тартиптердин өзгөрүүсүнө алып келиши мүмкүн, деп эсептешчү.

Эски теориялар жана идеяларга карама-каршы түрдө агартууну жактоочулар алдыңкы жана өз доору үчүн ыңкылаптык болгон жаңы идеяларды илгери сүрүштү. Адам үчүн татыктуу жашоо жана эмгек шартын жарата турган илимдин мүмкүнчүлүктөрүнө чексиз ишеним Илим кылымынын негизги идеясы болду. Ошондуктан «илим жана өнүгүү» деген сөздөр агартууну жактоочулардын ураанына айланды. Адамдын жаратмандык күчүнө болгон чоң ишеним агартууну жактоочуларды дайыма шыктандырып турду.


**Илим кылымынын көркөм адабияты.** Илим кылымы – бул Европа маданияты тарыхындагы негизги баскычтардан бири болуп, илим, философия жана социалдык пикирдин өнүгүүсү менен байланыштуу. Илим кылымынын негизин эркин ой жүгүртүү түзөт. Бала чактан көпчүлүктүн сүйүктүү каарманы болгон Робинзон Крузо илим кылымында дүйнөгө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

келген. Англис жазуучусу **Даниел Дэфо** (1660–1731) өз каарманын иш билги, эмгекчил, өз күчүнө ишенүүчү кылып жаратты. Робинзон ээн аралда тырышчаактык жана өжөрдүк менен үй курду, тиричилик буюмдарын жана мебель жасады, жаныбарларды үйрөттү. «Робинзон Крузонун өмүрү жана башынан өткөргөн ажайып окуялар» романы эмгек, накта адамдык ой, тырышчаактык жана эрдиктин гимни болуп калды.



Ж.Ж. Руссо

Айылдын дин кызматкери, кийинчерээк болсо Ирландиядагы Дублин ибадатканасынын жетекчиси **Жонатан Свифт** (1667–1745) агартууну жактоочулардын айкөл идеялары адамдарды өзгөртпөгөнүн, буржуа коому да феодалдык коом сыяктуу жеткилеңдиктен кыйла алыс экенин өзүнүн «Гулливердин саякаты» романында ачып берген.



Даниэль Дефо

Свифттин каарманы Гулливер менен Робинзон – замандаштар, Илим кылымынын адамдары, бирок Гулливердин көз карашы тереңирээк. Балким ошон үчүн да анын алыскы өлкөлөргө жасаган саякаттары бактылуу аяктабагандыр.

Бирок Свифттин максаты адамдын табиятын кайдыгер күзөтүп туруу эмес, адамдарга чын дилден кайгыруу, аларга адамдыкты сактап калууда жардамдашуу, жапайылашып кетүүдөн эскертүү эле. «Адам сен ойлогондон көрө баалуураак», деп жазган Свифттин акыл чырагы жана жөндөм күчү Илим кылымын өчпөс нур менен жарытып турат. Анын оор шартта да адамдыкты сактап калууга болгон чакырыгы бүгүн да өз маанисин жоготкон жок.



Жонатан Свифт

Улуу немис акыны **Иоганн Волфганг Гёте** (1749–1832) болсо өз кылымын – аң-сезим жана жарыктын кылымын туюнта турган каарман издеп, доктор Фауст жөнүндөгү байыркы немис уламышын кайра жазды. Жаратылуусуна 60 жыл сарпталган философиялык драма адамдын өз идеялары үчүн күрөшү улуу күрөш экенин белгилөө менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**И.В. Гёте**



**«Кайдыгер»**



**И.С. Бах**

Агартуу кылымынын маңызын ачып берет. Карып калган Фауст түбөлүк чындыкты түшүнүп жетет:

*Узак турмуш жолун басып өттүм да,*
*Ааламдын чындыгын түшүнүп жеттим:*
*Күн сайын күрөшкөн адамдар гана*
*Татыктуу өмүргө, жашоого эркин.*

**Сүрөт өнөрү.** XVIII кылымдын биринчи жарымында Европа сүрөт өнөрүндө али да сарай элинин назик диттүү көркөм өнөрү гүлдөп-өскөн. Бул доордо «королдун биринчи сүрөтчүсү», укмуштуудай сахналардын ажайып устасы Франсуа Буше (1703–1770) болчу. Анын реалдуу турмуштан чексиз алыста болгон сүрөттөрү аристократтардын сарайларында кооз жасалга боло алчу.

Башка бир сүрөтчү Антуан Ваттонун сүрөттөрү болсо кыйла тереңирээк эле. Ал тарткан сүрөттөр эң назик сезимдерди, каармандардын көз ылгагыс маанайларын туюнткан. Ватто сызган «Татаал сунуш», «Кайдыгер» өндүү чыгармалар өтө таанымал эле.

**Музыка.** Немис композитору **Иоганн Себастьян Бах** (1685–1750) тирүү кезинде таанымал эмес болчу. Анын чыгармалары адамдарга өтө олуттуу туюлчу, чиркөө болсо Кудайдан коркуу күүлөрүнүн жетиштүү эместиги үчүн анын музыкаларын жактырчу эмес. Жадагалса, Бахтын уулдары да атасынын чыгармачылыгын үмүтсүз, эскирип калган деп эсептешчү. Аларга мурас болуп калган Бахтын кол жазмаларынын кыйла бөлүгүн жоготуп жиберишкен.

Бахтын хор, солисттер жана оркестр үчүн жазылган чоң чыгармасы – «Матто баяндаган чоң кайгы» апостол Матто баяндаган Иса Машайыктын азаптарын, сезим-туюмдарын баяндайт.

Инжилдеги уламышты Бах адамдарды куткаруу үчүн өзүн курмандыкка чалган каарман жөнүндөгү элдик драма катары баяндаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Илим кылымы музыка өнөрүнө чоң салым кошкон дагы бир адам **Вольфганг Амадей Моцарт (1756–1791)** эле.



**В.А. Моцарт**

Ал Австриянын байыркы кооз шаарчасы Залсбургда жарык дүйнөгө келген.

Замандаштары Моцартты өз доорунун чыныгы укмушу дешкен. Анын өмүрү кыска, кедейлик, кордук жана жалгыздыкка толтура болсо да, анда шаттык жана улуу махабат, бакыт жана чыгармачылыкка умтулуу күчтүү эле.

Ал 3 жашынан баштап музыканы үйрөнө баштаган, 4 жашында өзүнүн биринчи концертин жазган, 12 жашында жазган операсынын премьерасы Милан театрында коюлган, 14 жашында Моцарт Италиядагы эң абройлуу музыка академиясынын академиги болгон. Өмүрүнүн соңку он жылын Моцарт Венада өткөргөн. Композитордун «Фигаронун үйлөнүшү» операсы аны өтө белгилүү кылган. Операнын күүлөрү бардык жерде: көчөлөрдө, аянттарда, ашканаларда угулуп турган, аны, атүгүл көчө музыканттары да аткарышчу.

Композитордун соңку чыгармасы – «Реквием» (*requem* – аза күүсү, тыныгуу) чиркөөлөрдө өлгөндөрдүн элесине арналып аткарылчу. Бул өмүр менен өлүм жөнүндөгү, адамдын бул дүйнөдөгү тагдыры жөнүндөгү чыгарма. Анын биринчи аткарылышына чейин жашоо Моцартка насип этпеген.

Өзүн улуу композитор Моцарттын улантуучусу деп эсептеген адам **Людвиг ван Бетховен (1770–1827)** болчу. Ал 22 жашынан баштап Венада жашаган. Азаптуу оору себеп кыйналган жана таптакыр укпай калган Бетховен женилген жок. Ал ооруга каршы күрөшкөн жылдары таасиринин күчү жана кооздугу менен адамдарды таң калтыра турган чыгармаларды жараткан.



**Л.В. Бетховен**

«Фантазия жолундагы соната» («Айлуу түн») – композитордун бактысыз сүйүүсү жөнүндөгү чыгарма. «Каарманнаама» симфониясы болсо XVIII кылымдын аягында Францияда болгон ыңкылаптык окуялардын духу менен жуурулушкан.

Симфония алгач Бонапартка арналган эле. Ал өзүн император деп жарыялагандан соң композитор чыгармасына «Каарманнаама» деген жаңы ат берди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Симфониянын борборунда – баш ийбес козголоңчунун образы, тагдырдын эч кандай соккулары сындыра албай турган эр жүрөк, коркпос адамдын образы көрүнөт.

Бетховен өмүрүнүн соңку күндөрүнө чейин аң-сезимдүү, жаркын күчтөрдүн үстөмдүгүн жана жеңишин даңктоого арналган чыгармаларды жаратуу тилеги менен жашады.

***XVIII кылым тарыхка Европадагы катмарлуу коомдун негиздерине, монархтардын абсолюттук бийлигине каршы руханий үгүттөө болуп чыккан Илим кылымы катарында кирди. Агартуучулук идеялары адамдардын аң-сезимин ээлеп, Европа цивилизациясынын образын өзгөртүп жиберген материалдык күчкө айланды.***

***Агартууну жактоочу идеялар Түндүк Америкада эгемендик үчүн согуш жылдары, Улуу француз ыңкылабы доорунда жалпы мүнөзгө ээ болду. Илим доорунун көптөгөн идеялары XIX, айрыкча, XX кылымда демократиялык мамлекеттердин саясий практикасынын, укуктук нормаларынын негизине айланып, коомдун кең катмарлары арасында таанылды.***

***Илим кылымында калыптанган адамдын эркиндиги жана теңдиги сыяктуу идеялар кийинки кылымдарда Азия жана Африка элдеринин арасында тарап, бул элдердин күрөшүнүн да мазмунун түздү.***

?!

1. *Илим кылымынын социалдык жана саясий идеялары кайсы ойчулдардын аттары менен байланыштуу?*
2. *Илим кылымынын көркөм адабиятынын кандай өкүлдөрүн жана алардын негизги идеяларын билесиң?*
3. *Агартууну жактоочу доордун көркөм өнөрү өкүлдөрүнөн кимдерди билесиң жана алардын чыгармалары эмнеси менен айырмаланып турат?*
4. *Илим кылымы музыка өнөрү дүйнөгө кайсы белгилүү композиторлорду берди?*

Ж. Свифттин «Гулливердин саякаты» романын китепканадан алып оку жана алган таасирлеринди дептериңе жаз.

Интернетте Моцарттын «Реквием» жана Бетховендин «Каарманнаама» симфониясын ук жана алардын негизинде «Музыка сыйкыры» аттуу эссе жаз.

«Моцарт» фильмин көр жана жыйынтык чыгар.

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# III БӨЛҮМ. XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА АЗИЯ ЖАНА АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

## 13-тема: XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИ ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Европа тарых илиминде чыгыштын өнүгүү түрүн «салттуу цивилизация», «салттуу коом» деп аташат. Буга көпчүлүк жупуну жашоо мүнөзү, диний сабыр-такаат, жер ээлигинин өзүнө мүнөздүү формасы, адамдардын турмушунун мамлекет тарабынан тартипке салынышы сыяктууларды негизги белгилер катары киргизишет.

Байыркы цивилизациялар кайсы аймактарда пайда болгон эле?

**Өнүгүүнүн негизги багыттары.** Азия мамлекеттеринде Жаңы доор алардын колонияларга айландырылышы менен байланыштуу. Орто кылымдарда Чыгыш мамлекеттери табияттын салыштырмалуу берешен бе-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

леги себеп өздөрүнүн географиялык жана тарыхый үстөмдүктөрүн көрсөтө алды. Өнүккөн социалдык эмгек бөлүштүрүүсүнө, маданий өнүгүүнүн өтө жогору даражасына, коомдун руханий өнүгүүсүнүн жогорку баскычын чагылдыруучу диний жана ахлактык режимди калыптандырууга жетишти. Чыгыштын Батыштан үстөмдүгү, айрыкча, кылымдар бою топтолгон руханий мүмкүнчүлүктөр, тажрыйба жана билимдерге таянган интеллектуалдуу күчтөрүндө даана көрүндү. Бул доордо техникалык, технологиялык, уюштуруу жана маданий инновациялар кеңири жайылган болуп, алардын көпчүлүгү 300–500 жана жадагалса 1000 жыл өткөндөн соң Европада пайда болду, бир аз Чыгыштан өздөштүрүлдү. Элдин өсүү темпи да экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жогорулугунан кабар берет.

*Бирок Жаңы доордун башына келип, Чыгыш мамлекеттер өнүгүүдө Европага салыштырмалуу сезилерлүү артта кала баштады. Анын негизги себептери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүү мүмкүн:*

*– Чыгыш мамлекеттеринде аскердик чыгашалардын көлөмү Батыш мамлекеттерге караганда кыйла жогору эле;*

*– XVI–XVII кылымдардан баштап, Чыгыш мамлекеттеринде транспорт каражаттары (кемелер, порттор, жолдор, каналдардын курулушу) жана коммуникация режиминин (китеп басып чыгаруу, сабаттуулук даражасы) өнүгүү темпи Батыш мамлекеттерине салыштырмалуу төмөндөдү;*

*– Орто кылымдардын аягынан баштап, Чыгыш мамлекеттери жекеленүү же «жабык эшиктер» принцибине негизделип, активдүү тышкы саясат алып барбады;*

*– европалык колонисттер кирип келиши алдында Чыгыштын көп мамлекеттеринде тарыхый жактан жаратылган материалдык, социалдык жана руханий байлыктарды өнүктүрүүнүн ордуна, табигый ресурстардан узак убакыт экстенсивдүү пайдалануунун натыйжасында келип чыккан социалдык-экономикалык кризис күзөтүлүп жаткан эле.*

Европанын экспанциясы жана эзүүчүлүк Азия мамлекеттеринин социалдык-экономикалык структурасына кыйла карама-каршылыктуу таасир көрсөттү. Цивилизациялардын ортосундагы «алака» адамдардын арасындагы өтө чоң жоготууларга алып келди. Көпчүлүк абалдарда колониячылык кеңири деңгээлде талоончулуктан туруп калды.

Бирок XVII кылымдын ортолоруна чейин Батыштын Чыгыштан үстөмдүгү тышкы көрүнүш гана болуп, бул мезгилде Чыгыш аскердик иште, материалдык байлыктарды өндүрүүдө Европадан кыйла алдыда




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

эле. Бирок Чыгыш бирдей эмес эле. Чыгышта бир нече түрдүү цивилизацияларды бөлүп көрсөтүү мүмкүн.

**Кытай-конфуцийлик цивилизациясы** XVI кылымда дүйнөнүн эң калкы көп жана бай бөлүгү болуп калып жаткан эле. Адамдардын жупуну жашоо мүнөзү, диний сабыр-такаат, жер ээлигинин өзүнө мүнөздүү формасы, жашоо мүнөзүнүн мамлекет тарабынан тартипке салынышы сыяктуулар бул цивилизациянын негизги белгилери болуп эсептелет.

**Япон цивилизациясы таптакыр** башкача характерге ээ. Ал Кытайдан көп жаңылыктарды: жазуу системасын, материалдык маданияттын бир кыйла бөлүгүн кабыл алды. Ошондуктан Япония цивилизациясын Кытай цивилизациясынын бир тармагы да дешет. Бирок Кытайдан айырмалуу түрдө, япон коомунда адам жана анын өз турмуш жолун эркин




**Түштүк жана Чыгыш Азия аймактары**



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тандоо укугу четке кагылбайт. Япония калкынын курамында Европа дворяндарына окшош айкөл рыцарлары (самурайлар) жана княздары бар Чыгыштагы жалгыз мамлекет эле. Өнүгүүнүн жогорку даражасы бул цивилизациянын сейрек сапаттарынан кабар берет. Кытайча гана тартиптерди киргизген Токугава режиминин орнотулушу япон коомунун өнүгүүсүн токтотуп, аны убактылуу активдүү эл аралык мамилелерден үзүп койгон.

**Индия цивилизациясы** Индия жана Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттерине таралды. Бул цивилизациянын өзүнө мүнөздүү жаткары мында: индия коомунда адамдардын социалдык абалы анын төрөлүү фактору, б.а. ата-энесинин коомдогу орду менен белгиленет. Бул жерде адамдар каста (катмар)ларга бөлүнгөн болуп, адамдын коомдогу орду анын кайсы кастага таандык экени менен байланыштуу.

**Ислам цивилизациясынын** өзүнө мүнөздүү жактары төмөнкүлөр: анын негизин түзүүчү ислам дини мусулмандардын көз карашын гана эмес, о.э. жашоо мүнөзүн да белгилеп берет. Ислам дини бардык мусулмандардын тендигине негизделгендиктен көп элдердин ортосунда кеңири тараган.



**XVI–XVII кылымдардан баштап** Чыгыш мамлекеттеринде транспорт каражаттары жана коммуникация режиминин өнүгүү темптери Батыш мамлекеттерине салыштырмалуу төмөндөдү.

Чыгышта Орто кылымдык режимдин кризиси, оболу, жерге салыштырмалуу мамлекеттик мүлкчүлүктүн изден чыгуусунда, борбордук бийлик жана салык режиминин начарлоосунда байкалган. Чыгыш мамлекеттеринде көп кылымдар бою өнүгүп келген феодалдык режим бир топ маанилүү өзгөчөлүктөргө ээ эле. Буларга коомдо мамлекеттин ролунун жогорулугу, уруулук жана кулчулук мамилелеринин калдыктарынын сакталып калышы, коомдун экономикалык турмушунда шаарлардын ролунун төмөндүгү сыяктууларды киргизүү мүмкүн.

XVII–XVIII кылымдарда Европа жана Азия элдеринин өз ара мамилелеринде терең өзгөрүүлөр болду. Илгери аларда аскердик техника, кол өнөрчүлүк жана сооданын өнүккөндүк даражасы бири-бирине жакын эле. Бирок кийинки доор европалыктар үчүн өтө ыңгайлуу келди. Азия элдери болсо түрдүү империялардын зулумунан бошонгондо, дайыма салттарды кайра калыбына келтирүү, баскынга чейинки социалдык жана саясий турмуш тартиптерин кайрадан орнотууга аракеттенишкен. Бул



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тартиптер жергиликтүү ак сөөктөргө да, кеңири калкка да баскынчылар орноткон тартиптерден жакшыраак, адилеттүүрөөк сезилчү. Эски жашоого кайтуу логикасына Кытайда да, Индияда да, көпчүлүк ислам мамлекеттеринде да катуу амал кылынчу.

- Кытай-конфуцийлик цивилизациясы – бул ...
- Япон цивилизациясы – бул ...
- Индия цивилизациясы – бул ...
- Ислам цивилизациясы – бул ...

***Жаңы доордо да калыптанган, баары көнүп калган, салттык тартиптерди идеалдаштыруу Чыгыш цивилизациясынын маанилүү жагы болуп калды. Дал ушул жак бир тараптан, көптөгөн тышкы баскындардын шартында цивилизациянын негиздерин сактап калуу мүмкүнчүлүгүн берген болсо, башка тараптан, анын өнүгүү темптерин басаңдатты, илим жана техника багытындагы жаңылыктарды сунуштоого, социалдык турмуш жана өндүрүштү уюштуруунун жаңы усулдарын киргизүүгө тоскоолдук кылды.***

**Экстенсив** – өнүгүүдө сапаттык өзгөрүүлөрүнө эмес, сандык гана көбөйүүгө жана ылдам натыйжаларга багытталган өсүү.

*1. Кытай-конфуцийлик цивилизациясынын өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турат?*
*2. Япон цивилизациясынын өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турат?*
*3. Индия цивилизациясынын башкалардан айырмалуу жактары эмнелерден турат?*
*4. Ислам цивилизациясынын башкалардан айырмалуу жактары эмнелерден турат?*

**Чыгармачыл тапшырма**

Т-технологиясынын негизинде Кытай-конфуцийлик, Япон, индия, ислам цивилизацияларынын жалпы жана айырмалуу жактарын дептериңе жаз.

Картадан пайдаланып, Кытай-конфуцийлик, Япон, индия, ислам цивилизацияларынын жайгашуу ордун тап.

## 14-тема: XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА КЫТАЙ

**Саясий турмуш.** XVI кылымдын аягы – XVII кылымдын башында Кытайда минь династиясынын саясатынан нааразылык күчөдү. Мамлекетте реформалардын жактоочусу болгон күчтөр калыптанды. Мамлекеттик башкарууну реформалоо, мамлекетти башкарууда түздөн-түз им-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ператордун ролун ашыруу, о.э., экономикалык өзгөрүүлөрдүн эффективдүүлүгүн жана өндүрүп жаткан азыктарынын сапатын арттыруу үчүн мамлекеттик мануфактуралар жана устаканаларды менчиктештирүү, дыйкандардын жерлерин тартып алууну токтотуу, салыкка тартуу системасын иретке келтирүү сыяктуулар маанилүү орун туткан.

Кытайда жерге ээлик кылуу мамилелери качан калыптана баштаган?

XVII кылымдын башында реформаторлор Пекинде бийликти ээлөөгө жетишишти жана иш жүзүндө өз программасындагы талаптарды ишке ашырууга аракет кылышты. Бирок сарай асылзаадаларынын каршылыгы себеп реформаторлор бийликтен четтетилип, көпчүлүгү репрессияланды. Мамлекеттик казынаны уурдоо, дыйкандардын жерлерин тартып алуу, салыктар жана жеке милдеттемелерди арттыруу улана берген. Кытайдын эл аралык абалы да барган сайын начарлап барган.

Бирок миндердин бийлиги үчүн бийликчил режимге каршы барган сайын ири масштабдагы согушка айланып бараткан дыйкандар козголондору, айрыкча, кооптуу эле.

**Чин (синь) династиясынын бийлиги.** XVI кылымдын аягында Амур дарыясынан түштүктө манжур урууларынын союзу пайда болгон. Манжурлар өз мамлекетин түзүп, коңшу Монголияны басып алган. 1636-жылы манжурлардын башчысы Абахай өзүн хан, жаңы мамлекетти болсо Чин (б.а. «асыл», «таза») деп атады.

Чиндер Кытайды басып алуу үчүн узак күрөш алып барышкан. Ушул доордо Кытайда элдик козголондордун күчөшү дагы бир топ козголоңчулардын Пекинди ээлеп алуус да чиндерге жардам берди. 1644-жылы Пекинге кирип келген манжурлар башчысы Шунчжи Кытайдын императору деп жарыяланды. Чиндер Кытайдагы дыйкандар козголоңун бастырды. Жергиликтүү мекенчилдердин Нанкин шаарында чиндерге каршы бирдиктүү фронт түзүү үчүн жасаган аракети да ишке ашпады. Кийинки бир нече жыл бою чиндерге каршы болуп өткөн козголоңдор да кошуундар тарабынан ырайымсыз бастырылды.

Чиндердин бүткүл Кытай аймагын ээлөөсү оңой болбоду. Ар бир шаар катуу салгылашуулар менен алынды. Узакка созулган согуштардан соң Тайвань да ээленди жана Кытайдын аймагы толук баш ийдирилди. Манжурлардын чин династиясы Кытайда 1911-жылга чейин бийлик жүргүздү. Чиндер XVII–XVIII кылымдарда өздөрүнүн баскынчылык саясатын улантышты. Корея, Батыш жана Түндүк Монголия,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Вьетнам, Кашкар баш ийдирилди, Бирма да чиндерге вассалдыгын таанызды.

**Экономикалык турмуш.** XVI кылымдын башына келип Кытайда агрардык тармак өнүгүүнүн кыйла жогорку даражасына жетишкен болуп, ал мамлекеттин экономикасында маанилүү роль ойногон. Иш куралдары жөнөкөй болсо да, дыйкандар калктын негизги тамак-ашы болгон шалыдан жогору түшүм алчу. Алар жаңы технологиялар, мисалы, шалыны уялатып эгүү усулун, сапаттуу үрөн даярдоо сыяктууларды жолго койгон. Кытай дыйкандары шалыдан башка, пахта жетиштирүүдө да чоң ийгиликтерге жетишишкен.

Кытайда жерге ээлик кылуунун эки негизги түрү – мамлекеттик жана менчик жер ээлиги бар эле. Бирок менчик жерлер XVI кылымда азайып барды. Дыйкандардын жерлери акырындап ири жер ээлери, сүткорлор жана аткаминерлердин колуна өттү. Жерлердин чоң бөлүгү түз эле императордун мүлкүнө айланды.

Дыйкандар жерлерди ижарага алып, эгин эгишчү. Ижара акысы түшүмдүн 50 пайызын түзгөн жана бул дыйкандарды алдан тайдырып, алардын нааразылыгына себеп болчу. Бул доордо салыктар да тынымсыз өсүп турган. Алар натуралдык түрдө шалы менен алынчу жана XVI кылымдан баштап гана салыктар күмүш тыйын менен төлөнө баштаган. Бул кыйынчылыктар бир топ дыйкандар козголоңдоруна алып келип, алар бүтүндөй империянын аймагын камтып алган.

Шаарларда калктын саны айылдагыга караганда кыйла аз эле. Шаардыктар, негизинен, кол өнөрчүлүк жана соода менен алектенишчү. Кездеме өндүрүүдө өз мезгили үчүн кыйла татаал болгон станоктор, о.э., суу менен айландырылуучу курулмалар да колдонулган.

Имарат курууда көтөрмө кранга окшош курулмалардан пайдаланылган. Ошол мезгилдерден сакталып калган имараттар бүгүнкү күндө да өзүнүн түгөлдүгү жана салабаты менен адамды таң калтырат. Чоң жана бышык кемелерди кура алуучу кытайлык кеме куруучулар да техникалык ийгиликтерге жетишкен болчу.

Кытай техникалык өнүгүүдө Батыштан барган сайын артта калып жаткан болсо да, XVIII кылымдын аягына чейин ал экономикалык жактан дүйнөнүн эң күчтүү мамлекеттеринен бири болуп калган.

**Европалыктардын Кытайга кирип келиши.** Кытай жомоктогудай бай мамлекет катары европалыктарда дайыма кызыгуу ойготуп келген. Европалыктар Кытайдын техникалык ийгиликтерин өздөштүрүп алууга умтулган. Улуу географиялык ачылыштардан соң күчөгөн бул жараян



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XVII кылымда да уланган. Испания Филиппинди ээлеп алгандан соң, айланасындагы аралдарда соода менен алектенүүчү миңдеген кытай жарандарын жок кылып таштады. Дал ушундай таш боордук кийин да кайталанды.

XVII кылымда Кытай жээктеринде голланд кемелери пайда болду. Алар Тайвань аралдарынын бир бөлүгүн ээлеп алышты. О.э., Англия да бул аймактарга кызыгуу билдире баштады. Англичандар Гуанчжоу аймагында орношуп, бул жерде соода жүргүзүү үчүн Кытай өкмөтүнөн уруксат алды. Европалыктар Кытайдан жибек жана фарфор алып кетип, бул жерге тамеки жана ок атуучу куралдарды алып келишчү.

XVIII кылымдын 70-жылдарында Россия Кытай менен өз ара байланыш орнотууга аракет жасады. Бирок эки мамлекеттин ортосунда Ыраакы Чыгыштагы жана Борбордук Азиядагы таасир үчүн күрөш буга жол бербеди. Кийин эки жактын ортосунда куралдуу кагылышуулар болуп өттү.

**Европалыктар Кытайдан** жибек жана фарфор алып кетип, тамеки жана ок атуучу куралдарды алып келишчү.

**XVIII кылымдын 70-жылдарында** Россия Кытай менен өз ара байланыш орнотууга аракет жасады.

**XVI–XVIII кылымдарда Кытай маданияты.** Миндердин доорунда Кытай маданияты гүлдөп-өстү. Өткөн доорлордун эң жакшы ийгиликтерин өзүнө сиңдирип алган коом өнүгүүнүн жаңы баскычына көтөрүлө алды. Бул доордо байыркы дин жана көз караштарга негизделген маданиятты Жаңы доор талаптарына ылайыкташтыруу башталды. Миндер доорунун эң белгилүү аалымдарынан бири Ван Яньмин кытайлыктардын дүйнө карашынын негизи болгон конфуцийликтен баш тартпаган түрдө, бул окууну өзгөргөн тарыхый кырдаалга ылайык түрдө, жаңыча чечмелей баштады.

- 1636-жылы – ...
- 1644-жылы – ...
- XVI кылым – ...
- XVIII кылымдын аягына чейин – ...

Чиндердин дооруна келип, адабиятта да чоң ийгиликтерге жетишилди. Байыркы элдик уламыштардын негизинде «Батышка саякат» романы жазылып, анда кытайлык дин кызматкеринин укмуш издеп Индияга жасаган сапары сүрөттөлгөн. Бул роман китеп сүйүүчүлөрдүн көптөгөн муундарында чоң таасир калтырган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XVI–XVII кылымдарда театр өнөрүнүн эң белгилүү түрү, жалпы улуттук театрга айланган, кунсюй болгон. Анда актёрлор беткап кийип роль аткарышчу. Кунсюйдун негизинде калыптанган Пекин операсы бүткүл дүйнөгө таанымал болгон.

Сүрөт өнөрүндө өтмүш салттары улантылды. Миндердин доорунда Сүрөт өнөрү академиясы кайра калыбына келтирилди. Көркөм чыгармаларга сүрөттүү жасалга берүү өнөрү өнүккөн, пейзаж өнөрү да гүлдөп өскөн. Кытайлык усталар, өз журтунда гана эмес, Батыш Европа мамлекеттеринде да өтө бааланууччу фарфор, кездеме, сырдалган миниатюралар жаратууда чоң ийгиликтерге жетишишкен.

***Ошентип, чин династиясы доорунда Кытай өз кудуретинин чокусуна жеткен. XVIII кылымдын аягына келип, Батыш мамлекеттери Кытайга кысылып кирүү жана аны колонияга айландыруу планын ишке ашыра баштаган болушса да, Кытай Азиянын эң чоң жана кубаттуу мамлекети бойдон калып жаткан эле. Бирок экономикалык жана саясий караңгылык себеп Кытай Батыш мамлекеттеринин жарым колониясына айланган.***

**Пейзаж өнөрү** – сүрөт өнөрүндө табиятты чагылдыруу жанры.

?!

1. *Манжурлардын кол башчысы Абахайдын ишмердиги жөнүндө эмнелерди билесиң?*
2. *Кытайдын XVII–XVIII кылымдардагы баскынчылык саясаты жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
3. *XVIII кылымдын 70-жылдарында Россия – Кытай мамилелеринин өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турган?*
4. *XVI–XVIII кылымдарда Кытай маданиятынын өнүгүүсүнүн өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турган?*

**Чыгармачыл тапшырма**

Концептуалдык жадыбалдын негизинде XVI–XVIII кылымдарда Кытайдын өнүгүүсүнүн өзүнө мүнөздүү жактарын талда.

Картадан пайдаланып, *XVI–XVIII кылымдардагы Кытайдын чегараларына* тактык киргиз.

## 15-тема: XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА ИНДИЯ

**Бабурийлер империясына негиз салынышы.** XVI кылымда Индия саясий бытыранды абалда болуп, өз ара ички жаңжал жана согуштар мамлекетти алдан тайдырган болчу. Индиядагы ички саясий абалды кунт



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

коюп байкап турган Кабулдун өкүмдары Захириддин Мухаммад Бабур кырдаалдан пайдалууну чечти жана Индияны басып алуу үчүн аскердик жүрүш баштады. Бул доордо Түндүк Индиядагы Дели султандыгында оогандардын лодийлер династиясынан болгон Ибрагим Лоди бийлик жүргүзгөн. Ал 1526-жылы 21-апрелде Бабурдун кошуунуна каршы Панипат салгылашуусунда жеңилүүгө туш болуп, курман болгон.

Орто кылымдарда Индияны кайсы династиялар башкарган?

Дели султандыгында Бабур такка келген жана бабурийлер династиясына негиз салган. Бабур 1530-жылы каза болгонго чейин Индияда бийлик жүргүзгөн. Бабурдун осуятына көрө, тактыга анын чоң уулу Хумаюн отурган. Бирок Хумаюнга каршы бириккен жергиликтүү байлар 1540-жылы аны тактыдан оодарышкан. Согушта жеңилген Хумаюн Иран шахы Тахмасп I нин сарайынан орун тапкан. Индияда такты оогандардын сур уруусунун башчысы Шерхан ээлеп алган. Хумаюн узак күрөштөрдөн соң 1555-жылы Делини кайтарып алган, бирок көп өтпөй каза болгон. Тактыга Хумаюндун уулу Акбар келген. Ал Бабурдун мураскорлорунун арасында эң белгилүүсү, улуу реформатор катары ат калтырган. Бул шах Индия тарыхында «Улуу Акбар» аты менен аталат. Акбар 1556–1605-жылдарда Индияны башкарган. Ал аскердик да, дипломатиялык да усулдардын жардамында бардык мусулман бектерин жана инд ражаларын өзүнө баш ийдирген.

**Акбаршахтын реформалары**. Акбаршахтын бийлиги жылдары империянын алтын доору болгон. Акбаршах борборлошкон мамлекет жана күчтүү бийликти куруу максатында империяны вилаяттарга бөлүп, аларга өз өкүлдөрүн (noib) дайындаган. Салык системасы да реформаланып, империянын аймагында бирдиктүү соода салыгы киргизилген, халиса жана жагирдарлардын жерлеринен тең өлчөмдө салык өндүрүлө турган болгон. Бүтүндөй империя үчүн бирдей узундук жана салмак чен бирдиги жана Мырза Улукбек системасына негизделген бирдиктүү календарь киргизилген. Мамлекетти бойлой сарайлар, архитектуралык имараттар жана бактар курулган. Илим-билим, көркөм өнөр жана дыйканчылык өнүккөн. Жолдорду ондоо, кербен сарайларын куруу жана деңиз жолдору аркылуу Европа мамлекеттери менен соода-сатык иштерин жүргүзүүгө айрыкча көңүл бурулган.

Реформалардын ичинен Акбарга эң чоң даңк келтиргени диний реформа болгон. Адамдар ислам, индуизм жана башка бир топ диндерге



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**«Улуу Акбар»**

сыйына турган көп диндүү Индияда Акбаршах диний келишүү саясатын алып барды.

Ал мамлекетти башкарууга мусулмандар менен бирге индилерди да кошкон, мусулман болбогондордон алынуучу жан салыгы — жизяны жойгон, индилердин зыярат жайларынан алына турган салыкка да тыюу салган. Акбаршах өз мамлекетинде диний кең пейилдүүлүк саясатын жүргүзүп, индилердин арасында ислам дининин таралуусун колдоого алган жана ошол эле учурда индилердин ар кандай кемсинтилүүсүн жок кылган.

Акбаршах философия, дин, адабият жана тарых илимин жакшы өздөштүргөн билимдүү өкүмдар болгон. Ал индилер менен мусулмандардын тынч-ынтымакта жашоосуна жетишкен. Акбаршах жүргүзгөн адилеттүү саясат Бабурийлер мамлекетинин ири империяга айлануусунда, анын жергиликтүү калк жана аткаминерлер тарабынан колдоого алынышында чоң роль ойногон. Бул болсо, өз кезегинде, империянын кудуретин жана беделин ого бетер арттырууга кызмат кылган.

Акбаршах Индияда жүргүзгөн адилеттүү саясаты себеп «Улуттук падыша», «Элдик өкүмдар» наамдарына да татыктуу болгон. Ал 1605-жылы каза болгон.



- 1526-жылдын 21-апрелинде ...
- 1530-жыл ...
- 1556–1605-жылдарда ...
- Акбаршах – ...

Акбаршахтын реформалары мусулман байлар жана диний фанаттардын нааразылыган себеп болгон. Нааразылардын арасында Акбаршахтын уулу, тактынын мураскору Жахангир Мырза да бар эле. Ал тактыга келээри менен атасынын көптөгөн реформаларын жокко чыгарган.

**Империянын кризисинин башталышы.** Акбаршах мураскорлорунун саясаты империянын экономикалык абалын оордоткон. Мамлекеттин казнасына түшүмдөр азайып кеткен. Мындай шартта империядан бөлүнүп чыгуу, өзүнчө болуу маанайы күчөдү. Натыйжада, Бабурийлер империясы кризиске жүз бура баштады. Мындай абал, айрыкча, Шах Жахандын уулу Аврангзеб Ааламгирдин бийлиги жылдарында (1658–1707) курчуган. Өз ара кандуу кагылышуулар натыйжасында тактыга келген Аврангзеб талкаланып жаткан империяны сактап калуунун жолу катары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ислам дини эрежелерин туруктуу орнотууга киришкен. Мусулман болбогондордон алынуучу жизя салыгын кайра калыбына киргизген, индилер үчүн калган бардык салыктарды эки эсеге ашырган, аларга өз майрамдарын белгилөөгө тыюу салган, инди ибадатканаларын бузуп таштоону буюрган. Натыйжада, мамлекетти бойлой элдик козголоңдор башталып кеткен.

XVIII кылымдын башына келип, империя талкалана баштаган. Армия өзүнүн мурдагы күчүн жоготкон, жергиликтүү өкүмдарлардын көз карандысыздыгы арткан. Ушундай шартта Индияга баштап ирандыктар, кийин оогандар бастырып кирип, мамлекетти талаган. Бабурий өкүмдарлардын бийлиги барган сайын күчсүздөнүп барган. Мамлекет феодалдык бытырандылыкка кайтып, европалыктардын кирип келиши үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

- 1658–1707-жылдарда ...

**Европалыктардын Индияга кирип келиши.** Европа мамлекеттеринин максаты Индиянын ири байлыктарына, өнүмдүү жерлерине ээ болуу эле. Бабурийлер империясынын кризиси себеп Европалык өкүмдарлар өз максаттарын ишке ашырууга киришишти. Мисалы, 1757-жылы Улуу Британия Бенгалияны басып алды. Бул бай аймак Улуу Британиянын кийинки баскынчылык пландарын ишке ашырууда таяныч милдетин өтөгөн. Ушундай түрдө Улуу Британиянын Индияны акырындап өз колониясына айландыруу доору башталган. Бул жараянда Улуу Британиянын Ост-Индия компаниясы өтө чоң роль ойногон. XVIII кылымдын аягына келип, өзүнүн бардык душмандарын жеңген Ост-Индия компаниясы чачыранды жана алсыз Индияны баш ийдирүүдө жетекчилик кылды.

**Маданият жана көркөм өнөр.** Бабурийлер доорунда Индиянын илими, маданияты жана көркөм өнөрү өнүгүүнүн жаңы чокуларын багындырган. Индияда математика, медицина өңдүү илимдер ошол доордун Европа илимдеринен кыйла илгерилеп кеткен. Адабиятта да өсүү доору башталган. Акбаршах сарайында инди адабиятынын «Махабхарата», «Рамаяна» сыяктуу белгилүү чыгармалары которулду. Чыгыш элдеринин улуу акыны, улуу ойчул аалым Мырза Абдулкадыр Бедил да ушул мезгилде Индияда чыгармачылык кылган.

Бул доор чыгармачылдары арасында эки улуу инди акыны – Тулсидас жана Сурдас айырмаланып турган. Тулсидас «Рамаянанын» сюжет-



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**XVIII кылымда Индия**

тери негизинде «Раманын эрдиктери» аттуу өтө чоң поэма жараткан. Уламыштарга караганда, туума сокур болгон Сурдас Кришнанын өмүрү жөнүндөгү жаркын поэманын автору болгон.

Бабурийлер доору архитектурасы салабаты, жасалгаларынын байлыгы, мусулман архитектурасы жана инди сарай архитектурасы салттары-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тажмахал**

нын жуурулушуусу менен өзгөчөлөнүп турган. Бул доордо тургузулган архитектордук имараттардын эң таанымалы, дүйнөлүк архитектура өнөрүнүн сейрек берметтеринен бири Тажмахал мавзолеи саналат. Аны Шах Жахан өзүнүн сүйүктүү аялы Мумтаз Махалга арнап курдурган.

***Ошентип, бабурийлер доорунда өз өнүгүүсүнүн жаңы баскычын баштан өткөргөн Индия XVIII кылымдан баштап англичандардын колониясына айлана баштаган.***

***Мамлекеттеги экономикалык сенектик, саясий тартипсиздик жана өз ара согуштар англичандардын Индияны басып алышы үчүн шарт түзгөн.***

?!

*1. Индияда Бабурийлер империясы кандайча орнотулган?*
*2. Акбаршах жана Аврангзебдин империяда жүргүзгөн саясатын салыштыр, алардын окшош жана айырмалуу жактарын тап.*
*3. Бабурийлер империясынын күчсүздөнө баштоосуна себеп болгон факторлорду санап бер.*
*4. Кандай факторлор европалыктардын Индияга кирип келиши үчүн шарт түзгөн?*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Чыгармачыл тапшырма**

«Бабурнаама» жана «Хумаюннаама» чыгармаларынан пайдаланып, «Бабурийлер династиясынын дүйнөлүк цивилизацияга кошкон салымы» деген темада эссе жаз.

Интернетте *Индияда бабурийлер дooру*на виртуалдуу саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяларды талда.

## 16-тема: XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА ЯПОНИЯ ЖАНА КОРЕЯ

Япония Ыраакы Чыгышта, Тынч океаны аралдарында жайгашкан болуп, аны «Күн чыгыш мамлекет» деп аташат.

Японияда жер ээлиги мамилелери качан биротоло калыптанган?

Орто кылымдарда Кытай Япониянын өнүгүүсүнө оң таасир көрсөттү. Бул таасир, айрыкча, мин династиясынын бийлиги доорунда Кытай маданияты, сүрөтчүлүгү, адабияты, архитектура өнөрү, философиясы жана аскердик багытында сезилерлүү болду.

**Саясий режим.** XVI–XVIII кылымдарда Япония эли катмарларга бөлүнгөн болуп, вилаяттарды феодалдар – даймёлор көзөмөлдөп, алардын колунда дворян – самурайлар кызмат өтөгөн. Мамлекеттин башында расмий түрдө император турса да, саясий бийлик иш жүзүндө аскердик өкүмдар – сёгундун колунда эле.

Бул доордогу эң маанилүү саясий окуя бүткүл Япониянын борборлошкон бирдиктүү мамлекетке биригүүсү болду.

Мамлекетти бириктирүүдө үч белгилүү тарыхый адам: Ода Нобунага, Тоётоми Хидеёси жана Токугава Иеясунун кызматтары тендешсиз болду. Алар чогуу күжүрмөн армия түзүп, мамлекетти жарандар согушу кырсыгынан алып чыгууга жетишишти. Алардан Токугава Иеясу 1603-жылы сёгун даражасын кабыл алды жана Эдо (азыркы Токио) шаарын борбор кылып, үчүнчү



**Токугава Иеясу**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сёгундукка негиз салды. Бул мамлекет Токугава сёгундугу деп аталды. Токугавалар Японияны бириктирүү ишин аяктап, аны 1867-жылга чейин башкарды. Мамлекетте токугава династиясынын абсолюттук бийлиги орнотулду. Бирок бул династия аз да болсо, императордук бийликтин кол тийгистигин сактап калды. Себеби япон эли үчүн император Кудайдын тукумдарынан эсептелчү.

**Өзүн өзү жекелөө.** Улуу географиялык ачылыштардан кийин Японияда европалыктар пайда болуп, христиан дини да тарай баштады. Европалык миссионерлер аны япондордун арасында аябай үгүттөштү. Бирок көпчүлүк миссионерлер дин беткабы астында япон элин туткундоону, Япониянын эгемендүүлүгүнө чек коюп, аны басып алууну максат кылып коюшкан эле. Японияда XVI кылымдын аягында кабыл алынган мыйзамга ылайык, бардык христиан миссионерлери мамлекеттен кууп жиберилген.

1614-жылы сёгун христиан динине тыюу салуучу мыйзам чыгарды. Мыйзам христиан динин мамлекеттин душманы деп жарыялады. Будда динин урматтабай турган бардык адамдардын Япониядан чыгып кетүүсү талап кылынды. Ушундай түрдө Европалык колонисттер Япониядан кууп жиберилди. Бул абал Япониянын Европа менен мамилелерине таасир кылбай калбады.

Натыйжада, Япония тышкы дүйнөдөн өзүн өзү ажыратып койду. Сёгун өзүн өзү жекелөө саясаты аркылуу Япониянын колонияга айланып калуу коркунучунун алдын алуу максатын да көздөгөн эле.



- 1603-жылы ...
- 1867-жылы ...
- XVI кылымдын ортолорунан ...
- 1614-жылда ...



**1603-жылы** Японияда үчүнчү сёгун династиясы – Токугава үй-бүлөсүнүн бийлиги башталды.

**Ёсимунэ реформалары.** Ёсимунэ токугава династиясынын эң көрүнүктүү мамлекеттик ишмери катары таанылды. Ал токугава династиясынан чыккан сегизинчи сёгун болуп, 1716–1745-жылдары бийлик жүргүзгөн. Ёсимунэ корук жерлерди өздөштүрүүнүн эсебинен дыйканчылык кылуучуларды колдоо саясатын жүргүзгөн. Сугат курулуштары системасын өркүндөткөн. Жерди сатуу, сатып алуу же күрөөгө коюуга тыюу салуучу мыйзам чыгарды. Мамлекеттик жана коомдук турмушту



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тартипке келтирүүдө ал жарыялаган «100 статьялуу Указ» деп аталуучу мыйзамдар жыйнагы чоң мааниге ээ болду.

## XVI–XVIII кылымдарда Корея

**Япониянын кол салуусу.** XVI кылымда Кореяда борборлошкон мамлекеттин акырындык менен күчсүздөнүп барышы коңшулардын ага көз артуусуна себеп болду. Айрыкча, түштүктө Япония тарабынан коркунуч күчөдү.

> Кандай факторлор байыркы Чосондун үч королдукка бөлүнүп кетишине алып келди?

1592-жылы Япония кошууну Корея аймагына бастырып кирди жана корейс кошуундарынын каршылыгын жеңип, Сеул, Пхенянды ээледи. Мамлекеттин чоң бөлүгү япон кошуундары тарабынан басып алынды. Алар тынч элге карата ырайымсыз мамиледе болушту.

Мамлекетте япон баскынчыларына каршы элдик согуш башталды. Басып алынган аймактарда «Ак иш үчүн» элдик партизандык топтору түзүлдү. Элдик кошуундардын кыймылдарына Ли Сун Син кол башчылыгы астындагы корейс флотунун жеңиштери көмөк болду. Ли Сун Син флоту япон флотун кыйратты.

Элүү миңдик Кытай кошуунунун жардамга келиши корейстердин япондорго каршы күрөшүн жеңилдетти. 1593-жылы Кытай жана Кореянын бириккен кошуундары Пхенян жана Сеулду бошотту.

> **1592-жылда** Япония кошууну Корея аймагына бастырып кирди.
> **1593-жылда** Кытай жана Кореянын бириккен кошуундары Пхенян жана Сеулду бошотушту.

Япондор баскыны мамлекетте чоң руханий жана материалдык жоготууларга алып келди. Сугат жер аянттары кескин кыскарып кетти. Аткаминерлер арасында паракордук жана кылмышкердик, эл арасында болсо ачарчылык жана холера күчөдү. Мамлекет эми өзүн тикелеп жаткан бир маалда, ага манжурлардын чабуулу башталды.

**Кореяга манжурлардын бастырып кириши.** Кытайда өз бийлигин орнотууга умтулуп жаткан манжурлар 1627-жылы Кореяга бастырып киришти. Алар корейс кошуунунун каршылыгын жеңип, көптөгөн шаарларды ээлеп алышты жана талашты. Корейс бийлиги баскынчылар ме-



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

нен сүйлөшүүлөр алып барды. Эки жактын ортосунда кол коюлган тынчтык келишимине ылайык, Корея Кытайдын жардамынан жана аны менен союздаштык мамилелеринен баш тартышы керек эле.

Манжур кошуундары Кореяга жаңы чабуул баштады. Манжурлар Сеулду ээлөөгө жетишишти. Аргасыз калган Корея баш ийди. 1637-жылдагы жаңы келишимге ылайык, Корея королу өзүн манжурлардын вассалы деп тан алды. Корейс өкмөтү миндер династиясы менен ар кандай мамилелерди токтотуу жана манжурларга Кытайга каршы согушта жардам берүү, жыл сайын олпоң төлөп туруу милдеттемесин алды. Манжурларга төлөнүүчү ири олпоң жанчылган элге оор жүк болду жана Кореянын абалын ого бетер оордотту.

**Социалдык өнүгүү.** Оор экономикалык жана саясий кризис Корея өкүмдарларын мамлекетте реформалар өткөрүүгө мажбур кылды. Калктын алдыңкы катмары да өкмөттү ушуга үндөп жаткан эле. Феодалдык мамилелердин тоскоолдугуна карабастан, мамлекетте жергиликтүү базарлар калыптанды, ярмарка жана ири соода борборлору пайда болду, Кытай жана Япония менен соода алакалары кеңейди.

Король Ёнгжо (1725—1776) доорунда мамлекетти өнүктүрүү максатында реформа өткөрүлдү. Тогоондор, суу сактагычтар курулду, ачарчылык абалы үчүн атайын дан кампалары түзүлдү. О.э., күрүчтөн спирттүү ичимдиктер даярдоого тыюу салынды жана кээ бир мамлекеттик салыктар жоюлду же азайтылды. Сурак учурунда кыйноонун эң оор түрлөрүнө (буттарын сындыруу) тыюу салынды. Король Ёнгжо доорунда дыйкандардын чоң жер ээлерине өздүк көз карандылыгын жоюу жана кул аялдын небереси эркин инсан болушу жөнүндө декларация кабыл алынды. Күчсүздөнүп жаткан феодалдык режимди чыңдоого болгон бул аракеттер 1785-жылы түзүлгөн «Мыйзамдардын улуу жыйнагы» деп аталган документте өз чечимин тапты. Бирок ири жер ээлери жана аткаминерлер бийлигин чыңдоо максатында жасалган бул сыяктуу бир аз моюн сунуулар, мамлекеттеги бүткүл феодалдык режимдин терең кризисин токтото албаган. Мамлекет күчтүү мамлекеттердин колония аймагына айланып барган.



**Кабуки театрынын актёрлору**

**Маданият жана көркөм өнөр.** Японлордун турмушунда көркөм өнөр өзүнчө роль ойнойт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ааламдын шайкештигин туюуга умтулуу, айланадагы сулуулукту көрө алуу жөндөмү японлордун характеринин өзүнө мүнөздүү жактары болуп саналат. XVI–XVIII кылымдарда ортодо жайгашкан калаанын айланасында япон багын жаратуу өнөрү өнүктү. Көп кабаттуу, чатырынын учу кайрылган имараттар учуп жаткан чоң кушту элестетчү.

XVII кылымда салттуу япон театры – кабуки (ыр, бий, өнөр) пайда болду. Бул театрдын актёрлору эркектер гана болуп, алардын жүзү татаал усулда гримделчү. Жаңы доордо япон поэзиясы да бийик чокуларга жеткен. Поэзиянын эң кеңири тараган жанры уйгашпаган беш катар лирикалык ырлар болуп, алар «Тамчы сууда океанды көрүү керек» деген адабий принциптин негизинде жазылган. Бул хокку жанры деп аталып, анын эң көрүнүктүү өкүлү Масуо Басё эле.

Жаңы доордо Кореяда да биздеги бахшылык өнөрүнө окшош ырчылык кеңири жайылган. Муну менен элдик оозеки чыгармачылыгы адабият статусун алды жана жазма адабият катары да улантылды.

Сүрөт өнөрүндө да элдик чыгармачылык, корейс элинин турмушунан көрүнүштөрдү чагылдыруу салттары күчөдү. Кытайдын пейзаж усулу кирип келди. Бул «тоо жана сууну сүрөттөө» жанры болуп, бул жанрда чыгармачылык кылган сүрөтчүлөрдөн Чон Сон, Ли Мёнук, Ким Хондо чийген сүрөттөр өтө таанымал болчу.

***Ошентип, XVI–XVIII кылымдарда Япония биригип, бирдиктүү борборлошкон мамлекетке айланды, жалпы япон улуттук базары калыптанды. Ички реформалар жана терең ойлонгон тышкы саясат себеп, көпчүлүк Азия мамлекеттеринен айырмалуу түрдө, өз эгемендүүлүгүн сактап калууга жетишти.***

***Кореяда болсо ишке ашырылган реформалар иш жүзүндөгү режимдин кризисин токтото албады. Мамлекет Кытай, Япония, Россия жана Европа мамлекеттеринин колониялык объектине айланып барды.***

**Сёгун (syo – генерал, gun – кошуун)** – XVII–XIX кылымдарда Японияда өкмөттү башкарган ак сөөктөрдүн тобу.

**Кабуки (четтөө, өзүн алып качуу)** – Японияда XVII кылымдын аягында кеңири тараган классикалык театрдын түрү. Анда драма, бий жана музыка элементтери жуурулушкан, аялдардын ролдорун да эркектер аткарган.

**Самурай (saburau – кызмат кылуу)** – феодалдык Японияда аскердик-феодалдык катмар.

?!

1. *Ода Нобунаганын Япония тарыхындагы кызматына баа бер.*
2. *Тойотоми Хидеёси жана Токугава Иеясулардын Япониянын алдындагы кызматтарын салыштыр.*



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*3. Кандай факторлор Жаңы доордо Кореянын күчсүздөнүшүнө алып келди?*

*4. Япония жана манжурлардын баскыны Кореянын экономикасы үчүн кандай кесептерди алып келди?*

**Чыгармачыл тапшырма**

Тексттен пайдаланып, Япония жана Корея мамлекеттеринин Жаңы доордо жетишкен ийгилик жана кемчилдиктерин SWOT схемасынын негизинде чечмеле жана дептериңе жаз.

Темага тиешелүү «Соңку самурай» көркөм фильмин көр жана жыйынтык чыгар.

## 17-тема: XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА ОСМОН-ТҮРК ИМПЕРИЯСЫ

**Империянын күчөшү.** XVI кылымдын башында бүткүл империя вилаятка, ал эми вилаяттар **санжак** (район)тарга бөлүнгөн эле. Вилаяттарды вали, ал эми санжактарды санжакбей башкарган. Империянын негизги таянчы анын кошууну эле.

Осмонийлер династиясынын негиздөөчүсү Осмондун доорунда ишке ашырылган реформаларды билесиңби?

Империя басып алган аймактардагы дыйканчылык жерлери мамлекеттин мүлкү деп жарыяланган. Султан бул жерлерди өз **сыпахий** (аттуу аскер)лерине аскердик милдеттин эсебине бөлүштүрүп берген. Алардын өлчөмү ар түрдүү эле. Сыпахийлер ушундайча өз чарбаларына ээ болушкан. Алар өз жерлерин дыйкандарга ижарага беришчү. Ошол эле учурда аскердик аракеттерде катышуу сыпахийлердин милдетине, зарыл болгондо султандын указын аткаруу болсо санжакбейлерге жүктөтүлгөн. Ошондой эле, алар өз жеринен ала турган кирешеси өлчөмүнө жараша куралдуу аскерлер да алып келиши шарт болчу. Сыпахийдин чарбасынын кирешесин ижарачы дыйкандан алынуучу салык түзгөн. Мындан сырткары, империянын туруктуу жөө аскерлер кошууну – **янычарлар** (жаңы кошуун), ошондой эле, күчтүү аскердик деңиз флоту да бар эле. Бул факторлор XVI кылымда да Осмонийлер империясына кеңири көлөмдө баскынчылык согуштарын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берген. Бул доордо Иран империянын Азиядагы эң ири душманына айланган эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**XVII кылымда Осмонийлер империясы**

**Султан Салим I 1514-жылы** Ирандын шахы Ысмайыл Сафавийдин кошуунун талкалаган. Бул жеңиш султандын Иран шахынын союздашы болгон Египет султандыгына каршы жүрүш баштоосуна жол ачты. Султан Салим I баштап Сирия жана Палестинаны басып алган. **1517-жылы** болсо Египеттин борбору Каир шаары ээленди.

Империя Азия жана Европада гана эмес, атүгүл Африкада да колонияларга ээ болду. Империя аймагынын кеңейиши ири соода жолдорунун да Түркиянын көзөмөлү астына өтүшүнө алып келди. Бул факторлор империянын борбордук бийлигинин жана аскердик кудуретинин андан да артуусун камсыздаган. Натыйжада, Түркиянын соода багытындагы эл аралык бедели Европа, Азия жана Африка мамлекеттери арасында ого бетер арткан.




**Султан Салим I**

**Ички жагдай.** Империянын кудурети султандардын туура саясаты натыйжасында гана ашпастан, о.э. эмгекчилдерди эксплуатациялоону күчөтүү,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

басып алынган өлкөлөрдөн ташып келген көп өлчөмдөгү байлыктардын эсебинен да өскөн. Эксплуатациянын барган сайын күчөшүнөн алдан тайган дыйкандар шаарларга, тоолорго качып кете башташкан. Султан мунун алдын алуу максатында жер ээлерине качып кеткен дыйкандарды мажбурлап кайтарып алып келүү укугун берүүчү атайын указ чыгарган.

Дыйкандардын банкрот болушу жана көп качып кетиши XVI кылымдын ортолорунан баштап айыл чарбасын кризиске алып келген.

Ушундай түрдө Түркиянын аскердик кудуретинин басандоо доору башталган. Батыш Европада борборлошкон мамлекеттер, күчтүү борбордук бийлик орногон бир шартта Түркия кризиске учурады.

**1684-жылы** Европа мамлекеттери Түркияга каршы **«Ыйык лига»** түзүшкөн.

XVI кылымдын аягы – XVII кылымдын башында Түркия мурдагыдай чабуулдук кудуретке ээ болбой калган.



- **Вали** – бул ...
- **Санжакбей** – бул ...
- **XVI кылымдын ортолорунан баштап** ...
- **1684-жылы** ...

**Европа мамлекеттерине көз карандылыктын башталышы.** Барган сайын Түркияда экономикалык тартыштык доору башталган. Мындай шартта Түркия Европа мамлекеттеринин колдоосуна таянууну туура көрдү. Европа мамлекеттери соодагерлерине бир топ жеңилдик жана артыкчылыктар бериле баштаган. Мисалы, Франциянын соодагерлери үчүн болгону үч пайыз өлчөмүндө бажы төлөмү киргизилген. Натыйжада, Түркия базарлары Европа товарларына толуп кеткен. Бул болсо жергиликтүү кол өнөрчүлүккө катуу сокку берген. Тышкы саясатта болсо Түркия, биринчи орунда, Англия жана Франция менен жакындаша баштады. Султандардын оюнча алар Россияга каршы күрөштө империяга союздаштар болушу керек эле. Англия жана Франция бийликтери да учурдагы кырдаалдан өз кызыкчылыктары жолунда пайдаланып калууга умтулушкан. Алардын колдоосунан үмүт кылган Түркия **XVIII кылымда** Россия менен бир нече жолу согуш жүргүзгөн, бирок жеңилген. Жеңилүү Түркияда өкүм сүрүп жаткан Орто кылымдык мамилелердин кыйрашына себеп болгон.



**Олуя Чалабий**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Илим, маданият жана көркөм өнөр.** XVII кылымдан Европанын алдыңкы идеяларынын таасири астында ири шаарлар, негизинен, борбор Стамбулда светтик илимдерди өнүктүрүүгө аракет башталган. Бул доордо улуу түрк аалымы **Кошиб Чалабий**, математика жана астрономия тармагында **Хизр Халифа Табарий, Молдо Мехмет Чалабий, Мустафа Кошибзада** өңдүү аалымдар натыйжалуу иш алып барышкан.

Ушул доордо түрк адабиятында да өзүнө мүнөздүү жылышуу байкалган, ири чыгармалар жаратылган. Ушулардан **Олуя Чалабийдин «Саякатнаама»** чыгармасы тарыхый-этнографиялык булак катары өзүнчө мааниге ээ.

Архитектурада да XVII кылымдын аягы – XVIII кылымдын башында түшүнүксүз, улуттуктан кыйла алыс болгон аралашма усулдар жаратылган. Чындыгында, XV–XVII кылымдарда түрк архитекторлору чоң тарыхый имараттарды жаратышкан эле. Айрыкча, XVI кылымдын улуу архитектору Синан өзүнүн кайталангыс имараттары менен түрк архитектурасынын өнүгүүсүнө чоң салым кошкон.

XVII кылым түрк архитектурасынын кооз үлгүлөрү катары султандын Топкапы сарайындагы Багдад жана Раван мунараларын да айтып өтүшүбүз керек. Бул доордо оймочулук жана миниатюра өнөрү да жакшы өнүккөн. Оймочулукта жасалга каражаты катары, негизинен, миниатюра сүрөттөрүнөн жана жазуулардан пайдаланылган.

Европа маданиятынын таасирине карабастан, Жаңы доордо түрк маданияты, негизинен, улуттугун жана өзүнө мүнөздүүлүгүн сактап кала алган. Бирок империяда башталган саясий жана экономикалык кризис маданияттын өнүгүүсүнө да таасир этпей калбаган.

***Кыскасы, Орто кылымдардын кудуреттүү империясы болгон Осмонийлер мамлекети Жаңы доорго келип, кең масштабдуу кризисти баштан өткөргөн. Бир топ реформаларды ишке ашыруу үчүн болгон аракеттерге карабай, мамлекет Батыш мамлекеттеринин жарым колониясына айлана баштаган.***

**Лига** – союз, бирикме.

**Империя** – тили, дини, маданий салттары бири-биринен айырмалануучу түрдүү элдерди күч менен бириктирген мамлекет.

?!

1. *Осмонийлер империясы тарыхында XVI кылым кандай орун тутат?*
2. *Түркиянын Европа мамлекеттерине көз карандылыгы кандайча болду?*
3. *Түркиядагы Франция соодагерлерине кандай артыкчылыктар берилген жана эмне үчүн ушундай кылынган?*
4. *XVIII кылымда Түркия – Россия мамилелери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Интернетте *XVI–XVIII кылымдарда Түркия мамлекети*не виртуалдуу саякат уюштур. Алган таасирлериңди дептериңе жаз.

## 18-тема: XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА ИРАН

**Сафавийлер династиясы бийлигинин орнотулушу.** XV кылымдын аягында Иран борбордук бийликке баш ийбей турган бир канча эркин аймактарга бөлүнүп кеткен эле. Мунун натыйжасында өз ара ички күрөштөр күч алган. Бул болсо мамлекеттин өнүгүүсүнө өтө чоң терс таасир көрсөтө баштады. Натыйжада, мамлекет күчсүздөндү. Ирандын бул күчсүздөнүшү Түркия баскынынын коркунучун улам күчөтө баштады.

> Иранда түзүлгөн кайсы эгемендүү мамлекет Алтын Ордо менен Кавказ артына ээлик кылуу маселесинде атаандаша баштаган?

Натыйжада, Иранды бирдиктүү мамлекетке бириктирүүнү турмуштук зарылдыкка айландырып койгон. Бул тарыхый милдет аскер башчы, Иранда чоң саясий беделге ээ болгон, Ардебил шаарынын башчысы Ысмайыл Сафавий тарабынан ишке ашырылган.

Ысмайыл I Сафавий алып барган согуштардын натыйжасында чоң-чоң аймактарды ээлеген, 1502-жылы болсо Табриз шаарын колго алгандан кийин ал өзүн шаханшах деп жарыялады. Мына ушундай түрдө тарыхка «Сафавийлер мамлекети» деген ат менен кирген мамлекет пайда болду. Мамлекеттин аймагы Ирандан сырттагы аймактардын эсебинен кеңейген. Борбору Табриз шаары деп белгиленген. Ысмайыл I Сафавий борборлошкон мамлекет түзүп гана калбастан, аны өз доорунун кудуреттүү мамлекеттеринен бирине да айландыра алган.

Ысмайыл I Сафавий борбордук бийликти чыңдоо максатында жер ээлигинин **суюргал** деген түрүн толук жойгон. Анын ордуна **тийулду** киргизген. Бирок бул аракет ири жер-мүлк ээлеринин борборго баш ийбөөгө умтулууларын токтото албаган.

Сафавий өкүмдарлар тынымсыз баскынчылык согуштарын жүргүзүшкөн. Сафавийлер мамлекетинин курамына кирген көз каранды өлкөлөрдүн элдеринин боштондук үчүн жүргүзгөн күрөштөрүн ырайымсыздык менен бастырган.

**Шах Аббас I бийлик жүргүзгөн доор.** Аббас I доорунда (1587–1629) эң ири жер-мүлк ээлеринин эркиндиги жоюлуп, Сафавийлер мамлеке-



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Шах Аббас I

ти өз кудуретинин туу чокусуна жеткен. Бул жер-мүлк ээлери бир убактар сафавийлерге чоң жардам берген, мунусу үчүн кийинки шахтардын доорунда эгемендүү болгон өтө чоң аймактарга ээлик кылып келишкен. Алар иш жүзүндө бул эгемендүү аймактардын хандары болушкан.

Аббас I мамлекеттин борборун Табриз шаарынан **Исфахан**га көчүргөн. Мамлекеттин салык системасында тартип орноткон жана салыктардын өлчөмү кыскартылган. Соода-сатык жана кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүгө айрыкча көңүл бурулган. Жаңы кербен сарайлар жана соода жолдору курулган. Соода кербендери каракчыларга каршы аёосуз күрөшкөн. Тышкы саясатта кең көлөмдүү соода-сатык жолго коюлду. Бул болсо Ирандын ички жана тышкы соодасынын өсүшүнө алып келген. Жаңы сугат объекттери да курулган. Мындан тышкары, Аббас I регулярдуу кошуун да кураган.

**Экономикалык кризистин башталышы.** XVIII кылымдан баштап Сафавийлер мамлекетинде экономикалык кризис башталган. Буга жер ээлигинин тийул түрүнүн өлчөмү артып кеткендиги натыйжасында мамлекетке караштуу жердин өлчөмүнүн жана мамлекеттик казынага түшүүчү кирешенин азаюусу себеп болгон.

Мунун алдын алуу үчүн кийинки өкүмдарлар дыйкандар төлөй турган салыктын өлчөмүн көбөйтүшкөн. Натыйжада, дыйкан чарбалары жакырланган, соодагер жана кол өнөрчүлөрдүн абалы начарлаган, жан салыгы (жизя)нын өлчөмү да арттырылган.

Натыйжада, дыйкандар үчүн жерди ижарага алып тиричилик кылуудан пайда чыкпаган. Дыйкандардын тиричилик өткөрүү үчүн бөлөк жерлерге кетүүдөн башка аргасы калбаган. Бирок шах Султан Хусайн буга жол койбостук үчүн 1710-жылы дыйкандардын жерди таштап кетүүлөрүнө тыюу салуучу указ чыгарган.

Дыйкан чарбасынын жакырланып кетиши ички сооданын кескин кыскаруусуна алып келген.

- XV кылымдын аягында Иран ...
- 1710-жылы ...
- 1502-жылы ...
- Аббас I доору ...

**Оогандардын баскыны.** Экономикалык кризис, өз кезегинде, элдин түрдүү катмарларынын арасында наарazылыктарды келтирип чыгарган.



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошол учурда ири жер-мүлк ээлеринин борбордук бийликке баш ийбөө аракети жана басып алынган өлкө элдеринин боштондук үчүн күрөшү күч алган.

Мисалы, 1722-жылы оогандар өз жетекчиси Мир Махмуд башчылыгында алсырап турган Иранга кол салган. Иран шахы Султан Хусайн бийликти Мир Махмудга тапшырууга аргасыз болгон. Мына ушинтип Ирандын тарыхында оогандарга көз карандылык доору башталган.

**Надыршахтын бийликке келиши.** Бул доордо сафавийлер династиясынын бийлиги наамына болсо да, бар болчу. Соңку өкүмдар Тахмасп II иш жүзүндө эч кандай бийликке ээ эмес эле. Атүгүл, анда түрк жана ооган баскынчыларына каршы күрөшкө элди көтөрө ала турган жөндөм да жок эле. Ушундай шартта Иранда кайраттуу, жогорку кол башчылык жөндөмгө ээ Надыр Кулу күрөшкө чыкты. Ал ооган кошуунун толук талкалап, Иранды ооган баскынынан куткарган. Надыр кулу Сафавийлер мамлекетинин курамына кирүүчү бардык аймактарда өз бийлигин орнотуп, 1736-жылы бардык уруулардын аксакалдарынын курултайында өзүн Иран шахы **Надыршах** деп жарыялоого жетишкен. Мына ушинтип сафавийлер династиясынын бийлиги толугу менен жоюлган.

Надыршах чоң баскынчылык согуштары натыйжасында ири империя түзгөн. Бирок ал 1747-жылы өз ара ички жаңжалдардын натыйжысында өлтүрүлгөн.

**Кожарлар династиясынын бийликке келиши.** Надыршах өлгөндөн кийин империя бир нече бөлүктөргө бөлүнүп кеткен. Иранда түрдүү уруулардын ортосунда так үчүн күрөш күчөгөн. Бул күрөштө негизги ролду зенд жана кожар уруулары ойногон. Алардын ортосундагы күрөш **1758-жылы зенд уруусунун** жеңиши менен аяктаган. Бул уруунун өкүлдөрү 1796-жылга чейин бийлик жүргүзүшкөн. **1796-жылы** болсо бийликти **кожарлар** ээлеп алышкан.

> ЭСИҢДЕ ТУТ
>
> **1722-жылда** оогандар өз башчысы Мир Махмуддун жетекчилигинде күчсүздөнүп калган Иранга чабуул жасаган.
>
> **Аббас I** доорунда Сафавийлер мамлекети өз кудуретинин чокусуна жетишкен.
>
> **Надыр кулу 1747-жылы** өз ара ички жаңжалдардын натыйжасында өлтүрүлдү.

Ошентип Иранда жаңы династия — кожарлар династиясынын бийлиги орнотулган. Мамлекеттин борбору Тегеран шаарына көчүрүлгөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кожарлардын лидери Ага Мухаммад өзүн шаханшах деп жарыялаган. Жаңы династия Иранда 1925-жылга чейин бийлик жүргүзгөн.


Хатаий

**Адабият, көркөм өнөр жана архитектура.** XVI–XVII кылымдарда да Ирандын байыркы маданий салттары улантылган. Айрыкча, шаар куруу, колдонмо көркөм өнөр жана поэзияда салттардын улануучулугу сакталып калган. Бул доордо акындар **Хатаий** (Ысмайыл I Сафавий), **Садыкбек Афшар**, **Сайыб Тебризий**, күрд классик адабиятынын көрүнүктүү өкүлү **Ахмад Хасаний**, күрд акыны **Мырза Шафык** жана башкалар жемиштүү чыгармачылык кылышкан.

Сүрөт өнөрү жана архитектура жогору даражага көтөрүлдү. Кооз сарайлар, медресе жана мечиттер курулган. Булардын катарында Исфаханда тургузулган Шах мечити, Шайх Лутфулла мечити, Али Кара жана Чехел Сотун сарай ансамблдери өзүнүн назиктиги жана салабаты менен айырмаланып турган. Бул доор Иран миниатюрасы дүйнөлүк классикалык адабий өнөрдүн эң жогору үлгүлөрүнөн болуп эсептелет. Исфахан бул көркөм өнөр түрүнүн борборуна айланган. Миниатюра өнөрүнүн өнүгүшүнө Хираттагы Бекзат мектеби чоң таасир көрсөткөн.

XVIII кылымда да маданий салттар улантылды. Бирок мамлекеттеги экономикалык сенектик жана саясий бытырандылык адабият жана көркөм өнөрдө да өз чечимин тапкан. Мындан тышкары, европалыктардын кирип келе башташы да эзелки салттарга таасир этпей калбаган. Базар талабынан келип чыгып, килем жана башка колдонмо өнөр буюмдарын өндүрүүгө көңүл буруу күчөдү. Бул болсо Иран маданиятынын кийинки кылымдардагы өнүгүү багытын белгилеп берген.

***Кыскасы, тынымсыз өз ара согуштар, козголоңдордун натыйжасында XVIII кылымга келип, Иран экономикалык да, саясий да кризиске жүз бурган. Бул болсо мамлекетке Европалык колонисттердин кирип келиши үчүн шарт түзгөн. Күчсүздөнүп калган Иран Европа мамлекеттери, биринчи орунда Англия менен Франция жана Падышалык Россиянын колониялык объектине айланган. Натыйжада, Иран жогорудагы мамлекеттер менен бир нече тең болбогон келишимдерди түзүп, алардын экономикалык жана саясий экспанциясына кеңири жол ачып берген.***

**Тийул** – аткаминерлерге кызматын аткаруу мөөнөтүнө, шахтын алдындагы өзгөчө кызматы үчүн убактылуу же түбөлүккө берилүүчү жер-мүлк. Бирок мындай жерлерди мураска калтыруу мүмкүн болбогон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*1. Иранда сафавийлер династиясы кандайча орнотулган?*
*2. Сафавийлер борбордук бийликти чыңдоо максатында кандай иш-чараларды жасаган?*
*3. Надыршах кандай шартта бийликке келген жана эмне үчүн бийлиги узакка созулбаган?*
*4. Иранда кожарлар династиясынын бийлик башына келүүсү кандайча болгондугу жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

**Чыгрмачыл тапшырма**

Тексттен пайдаланып, дептериңе *XVI–XVIII кылымдарда Ирандын тарыхына* ылайык тарыхый хронологияны доордук удаалаштыкта түз.

## 19-тема. XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

Африканын тарыхын цивилизациялык көз караштан экиге – Сахарадан түндүккө жана түштүккө бөлүп үйрөнүү туура болот.

**Түндүк Африка.** Материктин Сахарадан түндүк бөлүгүндө Египет, Судан, Ливия, Алжир, Тунис, Марокко жана Мавритания сыяктуу араб мамлекеттери жайгашкан болуп, алар VII кылымдан баштап ислам дини жана маданияты таасири астында өнүккөн. XVI кылымда көпчүлүк араб мамлекеттери осмонийлер тарабынан басып алынган. Мамлюктардын бийлиги астында болгон **Египет** да биринчилерден болуп өз көз карандылыгын жоготкон. **1517-жылдын** башында Салим I нин армиясы Египеттин борбору Каирди ээлеп, аны талаган жана кыйраткан.

Түрктөрдүн баскыны мамлекеттеги социалдык-экономикалык мамилелерге чоң өзгөртүү киргизбеген. Болгону мамлюктардын саясий бийлиги кулатылып, бардык феодалдар өз мүлк жана артыкчылыктарын сактап калышкан. Египет өзүнчө падышалык статусун алган жана иш жүзүндө жарым колония мамлекет болчу. Жергиликтүү башкаруу бийлиги толук мамлюк амирлеринин колунда сакталып калган. Түрктөр мамлюктардын башкаруу тажрыйбасынан, жергиликтүү шартты, элдин үрп-адаттарын жакшы билүүсүн өз кызыкчылыктарына пайдаланышкан.

Египетте өндүрүштүк техника али өтө жөнөкөй болсо да, мануфактуралардагы ички эмгек бөлүштүрүлүшү азыктардын көбөйүүсүнө алып келген. Натыйжада, ички жана тышкы соода тез өнүккөн. Египет Европа жана коңшу Азия мамлекеттери менен кызуу соода мамилелерин жүргүзгөн. XVIII кылымдын аягына келип, Каир шаарынын өзүн гана эсептегенде чет өлкөлөр менен соода кылуучу 5 миң соодагер иштеген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XVIII кылымдын 60-жылдарында башталган мамлюк ак сөөктөрүнүн өз ара согуштары Египеттин экономикалык абалына терс таасир эткен. Алардын өз башымчалыгы, дыйкан жана кол өнөрчүлөрдүн үстүнөн жасаган зулумдары мамлекетте нааразылыкты өтө курчуткан. Түрк бийлиги жана мамлюктардын эзүүсүнө каршы башталган элдик кыймылга Каирдеги ал-Азхар мечитинин таанымал шайхтары жетекчилик кылышкан. Алардын чакырыгы менен **1795-жылы** жайда каирлик кол өнөрчү жана соодагерлер өз дүкөндөрүн жабышкан. Мамлюк өкүмдарлары шайхтар менен сүйлөшүүлөрдү баштоого мажбур болгон жана күч колдонуу жана мыйзамсыздыктарды токтотууга убада берген.

**1798-жылы** Наполеон башчылыгындагы француз кошуундары Египетке бастырып кирген жана Каирди ээлеген. Ал-Азхар мечити ушул мезгилде башталган француз баскынына каршы элдик кыймылдын да борборуна айланган. 1800-жылы француздар Египетти таштап кетүүгө аргасыз болушкан.

XVI кылымдын башында испандар **Алжир**ге бастырып кирип, анын жээк бою аймактарын ээлеп алышкан. Испандарга каршы элдик кыймылга башчылык кылган кол башчы Хайриддин жардам сурап Түркияга кайрылган. Осмонийлердин султаны Салим I Түндүк Африкада орношуп алуу үчүн убакыттан пайдаланууга аракет кылган жана Хайриддинге бектербеги (бейлербейи) даражасын берген, Алжирге ири янычарлар корпусун, аскердик кемелер, артиллерия жана финансылык көмөк жөнөткөн. Түрктөрдүн жардамына таянган Хайриддин бир бирден Алжир шаарларын испандардан бошоткон. Алжир расмий түрдө Стамбулга баш ийсе да, мамлекеттин падышасы дээрлик көз карандысыз саясат жүргүзчү.

XVI кылымдан Ливияга да европалыктардын кирип келүүсү башталган. 1510-жылы Триполи испандар тарабынан ээленген. Ливиялыктар да жардам сурап султан Салим I ге кайрылган. Мусулмандарды куткаруу урааны астында аракеттенген түрктөр **1551-жылы** бүткүл Ливияны империяга кошуп алган. XVIII кылымдан баштап, Ливия үстүртөн гана Стамбулга баш ийип, өз алдынча ички жана тышкы саясат жүргүзгөн.

XVI кылымдан баштап, испандар менен түрктөр Туниске да кызыгуу билдиришкен. Натыйжада, **1574-жылы Тунис** жээктерине келип түшкөн 40 миндик түрк кошуундары бул жерде да испандардын бийлигине чекит койгон.

**Судан жана Марокко** өз көз карандысыздыгын сактап калышкан. Марокко Осмонийлер империясы жана Европа мамлекеттери менен соо-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

да келишимдерин түзүп, мындан көп пайда алган. Мамлекет жакшы өнүккөн.

**Батыш Африка.** Европалыктар, негизинен, португалдар жана испандардын Батыш Африка аймактарына кирип келиши XV кылымда башталган. **1434-жылдан 1482-жылга** чейин португалдар жана испандардын Жашыл тумшуктан Конго дарыясына чейин болгон жээк аймактарын изилдеп чыгышкан. Португалиялыктар баштап бул жерден алтын алып кетишкен. Анткени бул маалда Европа базарларында кулдарга анчалык зарылдык жок болчу.




Адамзат тарыхында кулчулук качан пайда болгон эле?

Америка материгин туруктуу түрдө колонияга айландыруунун башталышы жана бул жердеги жергиликтүү индеецтердин түрдүү себептер менен кырылып кетиши натыйжасында ишчи күчүнө чоң талап пайда болгон. Бул талап, айрыкча, плантациялуу чарба пайда болгон аймактарда өтө күчтүү эле. Мындай ишчи күчүнүн булагы, негизинен, Батыш Африканын жергиликтүү калкы болуп, кийинки бир нече жүз жылдар бою бул жерлер өтө чоң кул базарына айландырылган.

XVI кылымдын аягына чейин кул соодасы менен португалдар гана алектенчү. Алар Батыш Африка жээктерине жайгашып алып, акырындап Сенегал жана Гамбия дарыяларын бойлой материктин ичине кирип барышкан. Бирок бул кең аймактарда күчтүү мамлекеттер бар болуп, португалиялыктар өздөрүн баскынчылардай тута албайт эле. Ошондуктан алар негизги көңүлүн Төмөнкү Гвинеяга, Атлантика океаны жээк бою жерлерине караткан. Португалиялыктар жээк бойлорун төрт аймакка бөлүп, бул аймактарды алардан алына турган негизги товардын аты менен атай башташкан. Азыркы Түндүк Либериянын жээктери Ка-



**Баату элдеринин жер иштетүү жараяны**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лемпир жээги, Пил Сөөгү жээги, Алтын жээк, Вольта жана Нигер дарыяларынын аралыгы болсо Кул жээги деп аталган.

XVI кылымдын аягына келип, Американын Испания, Англия жана Франциянын колонияларына айландырылган бардык аймактарында плантация чарбасы кеңири өнүктүрүлгөн. Натыйжада, кулдардын эмгегине талап да артып барган. Африкадагы ишчи күчү базарын ээлөө үчүн Европа мамлекеттеринин ортосунда күчтүү күрөш башталган. Бул күрөштүн натыйжасында Африканын калкы өтө чоң зыян тарткан. XVII кылымдан кул соодасында жетекчилик кылууну голландdar өз колуна алган жана Америкадагы испан колонияларына африкалык кулдарды алар жеткирип берген. Бирок кулдар базарында Голландиянын бийлиги да көпкө созулбаган. XVII кылымдын экинчи жарымынан колония базарларын ээлөө үчүн күрөшкө Англия менен Франция кошулган. Англис жана француз плантаторлору өз чарбаларынын кеңейиши себеп кулдардын эмгек базарын өздөрү ээлөөгө, өз товарларына алтын-күмүш менен акы ала турган португал жана голланд соодагерлеринин кызматынан баш тартууга аракет кылышкан. Кул соодасына, о.э., Швеция, Дания, Бранденбург сыяктуу мамлекеттер да кошулган. Европанын күчтүү мамлекеттеринин ортосунда атаандаштык күрөшү XVII кылымдын экинчи жарымы жана бүтүндөй XVIII кылым бою уланган. Бул күрөш майданы Африка материги, айрыкча, Батыш жана Борбордук Африка болгон.

Кул соодасы аны менен алектенүүчүлөргө жана соодагерлерге өтө чоң пайда алып келген. Европа жана Америкадагы Бристол, Ливерпуль, Манчестер, Лондон, Нант, Руан, Амстердам, Нью-Йорк, Жаңы Орлеан, Рио-де-Жанейро өңдүү көптөгөн шаарлардын ылдам өнүгүүсү жана гүлдөп-өсүүсү кул соодасынан келүүчү пайда менен байланыштуу эле.

XVI–XVIII кылымдарда европалык кул сатуучулар Америкага **15–16 миллион** кул алып келишкен. Арабдар да мусулман мамлекеттерине болжол менен ушунча кул жеткирип беришкен. Кулдардын көпчүлүгү аларды кармоо жана ташып кетүү жараянында набыт болгон. Бир эле Атлантика океаны аркылуу жасаган кул соодасы жараянында **60–70 миллион** африкалык каза болгон. Кул соодасы Африка калкынын табигый өнүгүүсүн токтотуп гана калбастан, африкалыктар коомун адаттан тыш өнүгүү жолуна да буруп жиберген. Кул соодасы африкалыктардын коомунда мүлкчүлүк жана социалдык теңсиздикти күчөткөн, уруучулук режиминин бузулуусуна, уруу аксакалдары арасынан кул сатуучулар катмарынын калыптануусуна алып келген. Кул соодасы Африка элдеринин күчсүздөнүүсүнө, бири-бирине карата ишенбестик жана жек көрүүнүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

артуусуна себеп болгон. Кул соодасы Африканы алдан тайдыруунун эсебинен Европа жана Америка мамлекеттеринин экономикалык гүлдөп-өсүүсү үчүн кызмат кылган.

- 1517-жылы ...
- 1551-жылы ...
- 1795-жылы ...
- 15–16 миллион ...

Кул соодасынын Африка үчүн эң оор кесепеттеринен бири психологиялык жагдай болду: адамдын өмүрү барксыздалды, кул ээлери жана кулдардын түркөйлөшүүсү болуп өттү. Кулчулуктун эң жийиркеничтүү көрүнүшү – расизм идеологиясы калыптанды. Европалыктар Африканы басып алуу жана колонияларга бөлүп алуудагы өздөрүнүн инсандыкка жат жана ахлаксыз аракеттерин актоо үчүн бул идеологиядан чебердик менен пайдаланышкан.

**1798-жылы** Наполеон башчылыгындагы француз кошуундары Египетке бастырып кирген.

Атлантика океаны аркылуу жасалган кул соодасы жараянында **60–70 миллион** африкалык каза болгон.

***XVI–XVIII кылымдарда Түндүк Африка мамлекеттери Осмонийлер империясынын курамына кошуп алынган. Бул ушул аймакка европалыктардын таасирин азайтып, жергиликтүү араб элдеринин ислам цивилизациясы чегинде өзүнө мүнөздүү өз алдынча өнүгүүсү үчүн шарт жараткан.***

***Батыш Африкага европалыктардын кирип келиши материктин табигый байлыктарынын тездик менен өздөштүрүлүүсүнө, кулчулук жана кул соодасынын өнүгүүсүнө алып келген. Кул соодасы африкалыктардын тарыхында өтө кайгылуу из калтырган.***

**Мамлюк** – Орто кылымдарда Египеттеги аскерлердин катмары. Алар, негизинен, кавказдык жана түркий элдердин өкүлдөрүнөн турган өспүрүм кулдардан калыптандырылган.

**Расизм** – бардык расалардын тең эместиги, элдердин тарыхы жана маданиятына расалык айырмалар чечүүчү таасир көрсөтүүсү жөнүндөгү идеологиялык көз караштардын жыйнагы.

?!

1. *Египеттин осмонийлер тарабынан басып алынышы бул жердеги социалдык-экономикалык мамилелерде кандай өзгөрүүлөргө алып келген?*
2. *Батыш Африкага европалыктардын кирип келиши качан башталган?*
3. *Европалыктарда кул соодасына талап качан пайда болгон?*
4. *Кул соодасы африкалыктар үчүн кандай кесепеттерге алып келген?*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# IV БӨЛҮМ. 1800–1870-ЖЫЛДАРДА ЕВРОПА ЖАНА АМЕРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

## 20-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА УЛУУ БРИТАНИЯ

**Өнөр жайдын өнүгүшү.** Бул доордо Улуу Британияда өнөр жай дүркүрөп өнүккөн. Токуучулук, металлургия, машина куруучулук, кен өнөр жайы алдыңкы орунду ээлеген.



Англиянын тарыхында «Кызыл жана ак гүлдөр» согушу качан болуп өткөн?


Машиналашкан өндүрүштүн натыйжасында 1816-жылы Улуу Британияда машиналар 150 млн. адамдын кол эмгегине тең жумушту аткарган. Чындыгында, бул доордо Улуу Британиянын калкы 12 млн. адамды түзгөн. XIX кылымда машина куруучулукта ар түрдүү станоктордун жаратылуусу өндүрүштө ынкылапка тең ачылыш болгон. Станок куруучулуктун өнүгүшү металлды кайра иштетүү мүмкүнчүлүгүн берген. Эми бир машинанын жардамында башка дагы бир машина жаратыла турган болду.

Өнөр жайдын өнүгүшү транспорттун жаңы түрүнүн пайда болушун талап кылган. Мунун натыйжасы катары, **1825-жылы** Улуу Британияда



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Өнөр жай ыңкылабы доорунда Англия**

**дүйнөдө биринчи темир жол** курулду. Бул окуя мамлекеттин түрдүү аймактарын өз ара туташтырган жана жүк ташуунун арзандоосун камсыздаган. Ошол учурда ички базар да кеңейген. Натыйжада, завод жана фабриканын ээлери көбүрөөк азык өндүрө баштаткан.

Темир жол курулушунун башталышы, өз кезегинде, чоюн, темир жана болотко болгон талапты арттырып жиберген. Өнөр жайдын жаңы тармагы — паравоз жасоочулук пайда болгон. Бул болсо күчтүү соода жана аскердик деңиз флотун жаратууга мүмкүнчүлүк жараткан.

XIX кылым адамзат тарыхына буу машиналарынын колдонулушу кылымы болуп кирген. Мамлекеттин турмушундагы бул өзгөрүүлөр Улуу Британиянын «деңиздердин өкүмдары» статусун андан да чыңдаган. Ушул доордо айыл чарбасында да машиналар жана химиялык жер семирткичтерден пайдалануу башталган. Ири өнөр жай ишканаларын куруу улантылган. Темир жолдор жана ири өнөр жай ишканаларынын курулушу чоң каражатты талап кылган. Бул болсо коммерциялык банктардын кудуретин ого бетер арттырган. Алар эми эл аралык деңгээлде да иш жүргүзө баштаткан.

Мамлекетте өнөр жай өндүрүшүнүн концентрациялашуусу болуп өткөн. Дүйнө тарыхында биринчи жолу мамлекеттин экономикасында алдыңкы орун айыл чарбасынан өнөр жайга өткөн. Улуу Британия дүйнөнүн биринчи өнөр жайлашкан мамлекетине айланган.

**Өнөр жай ынкылабынын аякташы.** XIX кылымдын 40-жылдарына келип, өнөр жайдын дүркүрөп өнүгүшү жана илим-билимдин өркүндөшү жаңы бир оркуя — өнөр жай ынкылабынын аякташына алып келген.

Өнөр жай ынкылабынын аякташы дегенде, бир машинанын жардамында башка машинанын жаратылуусунун башталышы түшүнүлөт. Улуу Британияда бул окуя XIX кылымдын 40-жылдарында болуп өткөн. Өнөр жайда буу машинасы негизги күч болуп калган. Таш көмүр отундун эң зарыл түрүнө айланган.

**Парламенттик реформа.** 1825-жылы Улуу Британия парламенти иш таштоого тыюу салуучу мыйзам кабыл алган. Бул мыйзам ишчилердин ортосунда кескин наразылык келтирип чыгарган. Андыктан, парламенттик реформа өткөрүү маселеси зарылдыкка айланган. Натыйжада, 1832-жылы парламент реформасы өткөрүлүп, шайлоо тартиби өзгөртүлгөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Англияда балдардын эмгеги (1815−1848-жылдар)**



- XIX кылымдын 40-жылдары ...
- Өнөр жай ынкылабынын аякташы ...
- 1816-жылы ...
- 1825-жылы ...

Буга ылайык, ири өнөр жай борборлоруна парламенттен 144 орун бөлүп берилген. Ушундай түрдө өнөр жай буржуазиясы эми саясий жактан да өз үстөмдүүлүгүн чыңдаган. Реформанын натыйжасында парламенттин төмөнкү палатасынын мамлекеттин саясий турмушундагы ролу арткан. Ал мамлекеттин бюджетин көзөмөлдөө укугун өзүндө сактап калган. Улуу Британия өкмөтүнүн төмөнкү палатанын алдында гана жоопкер экени белгилеп коюлган. Төмөнкү палата өкмөткө ишенбөөчүлүк билдирген жагдайда, өкмөттүн отставкага чыгуусу милдеттүү кылып коюлган. Реформадан соң шайланган жаңы парламент 13 жашка чейинки балдар үчүн 8 сааттык иш убактысын белгилеген. 9 жашка чейинки балдардын эмгектенүүсүнө тыюу салынган.

Парламенттик реформа мамлекетте шайлоо укугу үчүн күрөштү толугу менен токтото албаган.

1836-жылы Лондон шаарында ишчилердин «Жалпы шайлоо укугу үчүн күрөшүүнүн ишчилер ассоциациясы» түзүлгөн. Ал шайлоо укугун кеңейтүү маселесинде 12 жылдын ичинде парламентке үч жолу **хартия**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**(чартия)** – жарлык тапшырган. Бардык эркектерге жалпы шайлоо укугу берилиши үчүн башталган кыймыл тарыхка **«чартисттер кыймылы»** деген ат менен кирген. Бул кыймыл чынында жеңилген болсо да, кийинки парламенттик реформаларга өз таасирин тийгизбей калган жок.

1867-жылы экинчи парламенттик реформа өткөрүлгөн. Ага ылайык, шаарларда өз үйүнө ээ болгон жана өзүнчө квартирада туруучу бардык эркектерге шайлоо укугу берилген.

**Тышкы саясат.** XIX кылымдын 50-жылдарында Улуу Британия өнөр жайдын өнүгүү даражасы, сооданын көлөмү жана деңиздеги кудурети жагынан дүйнөнүн эң кудуреттүү мамлекетине айланган.




**1825-жылы** Улуу Британияда дүйнөдөгү алгачкы темир жол курулган.

**XIX кылымдын 40-жылдарында** Улуу Британияда өнөр жай ынкылабы аяктаган.

**1836-жылы** Лондон шаарында ишчилердин «Жалпы шайлоо укугу үчүн күрөшүүнүн ишчилер ассоциациясы» түзүлгөн.

Бул кудурет ага колонияларынын үстүнөн бийлигин андан да чыңдоо жана аларды кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн берген. Англия өкмөтү дүйнөнүн стратегиялык жактан маанилүү аймактарында кудуреттүү аскердик-деңиз базаларын курууга жана таяныч аймактарды колго киритүүгө өзгөчө көңүл бурган. Улуу Британия XVIII кылым жана XIX кылымдын биринчи жарымында деңиз жана океандар аркылуу өтө турган дүйнөлүк жолдордо бир топ таяныч пункттарын басып алган. Мына ушул аскердик базаларга жана өз аскердик флотунун өтө чоң артыкчылыгына таянып, Улуу Британия XIX кылымдын ортолорунда эң ири колониячы мамлекетке айланган. Улуу Британия колониялары ичинде эң чоңу болгон Индияда 300 млн. калк болуп, Улуу Британиянын өзүнө караганда болжол менен 10 эсе көп эле.

**«Ак колониялар».** Улуу Британия өз колониячылык саясатында «ак колонияларга» айрыкча көңүл бурган. Америка, Африка жана Австралияга Улуу Британия жана Европанын башка мамлекеттеринен көчүп барган адамдар өздөштүргөн аймактар «Ак колониялар» деп аталчу. Канада, Австралия, Жаңы Зеландия мына ушундай колониялар эле. Ошол эле учурда бул колониялар өзүн-өзү башкаруу үчүн күрөш алып барышкан. Бул күрөш, айрыкча, Канадада кескин түс алган. Натыйжада, Улуу Британия 1867-жылы Канадага доминион статусун берүүгө аргасыз болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***XIX кылым көп жагынан Улуу Британиянын кылымы болгон. Бул жерде биринчи болуп укуктук мамлекеттин жана жарандык коомдун негиздери түзүлгөн. Илим жана техниканын өнүгүүсү өнөр жай ынкылабына алып келген жана Англия «дүйнөнүн устаканасына» айланган. Токтосуз согуштар жүргүзгөн англичандар Жер жүзү элинин чейрек бөлүгүн бириктирген чоң империяны жаратышкан.***

**Отставка (кызматынан четтетүү)** – кызмат ордунан кетүү.

**Концентрация (бирге, борбор)** – кандайдыр бир нерсенин белгилүү бир жерде топтолушу.

**Доминион** – өзүн-өзү башкара турган көз каранды жер, өлкө.

*1. Улуу Британияда өнөр жайдын өнүгүшү жана анын натыйжалары жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

*2. «Өнөр жай ынкылабы аяктады» деген сөздүн мазмунун түшүндүрүп бер.*

*3. Улуу Британияда парламенттик реформа үчүн алып барылган күрөш кандай аяктады?*

*4. Улуу Британиянын эң ири колониячы мамлекет болгондугуна мисалдар келтир.*

**Чыгармачыл тапшырма**

Теманын текстин «Инсерт» жадыбалынын негизинде талда жана эки бөлүктүү күндөлүк түз.

Интернетте *XIX кылымдагы Улуу Британия мамлекети*не виртуалдуу саякат уюштур. Алган таасирлеринди дептериңе жаз.

## 21-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА ФРАНЦИЯ

**Францияда Биринчи империя (1804–1814).** 1799-жылдагы мамлекеттик төңкөрүштөн соң Наполеон Биринчи консул кызматын ээлеген. Кийин бир өмүрлүк консулдукка шайланган. 1804-жылы Сенат аны «Француздардын императору Наполеон I» деп жарыялады. Ушундай түрдө, Францияда монархия кайра калыбына келтирилди. Бирок бул монархия ак сөөктөргө эмес, буржуазияга кызмат өтөчү.

Францияда качан катмардык монархия, б.а. катмар өкүлдөрүнүн жыйынына таяна турган, борборлошкон мамлекет калыптана баштаган?

Биринчи империя доорунда Наполеондун согуштары натыйжасында империянын аймактары кеңейип барган. **1805-жылы Аустерлис салгы-**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Аустерлис салгылашуусу**

**лашуусунда** Наполеон, негизинен, Россия жана Австрия кошуунунан турган бириккен армиянын үстүнөн чечүүчү жеңишти колго киргизген. Согушта Наполеонго каршы Россия жана Австрия императорлору Александр I жана Франц II катышкан.

Өз жеңиштеринен күүлөнгөн Наполеон эми Улуу Британияга карата «материктик курчоо» жарыялады. Ага ылайык, Наполеонго көз каранды бардык мамлекеттердин Улуу Британия менен соода-сатык кылуусуна тыюу салынды. Наполеондун максаты ушул жол менен Улуу Британияны баш ийдирүү эле.

Россия да 1807-жылы Наполеон менен тынчтык жана союздаштык жөнүндө Тилзит келишимин түзүп, Франциянын Европадагы бардык жеңиштерин тааныган. Келишим боюнча Россияга Улуу Британия менен алаканы үзүү жана материктик курчоого кошулуу милдети жүктөлгөн.

Бирок Наполеон Улуу Британияга каршы материктик курчоодон көздөгөн максатына жете албаган. Калк тынымсыз согуштардан чарчаган, мамлекетте наразылык, басып алынган аймактарда улуттук-боштондук кыймылы күчөгөн.

Наполеонго бул наразылыктарды бастыруу үчүн чоң бир жеңиштүү согуш керек эле. Ошондуктан да ал Россияга каршы согуш баштап, анда жеңүүнү пландаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

- 1799-жылы ...
- Биринчи империя доору – бул ...
- 1804-жылы ...
- 1825-жылы ...

**Россияга каршы согуш.** 1812-жылы Наполеон Россияга каршы согуш баштаган. Согуш Россия тарыхына «Мекендик согуш» аты менен кирген. 1812-жылы 7-сентябрда эки мамлекеттин кошууну ортосундагы чечүүчү согуш Москвага жакын жердеги Бородино кыштагында болуп өткөн. Бородино салгылашуусунда ар эки жак да көп жоготууларга учураган. Наполеон Москваны ээлеген. Бирок Наполеондун армиясында тартип жоголуп, аскерлер жалпы түрдө талоончулук менен алектене баштапкан. Армияда күжүрмөн дух жоголгон. Наполеон Москваны таштап чыгууга мажбур болгон. М.И. Кутузов башчылыгындагы Орус армиясы чегинип жаткан французадарды кууп, аларга чоң зыян тийгизген.

**Империянын кулашы.** Европа мамлекеттери кошуундарынан турган куралдуу күчтөр менен Наполеондун армиясынын ортосундагы чечүүчү согуш 1813-жылы Лейпциг босогосунда болуп өткөн. «Элдер салгылашуусу» деп аталган бул согушта Наполеондун кошууну талкаланган.

1814-жылы союздаш мамлекеттердин армиясы Париж шаарына кирип келген. Наполеон тактыдан баш тартууга мажбур болгон. Союздаштар аны Эльба аралына сүргүн кылышкан. Ушундай түрдө империя кулаган. Союздаш мамлекеттер Францияда бурбондор династиясы бийлигин кайра тикелөөнү чечишкен. Ыңкылап жылдары өлтүрүлгөн король Людовик XVI нын иниси Людовик XVIII Сенаттын чечими менен тактыга отургузулду. Союздаштар Франция менен тынчтык келишимине кол коюшкан. Ага ылайык, Франция Наполеон доорунда басып алган бардык аймактардан ажыратылган.

**Ватерлоо салгылашуусу.** Ошол эле учурда Францияда ички кырдаал татаалдашып барган. Буга эски ак сөөктөрдүн феодалдык тартиптер жана абсолюттук монархияны кайра орнотушу, о.э., колдорунан кеткен байлыктарын кайтарып берүүсүн талап кылуулары себеп болду. Наполеондун доорунда байып алган жаңы ак сөөктөр жана армиядан бошотулган офицерлер да мамлекеттеги абалдан наарazы эле.

Кырдаалдан сүргүндөгү Наполеон пайдаланып калмакчы болду. Ал 1815-жылы март айында Эльбадан Франциянын түштүгүнө жетип келген. Король Людовик XVIII нин Наполеонго каршы жиберген 30 миң кишилик кошууну да Наполеон жакка өтүп кеткен. Наполеон Париж шаарын ээлеп, дагы такка отурган. Бирок ал бул жолу өкмөттү болгону



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ватерлоо салгылашуусу**

100 күн башкарды. Союздаш мамлекеттер (Улуу Британия, Голландия жана Пруссия) өтө чоң армияны Наполеонго каршы койду. Эки ортодо **1815-жылы Ватерлоо** кыштагында (азыркы Бельгия мамлекетинин аймагында) чечүүчү салгылашуу болуп өткөн. Ал тарыхка **«Ватерлоо салгылашуусу»** аты менен кирген. Согушта Наполеондун кошууну толук талкаланган. Экинчи жолу тактыдан баш тарткан Наполеон эми алыскы Ыйык Елена аралына сүргүндөлгөн жана ал ошол жерде 1821-жылы каза болгон. Францияда Бурбондордун бийлиги кайра калыбына келтирилген.

**Вена конгресси.** Жеңген мамлекеттер Конгресс чакырышкан. Бул Конгресс 1814–1815-жылдарда Австриянын борбору Вена шаарында болуп өткөн. Конгресстин негизги максаты – Еропаны жеңген мамлекеттердин кызыкчылыгы жолунда кайра бөлүштүрүүдөн турган. Конгресстин жыйынтыктоочу документине ылайык, Франциянын аймагы өзүнүн 1789-жылдагы чек арасына чейин кыскартылган. Европада Улуу Британия менен Россиянын таасири күчөгөн.




**1812-жылдын 7-сентябрында** Бородино салгылашуусу болуп өткөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1813-жылда** Лейпциг босогосунда «Элдердин салгылашуусу» болуп өткөн.

**1821-жылда** Наполеон каза болгон.

Ошол эле учурда Вена конгресси териси кара кулдар соодасына тыюу салуучу **декларация** да кабыл алган.

**«Ыйык союз».** Европада келечекте болушу мүмкүн болгон ыңкылаптарга каршы чогуу күрөшүү максатында 1815-жылы Вена конгрессинде үч мамлекет – Россия, Австрия жана Пруссия монархтары союз түзүшкөн. Ал тарыхка «Ыйык союз» аты менен кирген.

**Францияда Июль монархиясы. Экинчи империянын орнотулушу.** 1824-жылы Людовик XVIII каза болгон. Тактыны иниси Карл X ээлеген. Ал өз бийлигин дагы да чыңдоого умтулуп, 1830-жылы мамлекеттин парламентин таратып жиберген жана жарандардын шайлоо укуктарынын дагы да чектелүүсүн билдирген. Бул болсо Париж шаарында ыңкылап башталышына алып келген. Анын катышуучулары буржуазия, ишчилер, кол өнөрчү жана студенттер болгон. Ыңкылаптын максаты Францияда республика режимин орнотуу эле. Франциянын королу Карл X ыңкылаптан коркуп чет өлкөгө качып кеткен. Бийлик ири буржуазия – банкирлер, ири өнөр жайчылар жана чоң жер ээлеринин колуна өткөн. Алар бурбондордун тууганы Луи Филиппти такка отургузуп, ушул жол менен монархияны сактап калышкан. Бул окуя 1830-жылы июль айында болгондуктан тарыхка «Июль монархиясы» аты менен кирген. Ал доордо жаңы Конституция кабыл алынган. **Конституцияда** сөз, басма сөз, жыйындар өткөрүү эркиндиктери жарыяланган. Шайлоочулар үчүн жаш жана мүлк цензлери кыскартылган. Бирок ишчилер жана дыйкандардын абалы оор бойдон калган. Алар тараптан башталган бир канча козголондор ырайымсыз бастырылган.

- 1815-жылы ...
- 1824-жылы ...
- Июль монархиясы – бул ...

**1848-жыл ыңкылабы.** 1846-жылы Францияда кыш өтө суук келип, күзгү дан эгини набыт болгон. Натыйжада, тамак-аш азыктары, биринчи орунда, нандын баасы артып кеткен.

Бул да жетпегендей, кычыроон кыштын айынан тыт дарактарын үшүк урган, пилла жетиштирүүчү токуучулук өнөр жайы кризиске учураган жана ишсиздикти келтирип чыгарган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мындай кырдаал өндүрүштүн кескин азаюусуна, акчанын барксызданышына алып келген. Ишканалардын жабылышы же иш орундарынын кыскартылышы натыйжасында ишсиздик өсүп барган. Булардын бардыгы ыңкылаптын келип чыгышына шарт түзгөн. Акыры, 1848-жылы февралда Франциянын тарыхында дагы бир ыңкылап болгон. Кыска убакыт ичинде Париж шаарындагы бардык маанилүү жайлар, мекемелер козголоңчулардын колуна өткөн. Король Луи Филипп тактыдан баш тартып, Улуу Британияга качып кеткен. Козголоңчулар королдун сарайын ээлеп, анын тактысын өрттөп жиберишкен.

Ушундайча 1848-жылдагы февраль ыңкылабы натыйжасында Июль монархиясы кулаган. 25-февраль күнү болсо Франция Республика деп жарыяланган. Бул Франциянын тарыхындагы экинчи республика эле. Франция парламенти убактылуу өкмөт түзгөн. Жаңы өкмөт басма сөз, демонстрациялар өткөрүү эркиндигин жарыялаган. О.э., 21 жашка толгон бардык эркектерге шайлоо укугу берилген.

**1846-жылы** Францияда кыш өтө суук келип, күзгү дан эгини набыт болгон.

**1848-жыл 25-февраль** күнү Франция Республика деп жарыяланган.

**Экинчи империя.** Мамлекетте тартип орнотууга жөндөмдүү бийлик зарыл болчу. Ошондуктан бийликчил катмарлар чоң ыйгарым укуктарга ээ президенттик кызматын киргизүүнү чечишкен.

1848-жылдын декабрында Наполеон Бонапарттын жээни Луи Наполеон Бонапарт Франциянын Президенти болуп шайланган. Анын чыныгы максаты Франция империясын кайра тикелөө болчу.

1852-жылы 2-декабрда ал өзүн Наполеон III аты менен Франциянын императору деп жарыялады. Ушундай түрдө Францияда Экинчи империя орнотулган. Наполеон III «Империя – бул тынч-ынтымактуулук», деп айткан болсо да, Франция бир нече тышкы согуштарды жүргүзгөн. Бул согуштардан биринде жеңилип, Экинчи империя кулаган.

***XIX кылымда эч бир эл французлардарчалык көп согуштарда катышпаган, башка бир да европалык улут французлардай көп ыңкылапты жасабаган. Натыйжада, XIX кылымдын аягына келип, Франция дүйнөнүн эң кудуреттүү мамлекеттери катарына кирсе да, ыңкылаптар жана согуштардагы өтө чоң жоготуулар себеп өнүгүү темптери барган сайын төмөндөп бараткан эле.***



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE
http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Контрибуция** – согушта жеткирилген зыяндын ордун толтуруу үчүн жеңилген мамлекет тарабынан төлөнүүчү төлөм.

**Ценз** – жарандардын шайлоо укугунан пайдалануучуларын чектөөчү шарттар. Алар мүлк, жаш, жыныс жана башка цензлер болушу мүмкүн.

?!

1. *Францияда Биринчи империя кандайча пайда болгон?*
2. *Вена конгрессинде кандай маселелер чечилген?*
3. *1848-жыл февраль ыңкылабы жана анын кесепеттери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Францияда Экинчи империя кандайча орнотулду?*

**Чыгармачыл тапшырма**

«Биринчи империянын кулашынын себептери» темасында эссе жаз.

Францияда Биринчи жана Экинчи империянын оң жана терс жактарын Т-схеманын негизинде талда жана дептериңе жаз.

## 22-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА ГЕРМАНИЯ ЖАНА ИТАЛИЯ

**Германияда ынкылаптын келип чыгуу себептери.** Германия ынкылабынын негизги себеби – Орто кылым феодалдык тартиптердин капиталисттик өнүгүүгө тоскоол болуп келе жаткандыгы эле. Мунун айынан Германияда саясий бытырандылык өкүм сүргөн. Натыйжада, бирдиктүү жалпы базар түзүлбөгөн. Өнөр жай жана айыл чарбасынын өндүрүшү башка алдыңкы мамлекеттерден артта калган. Зордук-зомбулукка негизделген мамлекеттик аппарат ар кандай эркин пикирди куугунтукка алган. Бул факторлор Германияда да ынкылаптын бышып жетилүүсүнө алып келген. ***Ынкылаптын негизги максаты Германиянын саясий бытырандылыгына чек коюу жана феодалдык тартиптиерди жоюу болгон.*** Ынкылапка буржуазиянын конституциялык монархиянын жактоочусу болгон мээлүүн бөлүгү жетекчилик кылган.

Орто кылымдарда Германияда өндүрүш күчтөрүнүн өсүүсү качан башталган?

**1848-жылдагы ынкылап.** Европанын башка мамлекеттеринде 1847-жылы болуп өткөн экономикалык кризис Германияны да четтеп



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өтпөгөн. Бул кризис ишсиздиктин көбөйүшүнө, эмгек акынын төмөндөшүнө алып келген. Бардык товарлар, айрыкча, тамак-аш азыктарынын баасы көтөрүлүп кеткен. Натыйжада, ач калган эл көчөгө чыккан. Францияда башталган 1848-жылдагы февраль ынкылабы таасиринде Берлинде козголоң башталган. Берлин көчөлөрү баррикадалар менен курчап алынган. Түнү менен кескин көчө салгылашуулары болуп өткөн. Ушундай шартта Пруссиянын королу келишүү жолун издөөгө мажбур болгон жана Улуттук кеңешке (парламент) шайлоо белгилөөгө жана Конституция иштеп чыгууга убада берген. Саясий кырдаалды бир аз болсо да жумшарта алган королдук бийлик ынкылапты бастырууга жетишкн, бирок ынкылап бүтүндөй изсиз кеткен жок.

1848-жылы Пруссия королдугунда конституциянын жарыяланышынын өзү чоң саясий окуя болгон.



Камилло Кавур

**Италиянын бириктирилиши.** 1861-жылы Бириккен Италия королдугу түзүлгөн. Капитализмди андан да өнүктүрүү зарылдыгы мамлекеттин биригүүсүн аягына жеткирүүнү талап кылган. Мунсуз Италия Европада өз ордуна ээ болгон мамлекетке айлана алмак эмес. Тил жана маданияттын бир экендиги Италияны бирдиктүү мамлекетке бириктирүү мүмкүнчүлүгүн берген. Премьер-министр Камилло Кавур алысты көрө билген саясатчы, мээлүүн реформалардын жана конституциялык монархиянын жактоочусу болгон. К. Кавур Австрия зулумуна каршы күрөштө Франция менен келишим түзүүгө жетишкен. Австрия кошууну жеңилип, аны менен келишим түзүлгөн. Бирок Сицилия жана Неапол королдугу Италиянын саясий бытырандылыгынын таянычы болуп кала берген.

Италияны бириктирүүнүн ашкан жактоочусу, элдик каарман **Жузеппе Гарибалди 1860-жылы** өз аскердик күчтөрү менен Сицилия аралына келип түшкөн. Эл аны куткаруучу катары күтүп алган. Сицилиянын Палермо шаары ээленет. Андан соң Ж. Гарибалдинин кошууну Неаполго жүрүш жасайт. Неапол кошууну талкаланган жана Неапол королдугу кулатылган. Италиянын биригүүсүндө үч улуу адамдын кызматтары тендешсиз. Булар премьер-министр К. Кавур, Латын Америкасы мамлекеттериндеги улуттук-боштондук согуштарында аты чыккан элдик каарман Ж. Гарибалди, **«Жаш Италия»** коомуна жетекчилик кыл-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ган Жузеппе Мадзини эсептелет. Көркөм адабиятта ар үч улуттук каармандын Италияны бириктирүүдөгү кызматтарын көздө тутуп, аларды «Мекендин акыл-эси, жаны жана канжарына» окшоштурушат.



**1847-жылда** Германияда экономикалык кризис болуп өткөн.
**1861-жылда** Бириккен Италия королдугу түзүлгөн.
**Италиянын биригүүсүндө үч улуу адам:** Камилло Кавур, Жузеппе Гарибалди, Жузеппе Мадзинилердин кызматтары тендешсиз.

Мамлекетте конституциялык монархия орногон жана эки палаталуу (Сенат жана Депутаттар палатасы) парламент иштеген. 1866-жылы Австриянын кол астында калган Венеция аймагы да, 1870-жылда болсо Франциянын таасиринде болгон Рим шаары да Италия королдугуна кошуп алынган. Ушундай түрдө Италияны бирдиктүү мамлекетке бириктирүү аяктаган.

**Германияны бириктирүү үчүн күрөш.** Германияда да коомдун алдыңкы катмары улуттук биригүү үчүн күрөшүп жаткан болчу. Бул жерде да бүткүл жоопкерчиликти Германиядагы көптөгөн мамлекеттерден бири өз мойнуна алышы зарылдыкка айланган. Мындай ардактуу милдет Пруссияга насип кылды. Пруссия бул доордо Германия империясындагы эң кудуреттүү мамлекет эле.



**Отто фон Бисмарк**

Королдукка өз доорунун эң көрүнүктүү мамлекеттик ишмери **Отто фон Бисмарк** канцлердик кылган. Ал Германияны бирдиктүү мамлекетке бириктирүүдөй тарыхый ишке жетекчилик кылган.

1866-жылы Пруссия Австриянын үстүнөн жасаган тарыхый жеңишинен соң Бисмарк Германиядагы мамлекеттердин Пруссия менен «Түндүк Германия Союзун» түзүү жөнүндөгү келишимине кол коюуларына жетишкен. Бисмарк союздун канцлери – Бундесканцлер кызматын ээлеген. Бисмарк өз жардамчылары менен кыска мөөнөттө Түндүк Германия союзунун конституциясын иштеп чыккан.

Бул конституция негизги текстиндеги кээ бир өзгөрүүлөрдү эсепке албаганда, 50 жылдан көбүрөк убакыт ичинде – 1919-жылы Веймарда Германия Республикасынын Конституциясы кабыл алынганга чейин иштеп келген.



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Көптөгөн майда мамлекеттерге бөлүнүп кеткен Германия XIX кылымда немис улутунун чоң бөлүгүн бириктирген заманбап мамлекетке айланган. Кылымдын аягына келип, Германия эң өнүккөн мамлекеттердин катарынан орун алган.***

***Италия бириккенден соң конституциялык монархия жолун тандаган. Ички базардын начар өнүккөндүгү бийлик чөйрөлөрүн баскынчылыкка, колониялык империя түзүүгө үндөгөн.***

- 1848-жыл ...
- 1861-жылы ...
- 1848-жыл Пруссия королдугу ...
- Отто фон Бисмарк ...

Германияны бириктирүү жолундагы негизги сырткы тоскоол Франция эле. Пруссия ага каршы согушка олуттуу даярдык көрө баштаган.

**Мээлүүн буржуазия** – буржуазиянын келишүүгө умтуулучу, көйгөйлөрдү тынч жол менен чечүүгө, бийликчил катмарлар менен келишүүгө умтулуучу бөлүгү.

*1. Германиядагы ынкылаптын себептери жана анын негизги максаты жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

*2. Италия ынкылабынын негизги максатынын кайсы өзгөчөлүгү Германия ынкылабынын негизги максатынан айырмаланган?*

*3. Бириккен Италия королдугу кандайча түзүлгөн?*

*4. Германияны бирдиктүү мамлекетке бириктирүүдө Пруссиянын премьер-министри Бисмарктын тарыхый ролун белгилеп бер.*

**Чыгармачыл тапшырма**

Венн диаграммасынын жардамында Германия жана Италиянын тарыхындагы жалпылык жана айырмалуу жактарын талдап, дептериңе жаз.

Интернетте XIX кылымдын 40–60-жылдары аралыгында Германия жана Италия мамлекетине виртуалдуу саякат уюштур. Алган таасирлериңди хронология түрүндө дептериңе жаз.

## 23-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА РОССИЯ

**Экономикалык турмуштун өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү.** Падышалык Россияда крепостнойлук тартиптери коомдун өнүгүүсүнө чоң тоскоол болуп калган. Батыш Европа мамлекеттери жана АКШда машиналашкан өнөр жай өнүгүп жаткан бир мезгилде, Россияда али да мануфактура өндүрүшү өкүм сүргөн эле. Айыл чарбасында болсо али да Орто



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кылымдын крепостнойлук тартиптери жетекчилик кылчу жана ал өнүгүүнүн негизги тоскоолдугуна айланган эле.



Киев Орусиясы мамлекетинде орустар качан христиан динин кабыл алышкан?

**Самодержавие жана крепостнойлукка каршы күрөш.** 1812-жылдагы Франция – Россия согушунда жетишилген жеңиштен кийин да падышалык Россияда самодержавие башкаруу тартиби жана крепостнойлук укугу сакталып кала берген. Бул абал падышалык Россиянын алдыңкы пикирлүү адамдарын аракетке үндөгөн. Алар өз мекенин Еропанын алдыңкы мамлекеттери катарында көрүүнү каалашкан. Мекениндеги иш жүзүндөгү режимди өзгөртпөй туруп, өз тилектеринин ишке ашпастыгын да жакшы билишчү.

Алар самодержавие жана крепостнойлукка каршы так программа менен күрөш баштašкан. Бул күрөш Россиянын тарыхына **«Декабристтер аракети»** аты менен кирген. Декабристтер ак сөөктөрдүн перзенттери болушкан. Алардын бир тобу Россияда республика орнотуунун жактоочулары болушса, экинчиси конституциялык монархияны орнотуунун жактоочусу эле.



**Павел Пестел**

Декабристтер эки жашыруун коом түзүшкөн. Алардан бири **«Түштүк коом»**, экинчиси **«Түндүк коом»** деп аталган. Ар эки коом да Россиянын Конституциясынын долбоорун жаратышкан. «Түштүк коомдун» көрүнүктүү ишмери Мекендик согуштун катышуучусу **Павел Пестел** эле.

Ал түзгөн конституциянын долбоору «Орус акыйкаты» деп аталган. Долбоордо самодержавиени, крепостнойлук укугун жок кылуу жана Россияда республикалык башкаруу усулун киргизүү көздө тутулган. Бардык жарандар үчүн тең шайлоо укугунун негизинде шайлана турган «Элдик вече» Россия парламенти болушу белгиленген.

«Түндүк коомдо» **Никита Муравёв** даярдаган конституциянын долбоору Россияны конституциялык монархия деп жарыялоону көздө туткан. Мүлк цензи негизинде шайлана турган эки палаталуу Элдик Вече жогорку мыйзам чыгаруучу бийлик органы (парламент) болушу керек эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Никита Муравёв**

Декабристтер өз максаттарына козголоң көтөрүү аркылуу жетишүү мүмкүн деп эсептеп, ага даярдана башташкан. Козголоң каза болгон император Александр I нин ордуна иниси Николай I нин тактыга отуруу иш-чарасы өткөрүлө турган күнгө белгиленген. Козголоң декабристтерге туруктуу аскердик бөлүк тарабынан ишке ашырылышы керек эле. Козголоң **1825-жылдын 14-декабрь** күнү башталган, бирок ал ийгиликсиздикке учураган жана императорго туруктуу аскердик күчтөр тарабынан бастырылган.

Декабристтер кыймылынын жетекчилеринен беш киши, анын ичинде, П. Пестел жана Н. Муравёв дарга асылган, калган көпчүлүгү болсо Сибирге сүргүн кылынган. Бирок декабристтер кыймылы изсиз кетпеген. Алар алга сүргөн идеялар Россия коомунун алдыңкы катмарын узак убакытка чейин самодержавие жана крепостнойлукка каршы күрөшкө шыктандырып келген. Декабристтер козголоңу бастырылган соң, мамлекетте реакция күчөгөн. Наарazылык билдирүүнүн, эркин ой жүгүртүүнүн ар кандай көрүнүшү өкмөт тарабынан ырайымсыз түрдө куугунтукталган. Айрыкча, орус адабиятынын алдыңкы өкүлдөрү катуу куугун астына алынышкан.

**Крепостнойлук укугунун кыйрашы. 1853–1856-жылдардагы** Крым согушунда Россия жеңилип калган. Бул жеңилүү Россиянын экономикалык жардылыгынын айынан эле. Россияда крепостнойлук режими качан эле өнүгүүнүн негизги тоскоолуна айланган эле. О.э., бул жеңилүү крепостной укук жоюлмайын, Россияда капитализм тез темптер менен өнүгүшү мүмкүн эместигин да көрсөтүп берген.



**Император Александр II**

Мамлекетте келип чыккан күчтүү наразылык толкунун бастыруу максатында император **Александр II 1861-жыл 19-февралды крепостнойлук укугун жоюу жөнүндөгү мыйзам**га кол койгон.

Мыйзамга ылайык, крепостной дыйкандар түздөн түз эркин болушкан. Мындан ары дыйкандарды сатып алуу, сатуу же башка бирөөгө белек кылууга тыюу салынган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дыйкан эми помещиктин уруксатысыз үй-бүлө куруу, өз алдынча келишим, соода бүтүмдөрүн түзүү, кыймылсыз мүлк сатып алуу жана аны мураска калтыруу өндүү укуктарга ээ болгон.

> **1812-жылдагы** Франция – Россия согушунда Россия жеңген.
> **Декабристтер** Россияда эки жашыруун коом – «Түштүк коом» жана «Түндүк коомду» түзүшкөн.
> **1861-жыл 19-февралды** Россияда крепостной укугун жоюу жөнүндөгү мыйзамга кол коюлган.

Өкмөт дыйкандарды бошотуп, жер берүүгө мажбур болгон. Мындай кылынбаса эл кыжырданышы мүмкүн эле. Мындан сырткары, дыйкандардын негизги салык төлөөчүлөрү болуп калуусу да эсепке алынган. Дыйкандарга берилген жер чек жерлер деп аталган. Өкмөт помещиктин кызыкчылыгын да эсепке алган. Мисалы, помещик өз ыктыярындагы жердин 1/3, чөл аймагында болсо 1/2 бөлүгүн сактап калуу укугуна ээ болгон. Мындан сырткары, дыйкан ушул убакытка чейин өкмөттүн токтомунда белгиленгенден көбүрөөк өлчөмдөгү жерден пайдаланып келген болсо, анын ашыкчасы помещикке өткөрүлөт эле. Мындай жерлер «отрезок» деп аталган.

Дыйкан өзүнө берилген жерге ээлик кылуу үчүн «выкуп» төлөшү шарт эле. Бирок дыйканда «выкуп» үчүн акча болбогондуктан мамлекет тарабынан бериле турган болгон. Дыйкандар бул карызды 49 жылдын ичинде мамлекетке пайызы менен төлөп баруулары шарт эле.

**Реформанын тарыхый мааниси.** 1861-жылдагы реформанын натыйжасында крепостнойлук укугу кыйраган. Бирок реформа дыйкандарды дароо эле бошотпогон. Крепостнойлуктун калдыктары узакка созулган. Натыйжада, Россиянын айыл чарбасында капитализм өтө жай өнүккөн. Ошентсе да, реформа өзгөчө тарыхый мааниге ээ болгон. Алсак, дыйкандар жеке эркиндик жана жарандык укугуна жетишишкен. Экономикада капиталисттик мамилелердин чыңдалышы үчүн кеңири мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттерине караганда кеч болсо да, башталган өнөр жай төңкөрүшү уланган.

**Тышкы саясат.** Россия XIX кылымда да башка ири мамлекеттер катары баскынчылык согуштарын токтотпогон. Мисалы, узакка созулган согуштардан соң, 1864-жылга келип, бүткүл Кавказ Россияга кошуп алынган. Ошол эле учурда, Орто Азияны басып алуу үчүн аскердик аракеттер баштап жиберилген.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

- 1825-жыл 14-декабрда ...
- Выкуп – ...
- 1853-1856-жылдарда ...
- 1861-жыл 19-февралда ...
- 1864-жылы ...

1867-жылда Кокон хандыгы жана Бухара амирлигинин басып алынган аймактарында Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлгөн.

1867-жылда Россия өзүнө караштуу болгон Аляcканы АКШга саткан. Муну менен Россия өз тышкы саясатында барган сайын күчөп бараткан АКШга таянууну пландаштырган эле.

**Маданият.** 1800–1870-жылдары Россиянын руханий турмушунда терең өзгөрүүлөр болгон. Дал ушул доордо Россия дүйнө маданиятынын эң жогорку орундарынан бирин ээлеген. Орус адабиятынын белгилүү өкүлдөрү Александр Сергеевич Пушкин, Лев Николаевич Толстой, Фёдор Михайлович Достоевский ушул доордо чыгармачылык кылган. Алардын чоң чебердик менен жаратылган чыгармалары орус элинин руханий ааламын дүйнөгө тааныткан. А.С. Пушкин заманбап орус адабий тилине негиз салган. Анын «Руслан менен Людмила», «Кавказ туткуну», «Евгений Онегин», «Капитандын кызы» өңдүү чыгармалары Россиянын турмушу менен бирге, орус тилинин да бүтүндөй байлыгын ачыкка чыгарган. А.С. Пушкиндин чыгармачылыгы орус адабиятынын кийинки өнүгүүсүнө чоң таасир көрсөткөн. Л.Н. Толстойдун «Балалык», «Казактар», «Согуш жана тынчтык», Ф.М. Достоевскийдин «Кылмыш жана жаза», «Тентек» өңдүү чыгармаларында орус элинин турмушу, адамдардын ички дүйнөсү өтө чоң чебердик менен ачып берилген. О.э., XIX кылымда чыгармачылык кылган улуу орус акын жана жазуучулардан Михаил Юрьевич Лермонтов, Николай Васильевич Гоголь, Иван Сергеевич Тургеневдин чыгармалары да дүйнөгө белгилүү болгон.

Бул доор орус музыка өнөрүнүн улуу композиторлору Михаил Иванович Глинка жана Пётр Ильич Чайковскийдин аты менен байланыштуу. М.И. Глинканын чыгрмачылыгы XIX кылымдын биринчи жарымында орус музыка маданиятынын эң чокусу болуп, ал орус классикалык музыкасына түптөгөн. Анын эң белгилүү чыгармасы «Руслан менен Людмила» операсы эсептелет. Орус музыка көркөм өнөрүнүн кийинки өнүгүүсү М.И. Глинканын таасири астында калыптанган.

П.И. Чайковский XIX кылым орус маданиятынын ири өкүлү, музыка өнөрүнүн генийи эсептелет. Анын «Евгений Онегин», «Уйкудагы сулуу», «Щелкунчик» өңдүү опералары алигече дүйнө театрларынын сахнасынан түшпөй келүүдө. Бул доор орус сүрөт өнөрүндө Силвестр Фео-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

http://eduportal.uz

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

досьевич Щедрин, Карл Павлович Брюллов жана Илья Ефимович Репин өңдүү улуу сүрөтчүлөр иштешкен. Алардын чыгармачылыгында Россиянын бай табияты жана орус адамдарынын татаал ички дүйнөсү чагылдырылган.

Орус маданиятынын ийгиликтери Россияга дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери катарынан жай алуу мүмкүнчүлүгүн берген.

***Россия Жаңы доордо сезилерлүү ийгиликтерге жетишкенине карабастан, XIX кылымдын 70-жылдарында да ал Европанын эң артта калган мамлекеттеринен бири бойдон калып жаткан эле. Артта калуунун себептери 1861-жылга чейин сакталып калган крепостнойлук укук жана адамдардагы демилгелүүлүк жана ишкердикке тоскоол болуп жаткан эски саясий системанын иштеши эле.***

**Выкуп** – крепостнойлуктан кутулган дыйкандын өзүнө берилген жерди акы төлөөнүн эсебинен сатып алуусу.

**Реакциялык күчтөр** – алдыңкы идеяларды куугунтуктоочу, эски тартиптерди сактап калуу же аларды кайра орнотууга умтулуучу күчтөр.

**Самодержавие** – Россияда падышанын чектелбеген бийлиги.

**Сүргүн** – жаза катары башка жерлерге жөнөтүү.

?!

1. *Тексттен Россиянын экономикалык өнүгүүдө Батыш Европа мамлекеттеринен артта калуу себептерин тап.*
2. *Декабристтер кыймылы өз алдына кандай максаттарды койгон эле?*
3. *Россияда өкүм сүргөн реакция жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Россиянын бийликчил чөйрөлөрү эмне үчүн крепостнойлук укугун жоюуга мажбур болушкан жана ал кандай тартиптерде ишке ашырыла турган болду?*

**Чыгармачыл тапшырма**

XIX кылымда Россия мамлекетинин өнүгүүсүнө мүнөздүү тарыхый жараяндардын жалпы жана айырмалуу жактарын Т-технологиянын негизинде талда жана мамыча түрүндө дептериңе жаз.

Интернетте *XIX кылымдын 40–70-жылдары аралыгында Россия мамлекетине* виртуалдуу саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн тарыхый окуяларды талда.

## 24-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ

**АКШнын экономикалык өнүгүүсү.** Эгемендүүлүк жылдарында АКШда өнөр жай тез темптер менен өнүгүп, XIX кылымдын 30-жылдарында өнөр жай ыңкылабы башталган. XIX кылымдын ортолоруна чейин АКШ,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

негизинен, айыл чарбасына негизделген мамлекет эле. Мамлекеттин түндүгүндө айыл чарбасынын негизин фермер чарбасы түзгөн. Фермерликтин негизин жалданма эмгек түзүп, алар помещиктерге көз каранды болгон дыйкандарга караганда көбүрөөк товар сатуу жана сатып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Америка айыл чарбасына таандык бул касиеттер АКШ экономикасынын тез өнүгүүсүнө жардам берген.

> Орто кылымдарда Америкада неге майя, инк жана кечуа уруулары гана өздөрүнүн мамлекеттерин курушкан?

**Плантация чарбасы.** АКШда чарба жүргүзүүнүн эки системасы узак убакыт уланып келген. Фермерлер чарбасы өнүккөн түндүк штаттарда кулчулук XIX кылымдын башында эле бекер кылынган. Ал эми түштүк штаттарда болсо кулчулукка негизделүүчү плантация чарбасы өкүм сүргөн. Түштүктүн табигый шарттары пахта жетиштирүү үчүн ыңгайлуу эле.

Улуу Британия жана АКШда өнөр жайдын тез өнүгүшү пахтага болгон талапты барган сайын ашырып барган. Улуу Британия фабрикалары АКШдан пахта сатып алууну көбөйткөн сайын кулдарды эксплуатация кылуу күчөгөн. Бул зулум ырайымсыздыгы жагынан крепостнойлуктун эң аянычтуу түрлөрүнөн да коркунучтуу эле.

Ошол эле учурда көптөгөн ак денелүү адамдар, ишчилер, фермерлер, интеллигенттердин алдыңкы катмарлары кулчулуктун жоюлушу үчүн күрөш жүргүзүшкөн. Ушундай түрдө аболиционисттердин кыймылы пайда болгон.

АКШда кулчулукка жек көрүү менен кароочу адамдарын саны барган сайын артып барган. 50-жылдардын аягында атактуу аболиционист, ак денелүү фермер Жон Браун Виржинияда кулдар козголоңун көтөрүүгө аракет кылып көргөн. Ал Аллеген тоосунда жайгашып алып, бул жерден козголонду плантацияларга жайылтууну үмүт кылган. Браун түзгөн куралдуу отряд 22 адамдан турган. Отрядда териси кара 5 киши да бар эле. Жамгырлуу түндө ал курал-жарактар сакталуучу чакан кмпаны басып алууга жетишти. Андан соң Браун коңшу плантациялардагы кулдарды эркиндикке чыгаруу жана кул ээлөөчүлөрдү күрөө катары колго алуу үчүн өз адамдарын жиберген.

Бирок Браун жалпы козголоң көтөрүүгө жетише албаган. Тез арада өкмөттүк кошуун Брауndун куралдуу отрядын жок кылган. Оор жарадар болгон Браун болсо камакка алынган жана асып өлтүрүүгө өкүм кылынган.



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Кул ээлөөчүлөрдүн козголоңу.** Бул доордо АКШда эки партиялуу система да толук калыптанып болгон эле. Республикачылар партиясынын эл арасында эң абройлуу өкүлү Авраам Линкольн (1809–1865) эле. Линкольндун кулчулукка каршы чыгууларын ишчилер, фермерлер, буржуазиянын алдыңкы бөлүгү колдоп-кубаттаган. А. Линкольн шайлоо алды кампаниясын «Өзүңө жер алуу үчүн добуш бер!» урааны астында уюштуруп, жерлерди фермерлерге бекер таратуу жөнүндө мыйзам кабыл алууга убада берген.




**XIX кылымдын 30-жылдарында** АКШда өнөр жай ыңкылабы башталган.
**XIX кылымдын 50-жылдарынын** аягында Жон Браун Виржинияда кулдар козголоңун көтөрүүгө аракет кылып көргөн.


**Авраам Линкольн**

1860-жылы АКШ президенттиги үчүн болгон шайлоолордо республикачылар партиясынын өкүлү **Авраам Линкольн** жеңген. Анын президенттикке шайланышы менен өкмөттө кул ээлөөчүлөрдүн бийлик жүргүзүүсүн жокко чыгарган. Бул болсо кулчулукка каршы күчтөрдүн өтө чоң жана ошол мезгилде тынчтык жолу менен жетишкен саясий жеңиши эле. Алар биринчи жолу өкмөттө бийликти өз колдоруна алышты. Түштүк плантаторлору шайлоодо жеңилүүгө учураган Демократтар партиясынын негизги таянчы эле. Алар мыйзамдуу жолдор менен кулчулукту сактап калууга жетише албастыктарына көздөрү жеткен. Ошондуктан түштүк штаттарда кулчулукка негизделген өзүнчө мамлекет түзүүгө киришишкен жана АКШнын курамынан чыккандыктарын, өз президентине ээ болгон конфедерациясы түзүлгөндүгүн жарыялашкан. О.э., өзүнчө кошуунга да ээ болушкан. Ушундай түрдө түштүк плантаторлору кулчулукту сактап калуу жолунда улуттук кызыкчылыктарга чыккынчылык кылышкан. Эми АКШда жарандар согушу башталышы анык болуп калган.

**Жарандар согушу (1861–1865).** 1861-жылы апрелде Түндүк менен Түштүк ортосунда жарандар согушу башталган. Күчтөр боюнча Түндүк күчтүү эле. Жарандар согушу **1865-жылдын апрелинде** Түндүктүн жеңиши менен аяктаган. Бирок реакциячыл күчтөр жалданма кылмышкердин жардамында А. Линкольнду атып өлтүрүшкөн. Бирок бул кылмыш кулчулукту жоюуга тоскоолдук кыла албаган. **1865-жылы декабрда** АКШда кулчулук жоюлган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**АКШда жарандар согушу**

1866-жылы АКШ Конгресси тарабынан конституцияга түзөтүү киргизилген. Ага ылайык, денеси каралардын жарандык жана саясий укуктары денеси актардыкы менен теңдештирилген.



- 1861-жылы апрелде ...
- Жон Браун Виржинияда – ...
- 1865-жылы декабрда ...

**Жарандар согушунун натыйжалары.** Согушта Түндүктүн жеңип алуусу чоң тарыхый мааниге ээ болгон. Жеңиш мамлекеттин бүтүндүгүн сактап калган. Кулчулук жоюлган жана «Гомстеддер жөнүндөгү» Мыйзам кабыл алынган.

АКШнын батыш жерлердеги да айыл чарбасында капитализмдин өнүгүшү үчүн мүмкүнчүлүк жаратылган. Жеңиш батыш жерлердин кулчулукту жактоочулар тарабынан басып алуу коркунучун жокко чыгарган. Түштүктө да фермерлердин чарбасынын өнүгүшү үчүн кеңири жол ачылган. Тарыхый жеңиш өнөр жай төңкөрүшүн батыраак аяктоо жана Америка өнөр жайынын өнүгүшү үчүн шарт жараткан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Америка адабияты жана көркөм өнөрү.** XIX кылымдын башында АКШнын көпчүлүк эли сабаттуу болгондуктан Инжилди, Уильям Шекспир, Чарльз Диккенс өңдүү англис жазуучуларынын чыгармаларын окушчу. Айрыкча, Даниель Дефо чыгармасынын каарманы Робинзон Крузо Американча жашоо рухуна жакын болгондуктан улуттук адабияттын кийинки багытын белгилеп берген. Табиятты, жергиликтүү индеецтерди өзүнө баш ийдирүү үчүн үзгүлтүксүз күрөш – Америка улуттук адабиятынын негизги темалары болуп калган. Кийинчерээк **Фенимор Купер** «Пионерлер», **Герман Мелвилл** «Моби Дик» чыгармаларында ушул теманы уланткан. Эскилик менен жаңылык, эски жана жаңы дүйнө ортосундагы күрөш темасы Американын **Уольт Уитмен**, **Марк Твен** өңдүү белгилүү жазуучуларынын чыгармаларында, **Генри Лонгфеллонун** ырларында чагылдырылган.

**Сүрөт өнөрү** XVIII кылымда англичандарды тууроодон турган. Бул доордогу **Бенжамин Уест, Жон Копли** өңдүү сүрөтчүлөр портрет жана пейзаж жанрында иштеп, алар Европада белгилүү болушкан. 1850-жылдардан баштап, бир нече сүрөт өнөрү жана музыка мектептери ачылган. Аларда Европа мамлекеттеринен келген сүрөтчү жана композиторлор негизги ролдорду ойноогон.

***XIX кылым АКШ үчүн тез өнүгүү кылымы болгон. Али кылымдын башында мамлекеттин бир бүтүндүгүн сактап калуу үчүн жарандар согушун алып барган эл кылымдын аягына келип дүйнөнүн эң өнүккөн жана күчтүү мамлекеттеринин бирине айланган.***

***Кеңири демократиялык эркиндиктер, укук жана милдеттердин теңдиги, адамдардын ишкердиги жана демилгелүүлүгү үчүн жаратылган мүмкүнчүлүктөр АКШны дүйнөнүн эң кудуреттүү мамлекетине айландырган.***



**Аболиционисттер (бекер кылуу)** – Америкада кулдукту жоюуну жактоочулар.

**Гомстеддер жөнүндөгү мыйзам** – Батыштагы бош жаткан чоң жерлердин корун фермердик чарба жүргүзүүнү каалаган адамдарга акысыз бөлүп берүү жөнүндөгү мыйзам.

**Конфедерация (союз, бирикме)** – анык максат же аракетти ишке ашыруу үчүн бириккен суверендүү мамлекеттердин биримдиги.

**Фермер** – менчик же узак мөөнөткө ижарага алынган жерде айыл чарба азыктарын жетиштирүү менен алектенүүчү айыл чарбасынын ишкери, фермердик чарбанын ээси.

**Плантация чарбасы** – АКШнын түштүгүндө кулдардын эмгегине негизделген ири дыйканчылык чарбасы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. *АКШда болуп өткөн жарандар согушунун себептерин тартип менен дептериңе жаз.*
2. *Эмне үчүн Түндүккө жарандар согушуна киришүү АКШнын экиге бөлүнүп кетүүсүнөн жогору коюлду?*
3. *Түндүктүн жеңишин камсыздоодо президент А. Линкольн кандай рол ойноду?*
4. *Түндүк жетишкен жеңиштин тарыхый мааниси жөнүндө эмнелерди билип алдың?*

**Чыгармачыл тапшырма**

Теманын текстин окуу жараянында сага тааныш эмес болгон сөздөрдү дептериңе жаз жана сөздүктүн жардамында түшүнүктөрдү талда.

Интернетте *XIX кылымда АКШ*га виртуалдуу саякат уюштур жана президент Авраам Линкольндун иш-аракетин талда.

## 25-тема: ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ ЭЛДЕРИНИН УЛУТТУК-БОШТОНДУК КҮРӨШҮ

**Көз карандысыздык үчүн күрөштүн башталышы.** Латын Америкасы мамлекеттери али да Испания жана Португалиянын колониялары болчу. Испаниянын бийликчил чөйрөлөрү колониалисттик зулумун барган сайын күчөтүшкөн. Алсак, Испаниядан жөнөтүлгөн аткаминерлер, генералдар жана башка офицерлер колонияларда чоң байлык арттырышкан. Алар креолдорду теңсинбей карашчу.

Орто кылымдарда кайсы эл Түштүк Америкада Урубамба дарыясынын бассейнинде Куско шаарына негиз салган?

Креолдордун арасында помещиктер, соодагерлер жана дин өкүлдөрү бар эле. Испания аткаминерлери креолдорду колониялардагы жогорку административдик кызмат органдарына жакындатпаган, аларга текеберленип мамиле жасашкан. Креолдор Испания казынасына төлөнө турган оор салыктардан, колонист башкаруучулардын бейбаштыгынан жана Испания администрациясы колониялардын башка мамлекеттер менен болгон соодасына тыюу салып койгондугунан жапа чегишкен. Португалиянын колониясы болгон Бразилияда да кырдаал Испаниянын колонияларынан айырмаланбайт эле.

Колонисттердин зулуму айыл чарбасын жана сооданы дагы да өнүктүрүү үчүн негизги тоскоол болгон. Бул факторлор Испаниянын колониалисттик зулумуна каршы боштондук кыймылын келтирип чы-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**XIX кылымда Латын Америкасы**

гарган. Бул кыймылдын негизги максаты – эгемендүү мамлекеттерди түзүү эле. Креолдордон чыккан билимдүү кишилер, помещиктер, айрыкча, офицерлердин арасында боштондук идеялары кеңири тараган. Колонияларда буржуазия али күчсүз эле.

Ошондуктан креолдордон чыккан ыңкылапчылар боштондук кыймылына башчылык кылышкан. Эгемендүүлүк кыймылынын ишмерлери калк катмарынын – индеецтер, метис жана мулаттардан чыккан дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдүн жана эгемендүүлүк себеп өз тагдырынын жеңилдешүүсүнө үмүт кылган териси кара кулдардын да колдоосуна таянган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Мексикада эгемендүүлүк үчүн согуш.** 1810-жылы колонияларда массалык козголоң башталган. Латын Америкасы элдеринин боштондук күрөшүндө көптөгөн кооз мекенди сүйүүчүлөр жетишип чыккан.

Мексика эли эгемендүүлүк күрөшүнүн ардактуу каармандары **Мигель Идальго жана Хосе Морелос**тун аттарын азыр да урмат менен эске алышат. Айылдын дин кызматкери Идальгону жергиликтүү калк, айрыкча, индеецтер жакшы көрчү. Ал индеецтердин тилин билчү. 1810-жылы Идальго дыйкандардын эң жакыр катмарларына таандык болгон индеецтер менен мулаттарды эгемендүүлүк үчүн күрөшүүгө жана өздөрүнөн тартып алынган жерлерди кайтарып алууга чакырды. Козголоң көтөргөн индеец жана мулаттардан бүтүндөй бир кошуун түзүлдү. Идальго кул ээлөөчүлөргө өздөрүнүн бардык кулдарын он күндүк мөөнөттө эркиндикке чыгарып жиберүүсүн буюрган жана индеец уруулары колониячы администраторлорго төлөп келген олпонду бекер кылган.



Симон Боливар

Испания кошууну козголонду бастырган. Туткунга алынган Идальго болсо атып өлтүрүлгөн. Идальгонун эң жакын катарлашы Морелос анын ишин улантат. Бирок Испаниянын кубаттуу кошууну бул жолу да козголоңчулардан үстөмдүүлүк кылган, Морелос да атып ташталган. Кийинчерээк эгемендүүлүк кыймылына жетекчилик кылууну бай помещиктер өз колуна алышкан. Мексикада эгемендүүлүк үчүн күрөш улантылган.

Акыр-аягында, **1821-жылы Мексика эгемендүүлүккө жетишкен**. Кулчулук жоюлган. Кийинчерээк Мексика республика деп жарыяланган.

**Венесуэланын эгемендүүлүгү.** Венесуэлада эгемендүүлүк согушуна **Симон Боливар** башчылык кылган. Ал Түштүк Америка элдеринин эң атактуу каарманы болгон. Боливар Венесуэлалык бай креол – помещик жана соодагердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Өтө жакшы билим алган Боливар Европа бойлоп сапарга чыккан. «Испания менин мамлекетимди чырмап алган чынжырларды талкалап таштамайынча тынч жата албаймын», – дечү. Боливар Венесуэланын боштондук кошуунун түзгөн.

**1810-жылда** Мексикада массалык козголоң башталган.

**1821-жылда** Мексика эгемендүүлүккө жетишкен.

**Венесуэлада** эгемендүүлүк согушуна Симон Боливар башчылык кылган.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Ал испан кошуундарына каршы алып барган ийгиликтүү согуштары үчүн генерал чинин жана «Куткаруучу» деген ардактуу наамын алган.

Боливар жерлери бар креолдорго гана таянып калбастан, денеси каралар менен индеецтерди да күрөшкө аттандырган. Кулчулук жоюлганын жарыялаган жана ушундай түрдө денеси кара кулдардын бир бөлүгүн өз кошуунуна тарткан. Индеец дыйкандарга болсо согуш бүтөөрү менен, алар өз жерлерине ээ болууларына убада берген.

Боливар Еропанын алдыңкы жамаатчылыгына кайрылып, жардам сураганда, анын чакыруусуна көптөгөн ыктыярдуулар жооп берип, Латын Америкасы элдерине жардам берүүнү чечишкен жана Венесуэлага жетип келишкен. Алардын арасында ирланд, англичан, немец, италян, поляк жана орустар бар эле.

**1811-жылы Венесуэла эгемендүү деп жарыяланган.** Боливар Жаңы Гренаданын Испаниядан көз карандысыз болушуна жардам берген жана Жаңы Гренада Венесуэла менен бириккен. Бириккен мамлекетке Христофор Колумбдун урматына **Улуу Колумбия** деп ат берилген.

Боливар Улуу Колумбиянын президенти кызматын ээлеген. Ал индеецтерге салына турган олпоңду жойгон. Ири помещиктердин жерлерин конфисикациялоо жөнүндөгү мыйзам долбоорун иштеп чыккан.




**XIX кылымдын башында Латын Америкасында түзүлгөн жаңы мамлекеттер**




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок бул иш-чара помещиктердин каршылыгына туш келип, ишке ашпай калган.

Боливар Испаниядан бошотуп алынган бардык Америка республикаларынын конфедерациясын түзүүнү эңсеген. Ыңкылаптын эң кыйын, чечүүчү доорунда Боливар эл менен бирге болгон жана ага чын дилден кызмат кылган. Ошондуктан да ал ири помещиктерге жакпаган.

Алар Боливардын өзүн жок кылууну чечишти. Акыр-аягында ал 1830-жылы отставкага чыгууга мажбур болгон. Боливар өкүнүч менен мындай деп жазган эле: «Ыңкылапка кызмат кылуу – деңизди малалоо менен барабар». Латын Америкасынын элдери азырга чейин атактуу каарман – Америкадагы колониялардын куткаруучусу Боливарды урмат менен эске алышат.



- 1810-жылда ...
- 1811-жылда ...
- 1821-жылда ...
- 1830-жылда ...

**Эгемендүүлүк үчүн күрөштүн аякташы.** Аргентинада эгемендүүлүк үчүн куралдуу күрөш 1810-жылы башталган. Күрөш башталган 25-май күнү тарыхта Аргентина элинин улуттук майрамы күнү болуп калган. Аргентинаны Хосе Сан-Мартин кол башчылыгындагы ыңкылаптык кошуун азаттыкка алып чыккан жана Аргентина эгемендүүлүккө жетишкен.

Кийинки жылдарда Парагвай, Чили жана башка мамлекеттер эгемендүүлүккө жетишишкен. 1822-жылы болсо Бразилия Португалиядан эгемендүү деп жарыяланган. Испания колониячылыгына каршы өз эгемендүүлүгү үчүн күрөшүп жаткан Жогорку Перу мекенди сүйүүчүлөр кошууну Боливардын катарлашы генерал Сукре башчылыгында испан кошуунун талкалаган. Жогорку Перу Испаниянын зулумунан кутулган. Жогорку Перу **С. Боливардын** урматына Боливия деп аталган.



**Хосе Сан-Мартин**

Уругвай да эгемендүү деп жарыяланган болуп, кийинчерээк толук эгемендүүлүккө жетишкен. Ушундай түрдө Латын Америкасындагы эгемендүүлүк үчүн күрөштөрдүн жыйынтыгында Испаниянын бийлигине чек коюлган жана бир кыйла жаңы эгемендүү мамлекеттер түзүлгөн. Испания Куба жана Пуэрто-Рикону гана өз колунда сактап кала алган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бразилиядан тышкары бардык Латын Америкасы мамлекеттеринде республика режими орнотулган. Латын Америкасындагы эгемендүүлүк үчүн күрөштөр эзүүчүлүккө каршы улуттук-боштондук күрөшү жана буржуа ыңкылаптары да болчу.

Бул ыңкылаптарда жергиликтүү эл Испания менен Португалиянын колониялык зулумунан кутулган.

***Эзүүчүлүк доорунда жаратылган чарба акырындык менен капиталисттик чарбага айланып барган. Бирок бул чарба алиге чейин кол эмгегине негизделген, чийки зат экспорту жана чет эл инвестициясына көз каранды эле. 1860-жылдан гана Латын Америкасы мамлекеттеринде экономиканын сезилерлүү өсүүсү байкалган. Европа мамлекеттери капитал, техника киргизип, чарбанын өнүгүшүнө акча сарптай баштаган. Калк, негизинен, эмиграциянын эсебинен тез өскөн. Ири шаарлар – өнөр жай жана маданият борборлору пайда болгон. Коомдо индустриалдык цивилизациянын белгилери даана көрүнө баштаган.***

**Креолдор** – Латын Америкасына баштап көчүп келген испан жана португалдардын урпактары.

**Латын Америкасы** – бул калктын көпчүлүгү сүйлөшө турган испан жана португал тилдери латын тилинин негизинде түзүлгөн мамлекет. Ошондуктан бул термин Түштүк жана Борбордук Америка аймагына карата колдонулат.

**Метис** – Америкада териси ак калкка таандык адамдар менен индеецтердин ортосундагы никеден төрөлгөн муун.

**Мулат** – териси ак жана териси кара адамдардын ортосундагы никеден төрөлгөн муун.

?!

1. *Латын Америкасы кандайча колонияга айланган эле?*
2. *Латын Америкасы мамлекеттеринин улуттук-боштондук күрөшү жана анын натыйжалары жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
3. *Эгемендүүлүк жолундагы согуштардын натыйжасында түзүлгөн улуттук мамлекеттердин тизмесин түз. Аларды картадан тап.*
4. *Боливардын тагдыры эмне менен аяктады?*

**Чыгармачыл тапшырма**


Концептуалдык жадыбалдын негизинде Латын Америкасы мамлекеттеринин өзүнө мүнөздүү жактарын талда.

Интернетте XIX кылымда Латын Америкасы мамлекеттерине виртуалдуу саякат уюштур. Элдик каармандар: Идальго, Морелос, Симон Боливар, Хосе Сан-Мартин, Сукренин иш-аракеттерин талда жана түстүү кластер даярда.

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# V БӨЛҮМ. 1800–1870-ЖЫЛДАРДА АЗИЯ ЖАНА АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

## 26-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА ИНДИЯ

**Улуу Британия колониячылык тартиби.** Улуу Британиянын бийликчил чөйрөлөрү Жаңы кылымда да Индияны толук өз колонияларына айландыруу саясатын улантышкан. Ушул максатта, өкмөт «Индия иштери боюнча көзөмөл кеңешин» түзгөн.

Бул кеңеш Улуу Британиянын Индиядагы колониячылык саясатынын багыттарын белгилеп барган.

Кайсы Дели султаны айыл чарбасын жана кол өнөрчүлүктү өнүктүргөндүгү, терең ойлонгон башкаруусу себеп «элдин колдоочусу» наамын алган?

Натыйжада Улуу Британия парламенти Индияны башкаруу жөнүндө мыйзам кабыл алган. Ага ылайык, «Ост-Индия» компаниясынын Калькутта шаарындагы губернатору Улуу Британиянын Индиядагы бардык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

колонияларынын генерал-губернатору болуп дайындалган. Ушундай түрдө компания иш жүзүндө Индияны башкаруучу колониалист администрациянын аппаратына айландырылган.

Улуу Британия токуучулук өнөр жайы азыктарынын Индияда сатылуусу жергиликтүү токуучу кол өнөрчүлөрдү банкрот кылган. Анткени алардын азыгы сапат жагынан Улуу Британия товарлары менен атаандаша албайт эле. Натыйжада, Индиянын он миңдеген токуучулары ачкачылыкка туш болгон.

«Ост-Индия» компаниясы чоң аскердик күчкө таянат эле. Ал индилердин өзүнөн да жалданма кошуун түзгөн. Бул кошуундун аскери **сыпахий** деп аталган. Кошуунга англичан офицерлери жетекчилик кылышкан.

Индияда ушул кошуун гана индилердин жападан жалгыз уюшкан мекемеси саналган. Компания сыпахийлердин Улуу Британияга сөзсүз баш ийип, кызмат кылуусун каалаган. Колониячылар жергиликтүү калктын улуттук сезим-туюмдарын эсепке алышпаган.

Натыйжада, мына ушул жалгыз уюшкан, сыпахийлерден турган аскердик күчтүн арасында да колониячылык тартиптерден наразылык барган сайын күчөп барган.

**Сыпахийлер козголоңу.** Сыпахийлер козголоңунун башталышына түздөн-түз түрткү болгон себеп кошуунда патрон менен октолуучу мылтыктын киргизилиши болду. Жаңы патрондун үстү майланган кагаз менен капталган болуп, мылтыкты октоодон мурда калың кагазды тиш менен жыртып таштоо керек керек эле. Сыпахийлердин арасында кагаз кабыктын үстүнө сүртүлгөн май уйдун жана чочконун майынын аралашмасынан даярдалган, деген сөз тарап кеткен.




**Индияны** толук өз колониясына айландыруу максатында, англичан өкмөтү «Индия иштери боюнча көзөмөл кеңешин» түзгөн.

**«Ост-Индия» компаниясынын** жалданма кошууну – сыпахийлер индилердин жападан жалгыз уюшкан мекемеси эле.

Индуизм growth динде уй ыйык эсептелет жана анын эти желбейт. Инди сыпахийси уйдун майы сүртүлгөн патронду тиши менен тиштөөнү өз дининин катуу кордолушу, ал эми мусулман сыпахийи болсо чочконун майы сүртүлгөн патронду тиши менен тиштөө ислам дининин аң-сезимдүү түрдө кордолушу (исламда чочконун эти арам саналат) деп кабыл алган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Сыпахийлердин козголоңу**

Натыйжада, алар жаңы патронду алуудан баш тартышкан. Акыры, бул окуя козголоң көтөрүлүүсүнө алып келген.

Козголоң 1857-жылы башталган. Сыпахийлер тез арада Дели шаарын ээлешкен. Алар шахтын сарайына бастырып киришкен, Бахадыршах II инди элин колониячыларга каршы козголоң көтөрүүгө үндөөчү чакырууга кол коюуга мажбур болгон.

**Козголондун бастырылышы.** Улуу Британия Индияга кошумча аскердик күч жөнөтүүгө аргасыз болгон. Андан соң аскердик күчтүн үстөмдүгү Улуу Британия баскынчылары тарапка өткөн.

Британия кошууну козголоңчулар ээлеген шаарларды курчап алып, аларды штурм менен ээлешкен. Эл өзүн баатырларча коргогон. Согуштар көчөлөрдө алып барылган. Колониячылар замбиректерди пилдерге артып, Делиге алып киришкен жана бул тактика согуштун тагдырын чечип койгон.

Козголонду бастыруу маалында үрөй учарлык жырткычтыктар жасалган. Улуу Британия аскерлери кыз-келиндерди, балдарды жана карыяларды аябаган. Колго түшкөндөрдү бир жерге чогулган аламандын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көзүнчө замбиректин оозуна байлашкан жана андан атып, тытып таш-ташкан.

1858-жылы Индия Улуу Британиянын мүлкү деп жарыяланган. Козголоңчулар талкаланган болсо да, колониячылар кээ бир реформаларды жасоого мажбур болушкан. Алсак, жер ээлеринин салыктарды көбөйтүүсүнө тыюу салынган. Жергиликтүү ража (князь)лардын өз жерлерине ээлик укугу кол тийгис деп жарыяланган. «Ост-Индия» компаниясы болсо жоюлган. Индияны башкаруу Британия администрациясынын колуна өткөн.

- Сыпахийлер козголонунун себептери ...
- 1857-жылы ...
- 1858-жылы ...

**Индияда интеллигенция катмарынын калыптанышы.** Улуу Британия өкмөтү козголондон керектүү тыянактарды чыгарган. Мисалы, индилердин илим алууларына жол ачкан. Мектеп, коллеж жана башка окуу жайлары ачылган. Индилер Европа мамлекеттеринин университеттеринде да билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Ушундай түрдө жергиликтүү интеллигенция катмары калыптана баштаган.

Европача маалыматка ээ болгон индилер мамлекеттик кызматка кабыл алына баштаган. Алар аркылуу англис тилинин таралуусу андан да кеңейип барган. Англис тилин үйрөнгөн жана Британияда билим алган жаштар аркылуу инди коомуна Еропанын алдыңкы идеялары кирип келе баштаган.

***Ошентип, XIX кылымдын 70-жылдарына чейин Индиянын экономикалык жана саясий турмушунда маанилүү өзгөрүүлөр болгон. Акырындык менен болсо да, капитализм өнүккөн. Улуттук-боштондук кыймылы пайда болуп, англис колонисттик бийлигине каршы күрөш күчөгөн.***

**Сыпахий (аскер)** – Улуу Британия офицерлери башчылык кылган индилерден түзүлгөн жалданма кошуун.

?!

1. *Индияда орнотулган Улуу Британиянын колониялык тартиптери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Колониячылар Индияны кандайча башкарышкан?*
3. *Сыпахийлер козголоңунун себептерин түшүндүрүп бер.*
4. *Улуу Британия өкмөтү козголоңду бастыруу үчүн кандай аракеттерди жасаган жана козголоңдун тарыхый мааниси эмнелерден турган?*



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Чыгармачыл тапшырма**

Пиримкул Кадыровдун «Жылдыздуу түндөр» романынан «Агра. Жылдыздар куюну» бөлүмүн оку жана «Бабурийлердин Индия тарыхында туткан орду» темасы менен байланыштырып, дептериңе эссе жаз.

## 27-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА КЫТАЙ

**Чин (Син) империясынын күчсүздөнүшү.** XVIII кылымдын аягына келип, империянын колониалдык кудурети күчсүздөнгөн. Экономикалык сенектик жана мамлекеттин калкынын негизги бөлүгүн түзгөн дыйкандардын жакырдануусу аларды козголоң көтөрүүгө мажбур кылган.

Орто кылымдарда Кытайда кайсы династиялар бийлик жүргүзгөн?

Ушундай түрдө Кытай ички карама-каршылыктар ичинде калган. Бийликтеги династия өмүрү бүтүп жаткан режимди бардык иш-чаралар менен сактап калууга умтулган. Алар бардык каршылыктарды ырайымсыздык менен бастырышкан. Бул мезгилде Кытайга Улуу Британия жана Франция соодагерлеринин кирип келиши күчөгөн. Алардын активдүү аракеттери Кытай өкмөтүн тынчсыздандырып койгон. Чет элдиктердин мамлекетке көп кирип келүүсүнүн алдын алуу максатында император 1757-жылы Кытай портторун тышкы соода үчүн жабык деп жарыялады. «Жабык эшиктер» деп аталган бул саясат Кытайды тышкы дүйнөдөн ажыратып коюуга багытталган.

Тышкы соода императордун кызмат адамдарынын көзөмөлү астында Гуанчжоу порту аркылуу гана жүргүзүлө турган болду. Кытайдын өзүн өзү жекелеп коюу саясаты феодалдык тартиптердин сакталуусуна кызмат кылган. Анын экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүсүнө чоң зыян келтирген. Император администрациясы илим жана техника тармагында башка элдердин ийгиликтерин четке кагышкан. Мамлекет түркөйлүк сазына батып калган.

Ушундай бир шартта Улуу Британия өкмөтү Кытайды өз соодагерлери үчүн ачууга бардык мүмкүнчүлүктөрү менен аракет кылган. Чин императорунун кайсарлыгын майтаруу үчүн ага бир шылтоо керек эле.

**Биринчи апийим согушу.** Улуу Британия соодагерлери Индиядан мыйзамга каршы түрдө Кытайга апийим (кара дары) алып кире баштакан. Жергиликтүү Кытай аткаминерлери апийим артылган кербен-



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дерди конфискациялаганына жооп катары Британия өкмөтү апийим жана англичан товарларын алып кирүүнү мыйзамдаштыруу үчүн 1840-жылы Кытайга каршы согуш баштаган. Согуш тарыхка «Биринчи апийим согушу» аты менен кирген. Бул согуш 1842-жылга чейин созулган. Согушта Кытай экономикалык жана аскердик техника жактан жардылыгы себеп жеңилген.



**Апийим согушу. Карикатура**

Согуштун натыйжасында Улуу Британия Гонконг аралын басып алган жана Кытайды чет эл соодагерлери үчүн бир нече портторун ачып коюу жөнүндөгү келишимге кол коюуга мажбур кылган.

Бирок Кытай апийим алып кирүүнүн мыйзамдуулугун таанызбаган.

- 1840-жылы ...
- 1856-жылы...
- Апийим согуштары – бул ...
- Хун Сюцюань – бул ...


**Экинчи апийим согушу.** 1856–1860-жылдары Экинчи апийим согушу болгон. Бул жолу Кытай Улуу Британия жана Франциянын бириккен кошуундарынан кыйратуучу сокку жеген. Алар Пекиндин босогосунда өтө бай казыналарга ээ болгон императордун жайкы сарайына талоончулук кылышкан жана кыйратышкан. Колониячылар Кытайды жаңы, тең болбогон келишимдерди түзүүгө мажбур кылышкан. Чет элдиктерге дагы башка порттор аркылуу да соода жүргүзүүгө уруксат жана жаңы артыкчылыктар берилген. Ошол эле учурда англичан жана француз жарандары Кытайдын аймагында Кытайдын мыйзамдары жана сотуна баш ийүүдөн бошотулган. Эгерде алар кылмыш жасашса, аларды тиешелүү мамлекеттин элчиси ошол мамлекеттин мыйзамдары боюнча соттогон. Деңиз соодасында үстөмдүккө жетишкен Улуу Британия Кытайда баарынан көбүрөөк артыкчылыкка ээ болуп алган. Деңиз жээгиндеги ири шаарларда пайда кылынган атайын кварталдарда чет өлкөлүктөр гана жашачу, Кытайдын бийлик адамдары болсо бул жерлерге кире албаган.

**Дыйкандар козголоңу жана Тайпиндер мамлекети (1850–1864).** Өкмөттүн баш ийүүчүлүк саясаты натыйжасында Кытайдын Европа мамлекеттеринин жарым колониясына айланып баруусу жана феодалдык зулумдун күчөшү жалпы элдин кескин наразылыгына себеп болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Кытайда 1854-жылдагы тайпиндер козголоңу**

Натыйжада, дыйкандар козголоң көтөрүүгө мажбур болушкан. Бул козголоң 1850-жылда мамлекеттин түштүгүндө башталган. Чин династиясы жана феодалдарга каршы күрөш колониалисттерге каршы күрөш менен кошулуп кеткен.

Козголоңго дыйкандын уулу, мектеп мугалими Хун Сюцюань башчылык кылган. Козголоңчулар Янцзы вилаятында «Көктөгүдөй жыргалчылыктын мамлекетин» («Тайпин тянго») курушкан. Анын борбору Нанкин шаары болгон. Хун Сюцюандын оюнча, мындай мамлекеттерде дыйкандар жамааттык тартипте жашоолору, жамаада «эч бир нерседе теңсиздик бобостугу, бардыгынын ток жана кийими бүтүн болушу үчүн жерге ээ болгон түрдө аны чогуу иштетүү, тамак-ашты чогуу тамактануу, кийим-кечени тең бөлүштүрүү, акчаны чогуу сарптоо керек» болчу. Калктын турмушу аскердик тартиптин негизинде курулган. Ар бир үй-бүлөнүн кошуунга бирден аскер жетиштирип берүүсү белгилеп коюлган. Аскердик бөлүктүн башчысы ошол эле учурда бөлүк жайгашкан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аймакта мамлекеттик бийликти да ишке ашырган. Бардык эркектер бир эмгек лагерине, аялдар менен балдар башка жерге жайгаштырылган.

> Биринчи апийим согушу **1840–1842-жылдар**да болуп өткөн.
> Тайпиндер мамлекети **1850–1864-жылдар** аралыгында болгон.
> **1757-жылы** Кытай императору портторду тышкы соода үчүн жабык деп жарыялады.

**Тайпиндердин жеңилиши.** Козголондун жетекчилеринин үмүт-тилектери куру кыял гана болчу. Алардын жерди үй-бүлөгө анын мүчөлөрүнүн санына карай тең бөлүп берүү жөнүндөгү пландары козголондо катышып жаткан жеке менчиктүү катмарларды козголондон алыстаткан. Бул абал тайпин жетекчилери арасында келишпестик келип чыгышына себеп болгон. Жер ала албаган дыйкандар болсо үмүтсүздүккө түшө баштashкан. Бул болсо мамлекеттин аткаминерлерине тайпиндерди талкалоого жардам берген. Өкмөт күч топтоп, чабуулга өткөн. Ага Улуу Британия, Франция жана Америка Кошмо Штаттары жардам беришкен. Бул өнүккөн мамлекеттер Кытайда кризиске тушуккан чин династиясынын бийлиги сакталып калуусунан кызыкдар болгон. 1864-жылы өкмөттүк кошуундар козголоң жетекчилери жайгашкан Нанкин шаарын ээлешкен. Хун Сюцюань өзүн өзү өлтүргөн. Тайпиндер козголоңу бастырылгандан соң чет элдик баскынчылар чин династиясын колдоону улантышкан жана анын дагы жаңы моюн сунууларына жетишишкен.

***XIX кылымдын башында али күчтүү мамлекет саналган Кытай кылымдын ортолоруна келип, Батыш мамлекеттери, кийин болсо АКШ, Россия жана Япониянын да колониалдык кызыкчылыгы туш келген эң орчундуу аймакка айланган. Кытайдын экономикалык жана аскердик жардылыгы анын өз-өзүнчө сакталып калып жаткан улуу мамлекет статусуна карабастан, аны Батыш мамлекеттеринин жарым колониясына айландырган.***

**Апийим (abiyun)** – ургүлөтүүчү, уктатуучу сөзүнөн келип чыккан, күчтүү баңгизат.

*1. Кытай кандайча өнүккөн мамлекеттердин туткунуна түшүп барган?*
*2. «Жабык эшиктер» саясатынан көздөлгөн максат эмне эле жана ал кандай кесепеттерге алып келген?*
*3. Кытайды чет эл капиталы үчүн ачууда апийим согуштары кандай роль ойногон?*
*4. Тайпиндер козголоңу жана анын жеңилүү себептери жөнүндө эмнелерди билип алдың?*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Чыгармачыл тапшырма**

Венн диаграммасы жардамында Кытайда болуп өткөн Биринчи жана Экинчи апийим согуштарынын жалпы жана айырмалуу жактарын талда жана дептериңе жаз.

Интернетте *XIX кылымда Кытай мамлекети*не виртуалдуу саякат уюштур жана Хун Сюцюандын ишмердүүлүгүн талда.

## 28-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА ЯПОНИЯ

**Япониянын күч менен «ачылышы».** XVI кылымда эле Японияда христиан дининин таралуусуна тыюу салынган эле. Өкүмдарлар христиан динин япон элинин улуттук салттарын бузуучу, христиан миссионерлерин баскынчылардын баштапкы тобу деп эсептешкен. Ошондуктан XVII кылымда Япония өкүмдарлары мамлекетти чет элдиктер үчүн жаап коюшкан жана мамлекеттен бардык европалыктарды кууп жиберишкен.

Сёгун бийлиги Японияда кандайча орнотулгандыгын эсте.

Сёгундун указында мындай дейилген эле: «Ушул мезгилден баштап, Японияга чет элдерден эч ким, атүгүл элчилер да киргизилбейт. Өлүм коркунучу да бул указды бекер кыла албастыгы шарт».

Мына ушинтип жыл артынан жылдар өттү. Акыр-аягында, 1854-жылы АКШ аскердик-деңиз флоту Японияны ачылууга мажбур кылды. Ушул жылы АКШ менен Япониянын ортосунда «Тынчтык жана достук жөнүндөгү» Келишимге кол коюлду. Ага ылайык, Япония АКШга эки портун ачкан жана АКШ консулун кабыл алган. АКШдан соң Японияга Европа мамлекеттери да кирип келе башташты. Алардын максаттары Япония базарларын ээлөө эле.

1858-жылы америкалыктарга дагы бир нече порт ачып коюлду. Япониядагы АКШ жарандарына экстерриториалдуулук укугу берилген. Ошол эле учурда АКШ товарларына өтө аз бажы төлөмдөрү белгиленген. Тез арада дал мына ушундай мазмундагы келишимдер Европа мамлекеттери менен да түзүлдү. Чындыгында бул келишимдер Японияны кемсинтүүчү, тең болбогон келишимдер болуп, аскердик жактан кудуреттүү мамлекеттерди колдобостуктун айласы жок эле. Ушундай түрдө Япониянын саясий жана экономикалык жабылуу доору аяктаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Агартуучу башкаруу» доорунун башталышы.** Чет мамлекеттер үчүн «ачылуу» Япониянын экономикасына да терс таасир көрсөтө баштаган. Себеби Япония базарларынын чет өлкөнүн товарлары менен толтурулушу бул жердеги мануфактура жана кол өнөрчүлүк өндүрүшүнө чоң сокку берген. Натыйжада, чет элдиктерди мамлекеттен кууп чыгарууну талап кылуучулардын кыймылы күчөгөн.

Ошол эле учурда самурайлардын сабаттуу бөлүгү жана интеллигенттер Япония чет элдиктер үчүн жаап коюлган жылдарда мамлекеттин өнүгүүсү АКШ жана Батыш Европа мамлекеттеринен артта калгандыгын жакшы түшүнүшкөн. Ошондуктан алар терең реформалар өткөрүү жолу менен Японияны заманбап мамлекетке айландыруу жөнүндө ойлой башташкан.

Императордун жактоочулары Японияны модернизациялоо үчүн күрөшүүчүлөрдүн кыймылынан Сёгун бийлигин жоюу жана императордун бийлигин кайра калыбына келтирүү үчүн пайдаланууну чечишкен.

Ушундай түрдө мамлекеттин күч менен ачылуусу жана Сёгун өкмөтүнүн чет өлкөлөр менен кол койгон теңсиз келишимдери мамлекетте жарандар согушу башталышына түрткү болгон. Сёгун бийлигин кулатуу үчүн жалпы кыймылдын негизги күчүн самурайлар түзгөн. Аларга



**Япондордо шалы актоо жараяны**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

айыл жана шаарлардын бай жана орто катмарлары кошулган. Жарандар согушунун натыйжасында Сёгундун бийлиги кулатылган.

1867-жылы токугава династиясынын акыркы сёгуну **император Муцухитонун** пайдасына жогорку бийликтен баш тарткан. Ушул жылы ага император Мейдзи («агартуучу башкаруу») наамы менен таажы кийдирилген.



**Император Мейдзи**

**Мейдзи реформаларынын башталышы.** Япония үчүн модернизация доору башталган. Өкмөт өз алдына улуттук салттардан баш тартпаган, эгемендүүлүктү толук сактап калган абалда Батыш үлгүсүндөгү Японияны заманбап мамлекетке айландыруу маселесин койгон. Баштап агрардык реформа жүргүзүлгөн. Бул реформа жерди сатуу жана сатып алууга, аны менчик мүлккө айландырууга уруксат берген. Натыйжада, кылымдар бою чоң жер ээлери үчүн кызмат кылып келген дыйкандар чек жерге ээ болушкан. О.э., жер үчүн чоң салык да белгилеп коюлган.

Бул салыктын өлчөмү түшүмдөн алынуучу кирешенин 50 пайызына тең эле. Ошондуктан да реформадан 10 жыл өткөндөн кийин, жер алган дыйкандардын болгону 1/3 бөлүгү гана өздөрүнө берилген жерди колдорунда сактап кала алышкан. Калгандары болсо ижарачыларга айланышкан. Ушундай болгонуна карабай, реформа айыл чарбасында капиталисттик мамилелердин өнүгүшүн камсыздаган.

Администрация тармагында жүргүзүлгөн реформа жергиликтүү княздардын бийлигин жойгон. Княздардын кудуретин сындыруу үчүн баштап алардын жерлеринин бир бөлүгү конфискацияланган. Кийин княздар башкаруу укугунан да ажыратылган. Жерлерде бийлик император дайындай турган губернаторлордун колуна өткөн.

**1854-жылы** АКШ аскердик-деңиз флоту Японияны ачылууга мажбур кылган.

**1858-жылы** Японияда америкалыктарга дагы бир нече порттор ачып коюлган.

**1867-жылы** токугава династиясынын акыркы сёгуну император Муцухитонун пайдасына жогорку бийликтен баш тарткан.

Аскердик реформага ылайык, Японияда жалпы аскердик милдеттеме киргизилген. Самурайлар мурдагы түрүн жоготушкан. Эми алар ту-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

руктуу аскердик кызматта болуу артыкчылыгынан ажыратылган. Европача формадагы жаңы кошуунду түзүү башталган.

Франциядан аскердик адистер чакырылган. Кошуун Европадан сатып алынган заманбап куралдар менен кайра куралдандырылган. Бирок кошуун европача талаптардын негизинде түзүлгөн болсо да, анын идеологиясы япончо болуп кала берген. Мисалы, куралдуу күчтөрдө кызмат кылуучулардын аң-сезимине өз мамлекетинин кызыкчылыгына туруктуулук, императорго берилгендик жана өлүмдү тоотпостук идеялары тақай сиңдирилген. Бул өзгөчөлүктөр «япончо улуттук рухтун» сапаттары, белгилери деп эсептелген.

Мындан сырткары, япондордун аң-сезимине Япониянын күн кудайы Аматерасунун каалоосу боюнча пайда болгондугу, ошондуктан да бул мамлекет Асман жана Жер өңдүү түбөлүк бар экендиги, кудай Аматерасу сыяктуу мээримдүүлүк императорго да мүнөздүү экендиги, анын эч качан айыптуу болушу мүмкүн эместиги айтылган. Императорго туруктуулук мекенди сүйүүнүн жогорку үлгүсү экендиги, япондордун башкалардан үстөмдүүлүгү, улуттун улуу милдети өңдүү идеялар да андан да кем болбогон чыдам менен сиңдирилип барылган. Ошол эле учурда Батыш мамлекеттеринин кысымына каршы туруу үчүн бардык Азия мамлекеттери Япония императорунун бийлиги астында биригүүсү керек экендиги жөнүндөгү идеялар да унутулбаган.

Бул идеяларды жаштардын аң-сезимине сиңдирүүдө ибадатканa, кошуун жана мектептердин ишине чоң көңүл бурулган. Бул идеялар келечекте Япониянын Азия чөлкөмүндө алып барган кең көлөмдүү баскынчылык согуштарын идеологиялык жактан даярдоо жараянында маанилүү роль ойногон.

- 1854-жылда ...
- Аматерасу – бул ...
- 1867-жыл ...
- Япондордун аң-сезимине ... чыдам менен сиңдирилип барылган.

**Экономикалык өнүгүүнүн жаңы өзгөчөлүктөрү.** Мейдзи реформалары мамлекетте феодалдык бытырандылыкка чек койгон. Натыйжада, бирдиктүү япон ички базары пайда болгон. Мамлекетте бирдиктүү акча бирдиги – ийена киргизилген. Өкмөт өндүрүштү өнөр жайлаштыруу маселесине Японияны анын ички иштерине чет өлкөлөрдүн аралашуу коркунучунан коргоочу негизги фактор деп караган. Ошондуктан да мамлекеттин өнөр жай ишканаларынын курлушуна демөөрчүлүк кылган. Негизги өнөр жай ишканалары мамлекеттик каражаттар эсебинен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

курулган, кийинчерээк алар жеңилдиктердин негизинде түрдүү фирмаларга сатылган же ижарага берилген. Мамлекет ишкердикти ар тараптуу колдоп-кубаттаган. Мейдзи реформалары тарыхка «Мейдзи ыңкылабы» аталышы менен кирген.

***XIX кылым, айрыкча, анын экинчи жарымы Японияда капитализмдин тез өнүгүү доору болгон. Ал Мейдзи ыңкылабынан соң салттуу цивилизациялык мамлекеттердин ичинде биринчи болуп индустриалдык өнүгүү жолуна кирген, капиталисттик өнүгүү үчүн шарт жаратылган, конституция кабыл алган, саясий партиялар пайда боло баштаган, укуктук мамлекеттин белгилери пайда болгон.***

**Модернизация** – заманбапташтыруу.

**Экстерриториалдык укук** – чет эл жарандарынын өздөрүнүн, үй-жайынын жана байлыгынын кол тийгистиги, о.э, жергиликтүү мамлекеттин сотунун аларды соттой албастыгы.

*1. Эмне себептен АКШ жана Европа мамлекеттери үчүн Японияны «ачылууга» мажбурлоо керек эле?*
*2. Японияда сёгун бийлиги кандайча кулатылган?*
*3. Император Мусухито жүргүзгөн реформалар жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
*4. Мейдзи реформаларынын Япониянын өнүгүүсүндөгү туткан ордуна баа бер.*

**Чыгармачыл тапшырма**

Япондордун аң-сезимине чыдам менен синдирилип барылган идеяларды талда жана дептериңе жаз. Заманбап Япониянын өнүгүүсүндө «Япончо улуттук рухтун белгилери» темасында эссе жаз.

Интернетте *XIX кылымда Япония мамлекети*не виртуалдуу саякат уюштур жана Япония модернизациясынын белгилерин мамыча абалына келтирип, дептериңе жаз.

Темага байланыштуу «Сёгун» көркөм фильмин көр жана жыйынтык чыгар.

## 29-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА КОРЕЯ

XIX кылымдын башында бийликтен сыгып чыгарылган ак сөөктөр бийлик тобуна каршы согушка даярданышкан. Ли бийлик династиясына каршы бай жер ээлөөчү Хон Гён Не башчылыгындагы эң ири куралдуу козголоң болуп өткөн. Алар баштап жетишкен бир топ ийгиликтерине карабастан, акыр-аягында жеңилип, ырайымсыз жазаланган. Туткунга



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алынган Хон Сён Не өлтүрүлгөн. Козголондун бастырылышы мамлекетте наразылыктарды токтото албаган. 1813-жылы Жежудо аралында дыйкандар жана балыкчылардын козголоңу болгон. Кийин бир топ кургакчылык жылдары келген, аларда ачкалыктан жана оорудан көп адамдар кырылып кеткен.

Ли Сон Ге качан ли династиясына негиз салган эле?

Кореяны ачкалык жана холера эпидемиясы курчап алган. Шаарларда ач калгандардын бир нече козголоңдору болгон.

**XIX кылымдын 30–60-жылдарында Корея.** XIX кылымдан корейс коомунун бардык системаларындагы кризис дагы да курчуган. Ички саясий карама-каршылыктар себеп күчсүздөнгөн ли династиясы кризиске учураган. Ушундай мезгилде мамлекетке Кореяны чет өлкөлөр үчүн ачуу жана аны колонияга айландырууга умтулуп жаткан капиталисттик мамлекеттер кооп салып жаткан эле. Бул кооп баштап европалык христиан миссионерлеринин активдүүлүгү артканы менен мүнөздөлөт.

1831-жылы Рим папасы Корея епископтугу түзүлгөндүгүн жарыялады. 1832-жылы Корея жээктери жакынында пайда болгон кеме Улуу Британиянын атынан соода мамилелерин орнотууну сунуштады, бирок кашы жооп алган. Бул арада христиан чиркөөсү миссионерлеринин өкүлдөрү Кореяга жашыруун кирип келип, өз иш-аракеттерин алып ба-



**Суу ташуучулар. Корея. XIX кылым**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

рып жатышкан эле. Алар, негизинен, француз миссионерлери эле. Бул миссионерлердин христиан динин кабыл алган корейстер менен чогуу өлтүрүлүшү Кореяга француз аскердик кемелери жиберилиши үчүн шылтоо болду. Аскердик күчтөргө таянган французадар миссионерлердин өлүмү үчүн олпоң катары Кореянын портторун ачууну талап кылышкан. Бирок сүзүү ийгиликсиз болду – эки кеме Корея жээктери жакынында тайыздыкка отуруп калган.

Кытайдын чет өлкөлөр үчүн зордук-зомбулук менен «ачылышы» жана манжурлардын кудуреттүү Батыш мамлекеттерине баш ийиши Кореянын бийлик чөйрөлөрүнө өтө чоң таасир көрсөткөн. Сеулдук өкүмдарлар мамлекетти тышкы дүйнөдөн дагы да катуураак жана дагы да толугураак бөлүп коюу жолуна өтүшкөн.

- 1831-жылы ...
- 1832-жылы ...
- Ли династиясы кризисинин себептери – бул ...

XIX кылымдын ортолорунда Кореядагы ички кырдаал элдин кыжырлануусунун артып барышы менен мүнөздөлөт. Миссионерлерден бири өз жашыруун кабарында: «Кичине бир учкун ушундай бир өрттү келтирип чыгарышы мүмкүн дейсиз, атүгүл анын кесепетин эсепке алууга да болбойт», деп жазган.

Ачарчылык абалды дагы да оордотуп жиберген. Дыйкандардын көптөгөн козголондору көтөрүлдү, бирок алардын бардыгы бийлик тарабынан ырайымсыздык менен бастырылган. Бул арада капиталисттик мамлекеттердин Кореяга басымы да күчөгөн. Айрыкча, американыктар бир нече жолу Корея портторун өздөрү үчүн «ачууга» жана теңсиз келишимдер түзүүгө урунуп көрүшкөн.

Бирок алардын бардык урунуулары корейстердин катуу каршылыгына учураган жана ишке ашпаган.

1863-жылы 12 жаштагы Ли Цзе Хван Король Кожон наамы менен тактыга отургузулган. Бийликти убакытылуу **тевонгун** (аким) болгон анын атасы Ли Ха Ин ээлеп алды. Тевонгун эң маанилүү мамлекеттик кызматтарга өз адамдарын коюп алган **норон** (аксакалдар) ак сөөктөр партиясынын зордук-зомбулугуна чек койгон. Ал, атүгүл дворян болбогон катмарлар – соодагерлер, өзүнө ток майда жер ээлеринин айрым өкүлдөрүнө да мамлекеттик кызматка кирүү мүмкүнчүлүгүн түзгөн. Кореянын мурда чечүүчү таасирге ээ болгон ак сөөктөрүнүн кудурети бир топ начарлаган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жөнөкөй адамдар төлөй турган аскердик салык бардык катмарлар үчүн милдеттүү үй башы салыгы менен алмашкан. Ак сөөктөр менен жөнөкөй элди «теңдештирүү» максатында эл үчүн кара түстүү бут кийим кийүүгө тыюу салынган. Жаңы падышалыктын аброюн ашыруу үчүн тевонгун XVI кылымда японлор баскыны учурунда күйүп кеткен Кёнбоккун сарайын кайра курдурган.

**1813-жылы** Жежудо аралында дыйкандар жана балыкчылардын козголоңу болуп өткөн.

**XIX кылымдын ортолорунда** Корeядагы ички кырдаал элдин кыжырынын артып барышы менен мүнөздөлөт.

**1863-жылы** Кореяда бийликти тевонгун, б.а. аким наамы менен белгилүү Ли Ха Ин ээлеген.

Бирок Корея бийлик катмарларынын заман талаптарына ылайык экономикалык реформаларды жүргүзбөгөндүгү, мамлекетти тышкы дүйнөдөн бөлүп койгондугу Корея экономикасынын начар абалда калышына себеп болгон.

Бул болсо, акыр-аягында, Кореянын Япониянын колониясына айланып калуусуна алып келген.

***Кореяда жер ээлери жана аткаминерлердин бийлигин чыңдоо максатында ишке ашырылган өзгөртүүлөр мамлекетте феодалдык системанын терең кризисин токтото албаган. Европанын мыкты идеяларын кабыл алган интеллигенциянын бир бөлүгү христиан миссионерлеринин таасирине түшүп калган. Мамлекет Кытай, Япония, Россия жана Европа мамлекеттеринин колониалдык объектине айланып барган.***

1. *XIX кылымдын башында Кореяда болгон козголоңдордун себебин түшүндүрүп бер.*
2. *Кореянын күчсүздөнүшүндө миссионерлер кандай рол ойногон?*
3. *Кореяда бийликти аким Ли Ха Ин качан ээлеген?*
4. *Кандай факторлор Кореянын экономикасын начар абалга салып койгон?*

**Көркөм-тарыхый чыгарма менен иштөө боюнча тапшырма**

n.ziyouz.com сайтынан Чыңгыз Айтматовдун «Чыңгызхандын ак булуту» повестин көчүрүп алып оку жана алган таасирлериңди дептериңе жаз.

XIX кылымдагы Корея мамлекетинин тарыхый жараяндарын кластер түрүнө келтир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 30-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА ОСМОНИЙЛЕР ИМПЕРИЯСЫ

**Мамлекеттик режим.** Осмонийлер империясы сөз кылып жаткан доордо да абсолюттук монархия болуп, Орто кылымдарга мүнөздүү аскердик мамлекеттин белгилери толук сакталып калган. Мамлекетти укугу эч нерсе менен чектелбеген султан башкарган. Дал ушул анын зулумга негизделген бийлиги жана жаңылыкты кабыл алууга таптакыр даяр эместиги коомдун өнүгүүсү жолундагы негизги тоскоолдукка айланган. Элдин дин өкүлдөрүнөн башка бардык мамлекеттик кызматчылары султандын кулу эсептелген. Албетте, мамлекетте реформаларды өткөрүүгө аракеттер да болгон. Бирок алар ашынган дин ишмерлери жана колониалист чет мамлекеттердин каршылыгы себеп ишке ашпай кала берген.

Кичи Азиядагы Салжукийлер мамлекети качан талкаланып кеткен?

**«Чыгыш маселеси».** XVIII кылымдын аягына келип, Еропанын күчтүү мамлекеттери Осмонийлер империясынын күчсүздөнүп калгандыгынан пайдаланып, анын колония аймактарына көз арта башташкан. Бул аймактар географиялык жана саясий жактан чоң мааниге ээ, табигый байлыктарга, чийки заттарга бай өлкөлөр эле.

Улуу Британия, Франция, Австрия жана Россия бийлик чөйрөлөрүнүн ар бири бул өлкөлөрдөн мүмкүн болушунча көбүрөөк олжону колго киритүүгө умтулушкан. Европа мамлекеттеринин Осмонийлер империясына көз каранды өлкөлөрдү ээлеп алуу үчүн өз ара күрөштөрү тарыхка «Чыгыш маселеси» деген ат менен кирген. Улуу Британия жана Франция империяны өз таасиринде кармап туруууга умтулушкан.


**Түрк аскерлери. XIX кылым**

Ал эми Россия болсо, Түркияга көз каранды болгон Балкан жарым аралында бекем орношуп алууга жана Кара деңиздин Босфор жана Дарданелл булундарын, о.э., Стамбул шаарын колго киритүүгө умтулган.

**Чыгыш маселесинин курчушу.** Еропанын өнүккөн мамлекеттеринде капиталисттик өндүрүштүн өнүгүүсү жаңы чийки зат өлкөлөрүнө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

болгон талапты дагы да арттырып жиберген. Бул окуя алардын Түркия колониялары үчүн болгон күрөшүн дагы да күчөткөн. Империя элдеринин улуттук-боштондук күрөшүнөн Европа мамлекеттери Түркиянын ички иштерине кийлигишүү куралы катары пайдаланган. Мисалы, 1827-жылы Лондондо Улуу Британия, Франция жана Россиянын ортосунда Түркияга көз каранды Грецияга автономдук укугу берилүүсүн көздө тутуучу келишимине кол коюлган.

Франция болсо 1830-жылы Алжирди басып алган. Султан өкмөтүнүн мындай удаалаш ийгиликсиздиги расмий түрдө Түркияга көз каранды Египеттин өкүмдары Мухаммед Алинин баш көтөрүүсүнө себеп болгон.

> **Улуу Британия, Франция, Австрия жана Россия** бийлик чөйрөлөрүнүн ар бири Түркиядан мүмкүн болушунча көбүрөөк олжону колго киритүүгө умтулушкан.
>
> **1830-жылы** Франция Алжирди басып алган.

Мухаммед Али султан кошуунун жеңгенден соң, Стамбул шаарына жол ачылды. Султанды кырсыктан Россия сактап калган. Түпкү максаты – биринчиден, Кара деңиз булуңдары жана Стамбул шаарын колго киритүү болгон Россия үчүн күчтүү Мухаммед Алиден күчсүз султандын бийлиги ыңгайлуу эле.

Экинчиден, Мухаммед Алинин жеңиши аны колдоп-кубаттап жаткан Франциянын да жеңишине тең эле. Буга жол берүүнү каалабаган Россия Түркия султанына өз жардамын сунуштады.

Россия флотунун кысымы менен Мухаммед Али өз кошуунун Египетке кайтарып алып кеткен. Эми Россия – Түркия ортосунда жакындашуу боло баштаган. Буга Улуу Британия жана Франция, чындыгында, чыдап тура алышпайт эле. Эми алар Мухаммед Алини колдоп-кубаттай башташты.

Мухаммед Али болсо өз бийлигин мурас кылып калтыруу укугун султандан талап кылган. Бул талап жаңы согуштун башталышына шылтоо болду. Согуштун натыйжасына көрө, 1840-жылы Мухаммед Али Египет жана Суданды башкарууну мурас кылып калтыруу укугун колго киргизген.

**Империянын жарым колонияга айланышы.** Европа мамлекеттери Түркиянын ички иштерине кийлигишүүнү барган сайын күчөтүшкөн. 1853-жылы Россиянын Түркияга баш ийген өлкөлөрдө бекем орношуп алууга умтулуусу алардын ортосундагы согушту келтирип чыгарган. Бул



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Крым согушу**

согуш Россия тарыхына **«Крым согушу»** (1853–1856) деген ат менен кирген. Согуш башталышы алдынан Россия падышасы Николай I султандан Россияны Түркияга баш ийген өлкөлөрдө жашоочу бардык православ элдери, о.э., христиандыктын Палестинадагы ыйык зыярат жайлары үстүнөн демөөрчү деп кабыл алууну талап кылган. Улуу Британия жана Франция Түркия султанын бул талапты четке кагууга үндөштү. Натыйжада, Россия – Түркия согушу башталган.

Согушта Улуу Британия, Франция жана Түркия үчтүк союзу жеңди. Бирок бул жеңиш Түркиянын Улуу Британия жана Францияга болгон көз карандылыгын дагы да күчөттү. Согуштун натыйжасында 1856-жылы кол коюлган Париж Тынчтык келишими Түркиянын үстүнөн иш жүзүндө Батыш мамлекеттеринин «демөөрчүлүгүн» орнотту. Чет элдиктерге Түркияда жер жана башка кыймылсыз мүлктөр сатып алууга уруксат берилген. Чет мамлекеттерге берилген концессиялар кепилдикке алынды. Ушундай түрдө Түркиянын жарым колонияга айлануусу үчүн жол ачылды. XIX кылымдын 60-жылдарына келип, колониячы мамлекеттер Түркияда анын саясатын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү экономикалык жана саясий беделге ээ болуп алышкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Мына ошентип, мамлекеттеги жарды социалдык жана саясий система себеп империя акырындык менен чирий баштаган. Империя жана ага баш ийген аймактарда эгемендүүлүк үчүн күрөш күч алды. Түркиянын чет мамлекеттерден карызы өтө көбөйүп кеткен. Ушундай түрдө бир мезгилдер дүйнөнүн 3 материгинде чоң-чоң колонияларга ээ болгон Түркия эми Еропанын күчтүү мамлекеттеринин жарым колониясына айланды.***

- 1827-жылы ...
- 1830-жылы ...
- 1853-жылы ...
- Россия – Түркия согушунун башталуу себеби – бул ...

**Концессия (латынча – уруксат, болушуу)** – мамлекеттин ишканаларын, мүлкүн белгилүү бир мөөнөткө чет эл капиталына берүү жөнүндөгү келишим.

?!

*1. Осмонийлер империясынын мамлекеттик режими жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
*2. «Чыгыш маселеси» кандай маселе эле жана ал кандайча пайда болгон?*
*3. «Чыгыш маселесинде» Европа мамлекеттеринин ортосундагы күрөшкө баа бер.*
*4. Осмонийлер империясы кандайча жарым колонияга айланган?*

**Көркөм-тарыхый чыгарма менен иштөө боюнча тапшырма**

n.ziyouz.com сайтынан Жалалиддин Румийдин «Көңүл көзүңдү ач» чыгармасын оку. Өз алдынча «Осмонийлер империясынын кризисинин себептери» темасында эссе жаз.

Осмонийлер империясынын тарыхый жараяндарын хронология түрүнө келтир.

## 31-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА ИРАН ЖАНА ООГАНСТАН

**Мамлекеттик режим.** Иран XIX кылымда да абсолюттук монархия болуп, шах чектелбеген укукка ээ эле. Бүткүл бийлик анын колунда болгон. Шахтын алдында жашыруун кеңеш түзүлгөн болуп, анын курамына **садри аазам, амин-ад-давла, министр (вазир), хаким башы** жана **шайхулислам** кирген.

Сафавийлердин мамлекети баштап кайсы аймакта түзүлгөн эле?



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мамлекет вилаяттарга бөлүнгөн, аларды **бектербеги** башкарган. Тактын мураскоруна Азербайжан да берилген болуп, анын резиденциясы Табриз шаарында жайгашкан болчу. XIX кылымга келип, Чыгышта бийликти өз колуна алуу үчүн күрөш жүргүзүп жаткан Улуу Британия жана Франциянын Иранга кызыгуусу күчөгөн. Кавказда өз бийлигин орнотуу үчүн Россия менен 1826–1828-жылдары болгон согуштарда Иран жеңилген жана Кавказга болгон талабынан баш тарткан.

**Ирандын Улуу Британия базарына айлануусу.** Россия менен согуштагы жеңилүү жана анын кесепеттери Ирандын бийлик чөйрөлөрү ортосунда кескин нааразылык келтирип чыгарган. Натыйжада, Ирандын бир топ вилаяттарында ири жер-мүлк ээлери башчылыгында шахка каршы козголоң көтөрүлгөн. Улуу Британия Ирандын оор абалынан пайдаланып, аны тең болбогон келишимге кол коюуга мажбур кылган. Ага ылайык, Улуу Британия Иран менен соода-сатык иштеринде чоң артыкчылыктарга ээ болуп алган. Натыйжада, ал Ирандын базарларын өзүнүн жеңил өнөр жай азыктары менен толтуруп таштаган. Бул болсо, өз кезегинде, жергиликтүү дыйкандарды, кол өнөрчү жана соодагерлерди банкрот кылган. Ушундай түрдө Иран ири колониячы Улуу Британиянын өнөр жай азыктары сатыла турган базарына айланып калган. Бул мамлекетте акчага болгон талапты арттырып жиберген.

Натыйжада, мамлекеттик аппараттагы кызмат орундарын сатуу жана сатып алуу абдан күчөгөн. Вилаят акимдери, ири жер-мүлк ээлери мамлекеттик казынага салык төлөбөй койгон. Бул факторлор мамлекеттин эмгекчил катмарлары арасында кескин нааразылыктын келип чыгышына себеп болуп, акыры, 1848-жылы козголоң көтөрүлүшүнө алып келген. Бул козголоң тарыхка «Баабийлер козголоңу» аты менен кирген.




**XIX кылымда** Иран Россия менен болгон согуштарда жеңилген жана Кавказ арты аймактарына болгон талабынан баш тарткан.

**1848-жылда** Иранда баабийлер козголоңу башталган.

**Баабийлер козголоңу.** Козголоң шахтын режимине, зулумуна жана жерге ээлигине каршы багытталган эле. Козголондун катышуучулары, негизинен, кол өнөрчүлөр, майда соодагерлер, шаардын кедейлери жана шаар айланасында жашоочу дыйкандар эле. Козголондо дин кызматкерлеринин төмөнкү катмары да катышкан.

Козголоңчулар баабийлик окуусунун жактоочулары эле. Бул окуунун негиздөөчүсү саййид Али Мухаммад болуп, өзүнө Бааб («Чындык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана адилеттиктин жолуна алып чыгуучу эшик») ылакабын кабыл алган болчу. Баабийлик термини ушул ылакаптан келип чыккан.

Козголоң 1850-жылдын ортолоруна чейин уланган. Аскердик жактан үстөм болгон шахтын кошууну баабийлер козголоңун бастырган. Ал эми Али Мухаммад өлтүрүлгөн.

**Иран – Улуу Британия согушу.** Улуу Британия Ирандын күчсүздөнүп калганынан пайдаланмакчы болгон. Орто Азиядагы хандыктарга таасир көрсөтүүдө Герат шаарынын чоң мааниге ээ экенин унутпаган Улуу Британия Иранды расмий түрдө Гератка болгон талабынан баш тартууга мажбур кылган. Бирок 1856-жылы Иран Герат шаарын басып алган. Буга жооп катары Улуу Британия Иранга согуш жарыялаган. Бул согушта Иран жеңилген.

1857-жылы Улуу Британия менен Ирандын ортосунда Париж Тынчтык келишими түзүлгөн. Келишимге ылайык, Иран Герат жана Ооганстандын башка аймактарына болгон талабынан таптакыр баш тарткан.



- 1826–1828-жылдарда ...
- Иранда шахтын алдында жашыруун кеңештин курамы – бул ...
- Париж Тынчтык келишимине ылайык, ...

Париж Тынчтык келишими Улуу Британиянын Ирандагы таасирин сезилерлүү даражада өсүүсүнө кызмат кылган.

**Ооганстан. Көз карандысыздык үчүн күрөш.** XVI кылымдан баштап, оогандар Иран сафавийлерине каршы узак жылдар бою күрөш алып барышкан. 1709-жылы Кандагар вилаятында Иран баскынчылыгына каршы кезектеги козголоң көтөрүлдү. Козголоңго оогандардын гилзаий уруусунун ханы Амир Вайсхан башчылык кылган. Анын аскердик бөлүгү Кандагар шаарын ээлеген.

**Ооганстан – Иран мамилелери.** Кыска убакыт ичинде Кандагар кудуреттүү хандыкка айланган. Ал 1722-жылы Ирандын борбору Исфаханды да ээлеген жана Амир Вайсхандын уулу Амир Махмуд өзүн Ирандын шахы деп жарыялаган. Эми Иран көз карандысыздык үчүн күрөш баштаган. Бул күрөшкө Иран кошуунунун кол башчыларынан бири Надыр Кулу жетекчилик кылган. Иран ооган баскынчыларынан толук куткарылган.

1736-жылы Надыр Кулу Надыршах деген ат менен Ирандын шахы деп жарыяланган. Ал ошол эле учурда чоң баскынчылык согуштарын да алып барган. Ооганстанды да баш ийдирген. Ооганстанды кол астында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кармап туруу үчүн Ирандан көптөгөн аскерлер үй-бүлөлөрү менен Кабул жана башка шаарларга көчүрүп келтирген.

**Ооганстан мамлекетинин түзүлүшү.** 1747-жылы Надыршах өлтүрүлгөндөн соң, империя да ураган. Ооганстан мамлекетинин түптөлүшү үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

- 1709-жылда ...
- 1722-жылда ...
- 1736-жылда ...
- 1747-жылда ...

1747-жылы ооган уруу хандарынын жыргасы (кеңеши) оогандардын абдалы уруусунун башчысы Ахмадханды Ооганстандын шахы деп жарыялаган. Ахмадшах кыска убакыт ичинде мамлекеттин аймактарын бириктире алган.

Бул жеңиштердин эсебине ал өзүнө «Дурри дурон» даражасын кабыл алган жана абдалы уруусунун атын **дурраний** деп өзгөрткөн.

Борбордук бийликке баш ийбөө аракети жана басып алынган өлкө элдеринин тынымсыз козголондору натыйжасында дурранийлер династиясынын бийлиги начарлаган. Ахмадшахтын мураскорлору бул эки факторго каршы канча күрөшүшсө да, аларды жоё алышпаган.

**Дурранийлер династиясы бийлигинин аякташы.** Ошол эле учурда мураскорлордун ортосундагы такты үчүн күрөш да күчөгөн. Мындан башка уруулардын хандары пайдаланып калууга умтулушкан. Мисалы, бараказайлардын башчысы Фатххан такты үчүн күрөштө али бул мураскорду, кийин башкасын колдоп, мамлекетте премьер-министр кызматын ээлеп алган жана бүтүндөй мамлекеттин иштерин иш жүзүндө өз колуна чогултууга жетишкен.

Ал ири аскердик башчылардан бири, иниси Дост Мухаммадхандын жардамына таянчу. Алар Ооганстандын дээрлик бардык ири вилаяттарынын акимдерин өздөрүнө караштуу кишилерди дайындоого жетишкен. Узакка созулган өз ара күрөштөрдөн соң 1826-жылы Дост Мухаммадхан Ооганстандын тактысын ээлеген жана өзүн амир деп жарыялаган. Ушундай түрдө дурранийлер династиясынын бийлиги жоюлган. Мамлекетте баракзайлар династиясынын бийлиги орнотулган. Бул династиянын өкүмдары амир Дост Мухаммадхан бүтүндөй Ооганстанды бирдиктүү мамлекетке бириктирүү жана аны күчтүү мамлекетке айландырууга аракет кылган.

**Биринчи англис — ооган согушу (1838—1842).** Ооганстан географиялык жактан маанилүү стратегиялык аймакта жайгашкандыктан бул мам-



http://eduportal.uz
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лекеттин аймагында Улуу Британия менен Россиянын кызыкчылыктары кесилишкен. Улуу Британия Ооганстанды өз таасир чөйрөсүнө алуу максатында ага кол салган. Кыска убакыт ичинде Кабул шаарын ээлеген. Тактыга дурранийлер династиясынын өкүлү Шужу отургузулган. Бирок эркиндикти сүйүүчү ооган элин баш ийдирүү оңой эмес эле.



**Ооганстан Россия менен Англиянын курчоосунда. Карикатура**

Кабулдун калкы козголоң көтөргөн. Бул козголондо Дост Мухаммадхандын уулу Акбаршах чоң роль ойногон. Улуу Британия кошуунy командачылыгы бардык аскердик бөлүктөрүн Ооганстандан алып чыгып кетүү жөнүндөгү келишимге кол коюуга мажбур болду.

1842-жылы Улуу Британиянын кошууну Ооганстандан чыгып кеткен. Ушундай түрдө биринчи ооган – англис согушу Улуу Британиянын жеңилүүсү менен бүткөн. Дост Мухаммадхандын амирлик бийлиги кайра калыбына келтирилген.




**1747-жылы** абдалы уруусунун башчысы Ахмадхан Ооганстандын шахы деп жарыяланган.

**1826-жылы** Дост Мухаммадхан Ооганстандын тактысын ээлеген.

**1842-жылы** Улуу Британиянын кошууну Ооганстандан чыгып кеткен.

**1843-жылы** «Ост-Индия» компаниясы Индиянын Синд вилаятын да баш ийдирген.

Улуу Британия менен жаңы согуштун келип чыгышын каалабаган Дост Мухаммадхан 1855-жылы англис – ооган достук келишимине кол койгон. 1857-жылы Улуу Британия менен Ооганстандын ортосунда аскердик келишим да түзүлгөн.

Бул келишим Улуу Британия үчүн Ооганстанды вассал мамлекетке айландыруу жолундагы биринчи кадам болгон.

1863-жылы Дост Мухаммадхан каза болгондон соң, анын уулдарынын ортосунда такты үчүн күрөш күч алды. Ооганстанда өз кызыкчылыгына ээ болгон Улуу Британия менен Россия анын ички иштерине аралашпастыгын билдирди.

1870-жылы Ооганстан колония да, көз каранды мамлекет да эмес эле. Бирок анын чек араларына түштүк-чыгыштан Улуу Британия, түндүктөн болсо Россия барган сайын жакындашып келаткан эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***XIX кылымда Иран күчтүү улуттук армияга, борбордук мамлекет аппаратына жана бирдиктүү салык системасына ээ эмес эле. Иран Россия жана Улуу Британиянын аймактагы баскынчылык аракеттерине каршылык кыла албаган.***

***Мамлекеттин ичкерисиндеги реформаларга ашынган диний көз караш жана ага негизделген мамлекеттик режим, социалдык институттардын начар өнүккөнү тоскоолдук кылып жаткан эле. Натыйжада, Иран күчтүү мамлекеттердин жарым колониясына айландырылган.***

***Улуу Британиянын бир нече жолку аракеттерине карабастан, Ооганстан өз көз карандысыздыгын сактап калган. Бирок, таң калыштуусу, өз эгемендигин сактап калган күчтүү мамлекеттердин таасири өтө чектелген Ооганстан өнүгүүнүн эң артында калып кеткен. Ал XIX кылымдын аягында да уруулук-жамааттык мамилелери жана натуралдык чарба сакталып калган мамлекеттерден бири эле.***

**Садри аазам** – премьер-министр.
**Амин ад-давла** – финансы жана ички иштер министри.
**Хакимбашы** – сарайдын башкы дарыгери.
**Дурри дуран** – берметтердин бермети.
**Жырга** – кеңеш.

?!

1. *Ирандын мамлекеттик режими жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
2. *Кандай факторлор баабийлер козголоңун пайда кылган?*
3. *Иран кандайча Улуу Британиянын таасир чөйрөсүнө түшүп калган?*
4. *Ооганстанда дурранийлер династиясынын бийлиги кандайча аяктаган?*
5. *Эмне үчүн Улуу Британия Ооганстанды басып алууга же өзүнө вассал мамлекетке айландырууга жетише албады?*
6. *Амир Дост Мухаммадхан Улуу Британия жана Россияга карата кандай саясат жүргүзгөн?*

**Чыгармачыл тапшырма**

Темага байланыштуу негизги түшүнүктөрдү сөздүктүн жардамында англис тилине котор жана дептериңде жадыбал түрүндө түшүр.

Интернетте *XIX кылымда Иран жана Ооганстан*га виртуалдуу саякат уюштур. Иран жана Ооганстандын тарыхындагы окшош жана айырмалуу жактарды аныкта. Дептериңде Т-технологиянын негизинде талда.

http://eduportal.uz



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 32-тема: 1800–1870-ЖЫЛДАРДА АФРИКА ЭЛДЕРИ

**Материктеги абал.** Африка элдери XIX кылымда социалдык-экономикалык өнүгүүнүн түрдүү баскычында жашашкан. Алсак, Эфиопия, Египет, Тунис, Марокко, Судан жана Мадагаскар өңдүү мамлекеттерде феодалдык монархия орногон болсо да, кээ бирлеринде дагы эле общиналык жамааттык режим сакталып калган эле. Уруулар көчмөн жашоо мүнөзүнө ээ болуп, алардын чакан топтору өздөрү үчүн конкреттүү түрдө белгиленген аймактын чегинде гана аңчылык жана термечилик менен алектенишкен. Алар айыл чарбасын, металлга иштөө берүүнү жана металл эмгек куралдарынан пайдаланууну билишпеген.

Мали мамлекетинин тарыхында VIII кылым, XI кылым, XIII кылымдарда кандай тарыхый окуялар болгон эле?

Батыш Африкадагы **Гана** жана **Мали** мамлекеттери эң байыркы мамлекеттер болуп эсептелген. Африкада айыл чарбасы өнүккөн элдер да жашашкан. Алар, негизинен, кофе, жер жаңгак жана какао жетиштиришкен.

**Африканын бөлүп алынышы.** Чоң табигый байлыктарга ээ болгон Африка Еропанын күчтүү мамлекеттеринин көңүлүн бурбастан калган эмес. Европа мамлекеттеринин баскынчылыгы Африка элдеринин турмушун кескин өзгөртүп жиберген. Салттуу соода байланыштары үзүлгөн. Жергиликтүү өндүрүш бүлгүнгө учураган. Африкалыктарды кул кылып сатуу XIX кылымдын ортолоруна чейин уланган. Мунун натыйжасында материктен миллиондогон адамдар сатып жиберилген. Португалиянын колониялары болгон Ангола жана Мозамбик эң маанилүү кул соодасынын базарлары болгон. XIX кылымдан баштап, материктин ички бөлүктөрүн да колонияга айландыруу башталган. XIX кылымдын аягына келип, материктин аймагынын 90 пайызы колониалисттердин колуна өткөн. Булардан эки мамлекет – **Либерия** жана **Эфиопия** гана өз эгемендүүлүгүн сактап кала алган.

**Африкада эгемендүү Либерия мамлекетинин түзүлүшү.** Анын түзүлүшү АКШда кулчулукка каршы күрөш менен байланыштуу. 1816-жылы АКШда эркиндикке жетишкен денеси кара кулдарды Африкага жайгаштыруу кыймылы башталган. Натыйжада, 1821-жылы Гвинея жээктеринен 13 миң квадрат километр жер аянты сатып алынган. Ал жерде Монровия (АКШ Президенти **Монронун** атынан алынган) жергеси



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Европалык кул сатуучулар кемеде африкалык кулдарды алып кетүүдө**

түзүлгөн жана Американын мурдагы денеси кара кулдарынын бир бөлүгү бул жерге жайгаштырылган. Жайгашып алган бул мурдагы кулдар жерлерин барган сайын кеңейтип барышкан.

1847-жылы болсо Либерия эркин мамлекети түзүлгөндүгү жарыяланган. Бул мамлекетте Батыш Европа жана Түндүк Америкадагы алдыңкы тартип-эрежелер киргизилген. Либерия Улуу Британия жана Франциянын ортосундагы атаандашуудан чебердик менен пайдаланып, өз эгемендүүлүгүн сактап кала алган.


**Эфиопия.** XIX кылымда да Эфиопияда Орто кылымдагы мамилелер үстөмдүүлүк кылган. Ал бир нече княздыктардын союзунан турган мамлекет эле. Алардын ар бири өз кошуунуна ээ болчу. Бул княздыктар үстүртөн гана борбордук бийликти тан алышкан. Европа мамлекеттери ошол фактордон пайдаланууга аракет кылышкан. Мамлекетти чет өлкөлүк душмандардын басып алуу коркунучу барган сайын күчөгөн.

Мына ушундай бир шартта Эфиопиянын саясат майданына чакан жер ээсинин уулу **Касса** чыккан. Касса Эфиопияны бирдиктүү мамлекетке бириктирген жана 1855-жылы өзүн император деп жарыялаган. Ал жакшы аскердик даярдык көргөн кошуун түзө алган. Ири феодал-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Африканын бөлүп алынышы**

дарды өз кошуунуна ээ болуу укугунан ажыраткан. Мамлекетте экономиканы өнүктүрүүгө каратылган бир топ реформаларды өткөргөн. Император жарандарды өздөрү мурда алектенген иштерин улантууга чакырган.

> **Эфиопия, Египет, Тунис, Марокко, Судан жана Мадагаскар** өндүү мамлекеттерде феодалдык монархия орногон.
>
> **Гана жана Мали мамлекеттери** Батыш Африкадагы эң байыркы мамлекеттер болуп эсептелет.
>
> **Африкада эки мамлекет** – Либерия жана Эфиопия гана өз эгемендүүлүгүн сактап калган.
>
> **1847-жылы** Либерия эркин мамлекети түзүлгөн.

Бирок анын реформалары ири феодалдар жана чиркөөнүн каршылыгына учураган. Улуу Британиянын кийлигишүүсү менен 1867-жылы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кассанын бийлиги кулаган. Бирок Улуу Британия Эфиопияда бекем орношо албаган.

Эфиопия элинин өзгөлөргө көз каранды болбостук жолундагы эрки Улуу Британиянын аракеттерин жокко чыгарган. Ушундай түрдө Эфиопия да өз эгемендүүлүгүн сактап калган.

**Түштүк Африканын колонияга айландырылышы.** XIX кылымдын башында Улуу Британия Түштүк Африкадагы Кап колониясын басып алган. Колониянын калкы бурлар (bur – дыйкан) деп аталган. Алар француз, немец жана голланддардын тукуму эле.

Бурлар эми ал жерден көчүүгө аргасыз болушкан. Алар жаңы жерде эки мамлекет түзүшкөн. Алардан бири эркин Оранж Республикасы, экинчиси болсо Трансвааль деп аталган. Бурлар жергиликтүү элге карата өтө ырайымсыз мамиледе болушкан.

**Франциянын колониялары.** Египетте XVIII–XIX кылымдардын чегинде мамлюк аскерлери жана жергиликтүү калк мамлекетке бастырып кирген Наполеон Бонаparттын башчылыгындагы француз кошуунуна каршы күрөштө катышкан. Француз кошуундарынын бирди-жарым калган бөлүктөрү жеңилгенден соң египеттиктер Улуу Британиянын кошуунун кууп чыгуу үчүн күрөшүшкөн. Расмий түрдө Египет Осмонийлер империясынын жогорку бийлигинин астында болсо да, иш жүзүндө дээрлик толук эгемендүүлүктү сактап калган эле.

Франция 1830-жылы Алжирди басып алган. Алжир эли француз колониячыларына кескин каршылык көрсөткөн. Колонизаторлорго каршы улуттук-боштондук күрөшүн алып барган. Бул күрөштө алжирликтердин жол башчысы Абдулкадыр өзгөчө рол ойногон.

1847-жылы Абдулкадырдын кошууну курчап алынган жана талкаланган. Абдулкадырдын өзү курман болгон. Бирок улуттук-боштондук күрөшү токтоп калбаган. Алжирликтер узак жылдар бою колонизаторлорго каршы улуттук-боштондук күрөшүн алып барышкан.

Марокко эли мамлекеттин ичине кирип барган португал, испан жана француз колониячыларына ийгиликтүү түрдө каршылык көрсөткөн. Франция Инд океанында Мадагаскар аралын басып алууга бир нече жолу урунуп көргөн, бирок ийгиликсиздикке учураган.



- Египетте XVIII–XIX кылымдардын чегинде ...
- 1867-жылы ...
- Абулкадырдын иш-аракети ...
- XIX кылымдын 90-жылдарында ...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Колониячылар Африканын аскердик-техникалык жактан жардылыгынан, анын элдери бытырандылыгынан, уруулардын ортосундагы өз ара карама-каршылыктардан чебердик менен пайдаланышкан.

XIX кылымдын 70-жылдарында Африканын ичиндеги чоң аянттар али европалыктарга дээрлик белгисиз эле.

Бул аймактардын Европа мамлекеттери ортосунда колония катары бөлүштүрүлүшү XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында аяктаган.

***XIX кылым Африка материгин Европа мамлекеттери тарабынан колонияга айландыруу доору болду. Кылымдын аягына келип, Африканы басып алуу, негизинен, аяктады. Өз мекенин жана эгемендүүлүгүн коргогон жүз миңдеген африкалыктар колониячылар менен болгон теңсиз согуштарда курман болушкан. Колониячылар болсо материктин табигый байлыктарын талоо, калкын ырайымсыз эксплуатациялоонун натыйжасында чексиз байлыктар арттырып, Еропаны өнүктүрүүгө салым кошушкан.***

**Мамлюктар** – негизинен, кулдукка айландырылган Грузия жана Түндүк Кавказ эли.

**Бурлар** – Түштүк Африкадагы голланд, француз жана немец колониячылардын урпактары.

1. *Африка материгиндеги элдердин социалдык-экономикалык өнүгүүдө башка материктин элдеринен артта калып кеткендигинин себептери жөнүндө өз ойлоруңду дептериңе жаз.*
2. *Африка кандайча колонияга айландырылган?*
3. *Африка элдеринин улуттук-боштондук кыймылы жөнүндө эмнелерди билип алдың?*
4. *Алжир элинин француз колониячыларына каршылык кыймылын ким башкарган?*

**Чыгармачыл тапшырма**

Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин колонияларга айландырылышы жана алардын улуттук-боштондук күрөшү жараянынын жалпы жана айырмалуу жактарын салыштыр. Бардык маалыматтарды дептериңде татаал кроссворд түрүнө келтир.

Темага тиешелүү Питер Абрахамстын «Мүрзөдөгү гүлчамбар» романын оку жана алган таасирлериңди эссе түрүндө дептериңе жаз.



http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КОРУТУНДУ

***Ардактуу окуучу!*** Сен дүйнө тарыхынын Жаңы доорунун 1870-жылга чейинки болгон баскычынын окуялары менен тааныштың. Бул доордо Европа жана Түндүк Америка мамлекеттеринде Орто кылымдык тартиптер акырындап Жаңы доор менен, феодалдык тартиптер жаңы, буржуача жашоо мүнөзү менен алмашкандыгын көрүп чыктык.

Экономикалык, саясий, социалдык, руханий жана маданий турмушта жаңы өзгөчөлүктөр пайда болгон.

Саясий тармакта чоң өзгөрүүлөр – абсолюттук монархиянын жана улуттук мамлекеттердин калыптануу жана чыңдалуу жараяндары болуп өткөн. Ошол эле учурда Батыш Европа жана Түндүк Америка мамлекеттеринде укуктук мамлекет жана жарандык коомдун баштапкы белгилери пайда болгон.

Адамдын руханий дүйнөсүндө да өзгөрүүлөр болуп өткөн. Илим жана маданияттын жаңы ийгиликтери адамдардын жашоосуна кирип барган. Университет жана мектептердин саны арткан, үйлөрдө китептер, газеталар пайда болгон. Натыйжада, адамдар акырындап диний догмалардын таасиринен кутула баштаган. Диний аң-сезимдин бийлиги сакталып калган жерлерде да эми аны реформалоо зарылдыгы жөнүндөгү идеялар пайда болгон.

Европада XVII–XVIII кылымдардын көз караштары катары **Гуманизм**, **Реформация** жана **Агартуучулук** идеялары калыптанган. Ар бир кезектеги окуу өзүнөн мурдагысынын мыкты идеяларын сактап калган жана алардын бардыгы инсандын «жашоого, эркиндикке жана мүлккө» болгон укуктарын камсыздоого умтулган.

Бирок Латын Америкасы, Азия жана Африка элдеринин өз азаттыгы, кадыр-баркы жана көз карандысыздыгы үчүн күрөшү да, аларда демократиялык түшүнүктөрдүн калыптануусу да дал ушул Жаңы доордо башталган.

Ушул мааниде, Европа жана Түндүк Америкада XIX кылымда жеңген индустриялдык цивилизация жана анда камтылган жалпы инсандык баалуулуктар дүйнөдөгү бардык элдердин күрөшүнүн мазмунуна айланган.

Бул күрөш жараяны жана анын натыйжалары менен сен кийинки класстарда таанышасың.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАЗМУНУ

Киришүү. Жаңы доордун башталышы........................................................................3

### I БӨЛҮМ. ЕВРОПАДА ЖАҢЫ ДООРДУН КАЛЫПТАНЫШЫ

*1-тема:* Улуу географиялык ачылыштар жана алардын тарыхый мааниси...............7
*2-тема:* Жаңы доордун башында Батыш Европа мамлекеттеринде индустриялдык коомдун калыптанышы.........................................................................13
*3-тема:* Европада Реформация ........................................................................18
*4-тема:* Батыш Европада Жаңы доор маданиятынын калыптанышы.........................22

### II БӨЛҮМ. XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА ЕВРОПА ЖАНА АМЕРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

*5-тема:* Англияда королдук бийликтин күчөшү. XVII кылымдагы Англия буржуа ыңкылабы ........................................................................28
*6-тема:* XVI–XVIII кылымдарда эл аралык мамилелер..........................................34
*7-тема:* Францияда абсолюттук монархия. Улуу француз буржуа ыңкылабы .......37
*8-тема:* Улуу француз буржуа ыңкылабынын аякташы жана тарыхый мааниси.......................................................................................42
*9-тема:* XVI–XVIII кылымдарда Германия империясы..........................................45
*10-тема:* XVI–XVIII кылымдарда Россия империясы............................................49
*11-тема:* XVIII кылымда Түндүк Америка. Америка кошмо штаттарынын түзүлүшү..........................................................................................................54
*12-тема:* Илим кылымы........................................................................................59

### III БӨЛҮМ. XVI–XVIII КЫЛЫМДАРДА АЗИЯ ЖАНА АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

*13-тема:* XVI–XVIII кылымдарда Азия мамлекеттери өнүгүүсүнүн негизги өзгөчөлүктөрү......................................................................................................65
*14-тема:* XVI–XVIII кылымдарда Кытай.................................................................69
*15-тема:* XVI–XVIII кылымдарда Индия.................................................................73
*16-тема:* XVI–XVIII кылымдарда Япония жана Корея...........................................79
*17-тема:* XVI–XVIII кылымдарда Осмон-Түрк империясы ....................................84
*18-тема:* XVI–XVIII кылымдарда Иран...................................................................88
*19-тема:* XVI–XVIII кылымдарда Африка мамлекеттери......................................... 92



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## IV БӨЛҮМ. 1800–1870-ЖЫЛДАРДА ЕВРОПА ЖАНА АМЕРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

*20-тема:* 1800–1870-жылдарда Улуу Британия....97
*21-тема:* 1800–1870-жылдарда Франция....101
*22-тема:* 1800–1870-жылдарда Германия жана Италия....107
*23-тема:* 1800–1870-жылдарда Россия.... 110
*24-тема:* 1800–1870-жылдарда Америка Кошмо Штаттары....115
*25-тема:* Латын Америкасы элдеринин улуттук-боштондук күрөшү....120

## V БӨЛҮМ. 1800–1870-ЖЫЛДАРДА АЗИЯ ЖАНА АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

*26-тема:* 1800–1870-жылдарда Индия....126
*27-тема:* 1800–1870-жылдарда Кытай.... 130
*28-тема:* 1800–1870-жылдарда Япония....134
*29-тема:* 1800–1870-жылдарда Корея....138
*30-тема:* 1800–1870-жылдарда Осмонийлер империясы.... 142
*31-тема:* 1800–1870-жылдарда Иран жана Ооганстан.... 145
*32-тема:* 1800–1870-жылдарда Африка элдери.... 151
Корутунду....156

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**RAHMON FARMONOVICH FARMONOV,**
**USMON TOSHPO'LATOVICH JO'RAYEV,**
**SHUHRAT ERGASHEVICH ERGASHEV**

# JAHON TARIXI

## (XVI–XIX asrning 60-yillari)

***Umumiy o'rta ta'lim maktablarining***
***VIII sinf o'quvchilari uchun darslik***

Qayta ishlangan va to'ldirilgan to'rtinchi nashri

Cho'lpon nomidagi nashriyot-matbaa ijodiy uyi
Toshkent – 2019

*(Qirg'iz tilida)*

*Которгон* ***Айнура Зулпихорова***
*Редактору* ***Бегайым Кадырова***
*Көркөм редактору* ***Мафтуна Ваххабова***
*Техникалык редактору* ***Елена Толочко***
*Оператор* ***Гүлчехра Азизова***

Лицензия номери AI № 163. 09.11.2009. Басууга 2019-жыл 12-июлда уруксат берилди. Фоматы 70×90 $^{1}/_{16}$. Times KAZ гарнитурасы. Офсеттик басма. Кегли 11. Шарттуу басма табагы 11,70. Эсеп басма табагы 9,72. Тираж 811 нуска. Келишим № 86–2019. Буюртма № 19-148.

Оригинал макет Маалымат жана массалык коммуникациялар агенттигинин Чолпон атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө даярдалды. 100011, Ташкент, Наваий көчөсү, 30. Телефон: +998-71244-10-45. Факс: +998-71244-58-55.

Маалымат жана массалык коммуникациялар агенттигинин «O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100011. Ташкент, Наваий көчөсү, 30.

**Фармонов Р.**
Ф 88 Дүйнө тарыхы: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин VIII классы үчүн окуу китеби/ У. Жораев жана б. – Т.: Cho'lpon атындагы БПЧҮ, 2019. – 160 б.
ISBN 978-9943-05-656-5

**УЎК 372.893=512.154(100)(075)**
**КБК 63.3(0)я721**

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал***

| № | **Окуучунун** аты жана фамилиясы | **Окуу** жылы | **Окуу китебин** алган кездеги абалы | **Класс** жетекчи-синин колу | **Окуу китебинин** тапшырылып жаткандагы абалы | **Класс** жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

***Окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат:***

| | |
|---|---|
| **Жаңы** | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| **Жакшы** | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизги бөлүгү-нөн ажыралган эмес.<br>Бардык барактары бар жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| **Канааттандырарлык** | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн бир аз ажыралган, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген.<br>Кээ бир беттерине сызылган. |
| **Канааттандырарлык эмес** | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыралган же бүтүндөй жок, канааттандырарлык даражада калыбына келтирилбеген.<br>Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип, боёп ташталган. Окуу китеби пайдаланууга жараксыз. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE